82.3(2Ки)
Б 15


## Советбек Байгазиев

# "МАНАС"

## ЭПОСУНУН РУХАНИЙ, АДЕПТИК-ФИЛОСОФИЯЛЫК, ПАТРИОТТУК УЛУУ ДӨӨЛӨТТӨРҮ ЖАНА ПЕДАГОГИКАЛЫК АСЫЛНАРКТАРЫ

Бишкек – 2014

***Бул эмгек «Манас» трилогиясын жалпы адамзаттык баалуулук катары ЮНЕСКОго расмий каттатууда улуттук масштабдагы атуулдук-патриоттук эрдик жасаган кыргыздын чыгаан уулу Карганбек Самаковго арналат.***



82.3(2Кы)
Б 18

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ
БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

Советбек Байгазиев

# "МАНАС" ЭПОСУНУН РУХАНИЙ,АДЕПТИК-ФИЛОСОФИЯЛЫК, ПАТРИОТТУК УЛУУ ДӨӨЛӨТТӨРҮ ЖАНА ПЕДАГОГИКАЛЫК АСЫЛНАРКТАРЫ

Манастаануунун I томдугу

(Жогорку окуу жайлары,
мектеп мугалимдери жана тарбиячылар үчүн)

Ч/3№2
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
ИЛИМИЙ
КИТЕПКАНА
ИНВ № 13026/1

Бишкек-2014

УДК 398
ББК 82.2(2Ки)
Б 18

Кыргыз билим берүү академиясынын
Окумуштуулар Кеңеши басмага сунуш кылган

**Рецензенттер:**
Акматалиев Абдылдажан-Кыргыз улуттук илимдер академиясынын академиги
Бектур Исаков –Кыргыз Республикасынын Эл мугалими

**Байгазиев Советбек.**
**Б 18 “Манас” эпосунун руханий,адептик-философиялык, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык асылнарктары: – Б.: 2014 – 600 б.**

**ISBN 978-9967-08-463-6**

Профессор С.Байгазиевдин Манастаануу боюнча илимий эмгектеринин бул I томдугунда улут сыймыгы-улуу “Манас” эпосунун улуттук жана дүйнөлүк мааниси, анын руханий,адептик-философиялык, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык асылнарктары, ошондой эле, эпосту окутуунун проблемалары, Манас рухунун нугунда өсүп келе жаткан муундарды социалдаштыруу, аларды мекенчилдикке, дастандын патриоттук-гуманисттик идеалдарынын оңутунда тарбиялоо маселелери тууралуу кенен жана терең сөз жүрөт.

**Б 4604000000-14**

**ISBN 978-9967-08-463-6**

**УДК 398**
**ББК 82.2(2Ки)**
**© Байгазиев С., 2014**

# БИРИНЧИ БӨЛҮМ:

# АДАМЗАТ МАДАНИЯТЫНЫН АЖАЙЫП КЕНЧИ



4/3 N2
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
ИЛИМИЙ
КИТЕПКАНА
ИНВ № 13026/1

# УЛУУ "МАНАСТЫН" УЛУТТУК ЖАНА ДҮЙНӨЛҮК МААНИСИ

## 1.Дүйнөлүк эпостордун Хан-Теңир тоосу

"Манас" - көлөмү жагынан гректердин атактуу "Илиадасы" менен "Одиссейинен" 20 эсеге, Индиянын даңктуу "Махабхаратасынан" эки жарым эсеге, "Шах-намеден" 5 эсеге чоң, жер жүзүнүн эң зор дастаны, дүйнөлүк эпостордун "Хан-Теңир тоосу" жана эң бийик "Эвересті." "Манас" кыргыз элинин кылымдарды, доорлорду карыткан, "Тоо бузулуп сай болгон, сай козголуп тоо болгон, аты калып өзү жок, ар канча деңиз жоголгон" узак тарыхынын өзүнчө бир поэтикалык улуу "аэропанорамасы" сыяктуу. Калктын алмустактан берки өмүр-баянын ыр менен баян эткен кучак жеткис эпопея, ичине ааламды батырган поэзия храмы. Бул улуу көркөм казына бүтүндөй Азиянын географиясын, көз жеткис мейкиндерин, андагы түркүн этносторду, калайык-калктарды кучагына алуу менен бирге кыргыз элинин турмуш-тиричилигин, аң-сезимин, тилин, дилин, жан дүйнөсүн, этнопсихологиясын, эркиндик, көз карандысыздык үчүн жүргүзгөн каармандык, баатырдык күрөшүн, элдин жеңиштери менен трагедиясын, жакшылык күн, жаркын келечек үчүн каруусун казык, башын токмок кылган аракет-мээнетин өз ичине камтып турат. Бекеринен Чокан Валиханов эпосту кыргыз турмушунун "**энциклопедиясы**" деп атаган эмес. Бул элдик поэтикалык энциклопедия кыргыздын керемет кол-өнөрчүлүгүн, көркөм искусствосун, коомдук түзүлүшүн, экономикалык чарбачылыгын, согуштук-аскердик өнөрүн, спорт оюндарын, башка калктар менен болгон дипломатиялык байланыштарын, эл-аралык достук мамилелерин, демократиялык жөрөлгөлөрүн, укуктук-мыйзамдык заң-эрежелерин, этикасы менен эстетикасын, каада-салттарын, диндик ишенимдерин, мифологиясын, философиясын, астрономиясы менен медицинасын, педагогикасын, илим-билим түшүнүктөрүн, Ала-Тоонун жаратылышын, анын флорасы менен фаунасын, улуттун патриоттук идеологиясын, бир сөз менен айтканда, ак калпак калктын бүтүндөй этнологиялык маданиятын кучагына алып турган өзүнчө бир кайталангыс укмуштуу маданий кубулуш.

"Манас" эпосу **"элдин бүткүл турмушунун жана калктын баардык умтулуштарынын поэтикалык чагылышы"** (Василий Радлов). Бир жагынан караганда, "Манас" элдин турмуш -тарыхын чагылдырган эпос, экинчи жагынан караганда, ал эпос деген алкакка, аныктамага сыйбаган өзүнчө бир чалкыган турмуш деңизи, эч нерсеге окшобогон, сөздөн бүткөн универсалдуу феномен.

Дүйнөдө теңдеши жок ыр океаны –"Манас" байыркы ак калпакчан, калктын ташкындаган таланттын ээси экенин, Ала-Тоо журтубуз поэзиянын мекени, оозунан ыр кумдай куюлуп, таруудай чубурган манасчылардай ыр пайгамбарларынын түнөгү экендигин кашкайта тастыктап турат.

## 2. "Манас" эпосунун жалпы адамзаттык универсалдык дөөлөтү

"Манас" эпосубуз дүйнөлүк аренада көлөм жагынан гана бөтөнчөлөнбөстөн, ошону менен бирге өзүнүн түбү терең дайрадай орошон мазмуну, обологон бийик ойлору, орчундуу идеялары, омоктуу философиялык нускалары, жалпы адамзаттык деңгээлдеги рухий-ыймандык дөөлөттөрү, гуманисттик кенчтери менен да өзгөчөлөнөт. Сюжеттик өзөгү кечээки жоокердик замандын баш-аягы түгөнбөгөн катаал кагылыш-кармаштарына, кандуу казаттарына, каардуу окуяларына шыкалып турса да, "Манас" акылмандыкка чулганган эпос. Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык Ассамблеясы 1994-жылы 5-октябрда:**"Манас" эпосунун Орто Азия чөлкөмүндөгү элдерди эзелки тарыхтан бери эле бириктирүүнүн жана байланыштыруунун турмуштук негизги түйүнү экендигин, эпос адамзаттын көптөгөн идеялары менен баалуулуктарын таркатууга шарт түзөөрүн, жалпы адамзаттык мурасты байытууга, эл аралык кызматташуу жана өз ара түшүнүшүү мамилесин чыңдоого кошо турган салымын эске алуу менен, 1995-жылды кыргыздын улуттук "Манас" эпосунун миң жылдыгы майрамдалчу жыл деп жарыялайт"**– деп токтом чыгаргандыгын эске түшүрөлү. БУУнун Токтомунда "Манастын" мазмундук тереңдиги жана анын нарк-дөөлөттөрүнүн жалпы адамзаттык мааниси мына ушундайча баса белгиленген.

НГУ им. С. Нааматова
Проведено инвентаризация №1
" " 20 г.

Дастандын жалпы адамзаттык мүнөздөгү идеялык кенчтеринин айрым бир аспектилерине токтоло өтүүнү каалаласак, анда төмөнкүлөрдү белгилешибиз керек.

Белгилеп кете турган нерсе, "Манастын" рухий казынасынын дүйнөлүк улуу универсал идеялар менен шашып тургандыгы. Дүйнөлүк акыл-эс тирмийип тиктеп, саргара ойлонуп отуруп тапкан универсал идеялардын бири – бул жарык дүйнөдөгү бардык нерселердин өз ара чырмалышкан байланышы, өз ара шарттанкандыгы жана өз ара бири-бирине багынычтуулугу, дүйнөнүн бир дене сыяктуу бүтүндүгү, бирдиктүүлүгү жөнүндөгү философия. Биздин «Манасыбыздын» түпкүрүндө да ушундай фундаменталдык идея чөгүп жатат, ал идея эпосто активдүү аракетте турат. Элибизде тээ байыртадан: «Тиричиликтин күчү-бирдикте», «Тирилик түбү-бирдик», «Бирдик болбой тирдик болбойт» деген өңдүү акылман философиянын жашап келе жаткандыгы бекеринен эмес. "Эки эрдин достугу бир белди ашырат, эки элдин достугу миң белди ашырат" – деген ой да ушул даанышмандыктын уландысы. «Манас» эпосунун түндүгүн көтөрүп турган үлкөн идеялардын бири интернационализм, достук, биримдик идеясы дал ушундай концептуалдык дүйнө таанымдан агып чыгат. Манас баатырдын кыргызды гана эмес, түркүн уруулардын жана этносторду бириктирген "Кулаалы жыйып куш кылган, курама жыйып журт кылган" ишмердиги дал ушундай философияга негизделет. Манас дүйнөдөгү эң айкөл интернационалист каарман. Дегеле, «Манаста» адам тегине, улутуна, расасына карап эч качан бааланбайт. Манастын жандай көргөн кырк чоросунун ичинде ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү: казак да, кыпчак да, монгол да, калмак да, кытай да бар. Эпостогу эр-азаматтардын достугу жана биримдиги биринчи иретте, чындык, калыстык, адилеттүүлүк, адамгерчилик, эл алдындагы ак кызмат, адал мээнет деген сыяктуу жалпы адамзаттык универсалдык улуу адеп-ахлак дөөлөттөрүнө негизденип турат. «Манастагы» Алманбет менен Манастын достугу жөнүндө да дал ушуну айтууга болот. Маселен, Алманбет баатыр Кытай мамлекетинин атуулу, ал чыгыштагы феодалдык деспотиянын шарттарында чындыкты, акыйкатты, адилеттүүлүктү издөөнүн ачуу драмасын жана трагедиясын баштан кечирген каарман. «Кайыңды көрсөм конормун, кайышпай кайың көтөрсө, как ошо жерде болормун» - дейт Алманбет. Чындык, адилеттүүлүк кай жерде болсо, ал ошол

жерде. «Башымды жөлөр паана жок, баркымды билер даана жок» - деп арман кылган Алманбет, акыры издеген идеалын Манастын айкөл дүйнөсүнөн табат. Өз кезегинде «издеп тапсам канаке, телегейи тегизди, өзүмө теңтуш эгизди», - деп ичинен тымызын Аккан досту көксөп жүргөн Манас, Алмамбеттен өзүнүн руханий эгизин көрүп, «алыскы ишти ойлогон, акылмандын бири экендигин» таанып, кучагын жайып кабыл алып, «кызыл найза желегим, кытайдан келген белегим» - деп аны менен ажырагыс дос болот.

Манас менен Алманбет көр тириликтин майда-баратынан, бытовизмден, этникалык, улуттук тосмолордон өйдө көтөрүлүп, акыл-ой маданиятынын өтө бийик чокуларына көкөлөп чыккан каармандар. Ошол рух чокусунан бири-бири менен жуурулушкан даанышман баатырлар. Манас менен Алманбеттин достугу дүйнө элдеринин өз ара диалогу, чындыкка, акыйкатка, алысты ойлогон акылман калыстыкка негизделген эл аралык ынтымагы жана достугу, биримдиги үчүн өзүнчө бир символ. Бир сөз менен айтканда, залкар «Манас» эпопеясынын дүйнөлүк мааниси, анын эч качан өлбөстүгү, улуулугу ООНдун Ассамблеясы жогоруда белгилегендей, бириктирүүнүн, байланыштыруунун, достоштуруунун философиясын теренден насыяттап тургандыгында.

Калыстык, адилеттүүлүк, эл алдындагы парз (долг), абийир (совесть), жоопкерчилик, сөз менен иштин биримдиги, эмгекчилдик сыяктуу жалпы адамзаттык моралдык дөөлөттөрдү көтөрүп жүргөн Манас, Бакай, Алманбет, Каныкей сыяктуу каармандардын образдары кыргыз эпосунун универсалдык нравалык маанисин дагы да тастыктайт.

### 3. “ Көкөтөйдүн ашынын” глобалдык идеясы

Ушул жерден «Манастагы» «Көкөтөйдүн ашынын» эл аралык философиясы жөнүндө да айтпай кетүүгө болбойт. Эпостун көрүнөө жаткан идеяларын гана эмес, көмүскө жаткан подтексттерин, тереңге катылган маанилик сырын, тымызын ишара кылынып, кыйытып айтылган нускаларын да окуп, чечмелей билүү зарыл.

«Көкөтөйдүн ашы» жер үстүндөгү калктардын эл аралык форумуна окшойт. Эпостун бул маанилүү бөлүгүн 1856-жылы

Ысык-Көлдө биринчи болуп белгисиз жомокчунун оозунан жазып алган чыгыштын чыгаан уулу Чокан Валихановду урмат менен эскербей коё албайбыз.

Айтылуу бул ашка Бүткүл Орто Азиянын, Сибир, Алтай аймагынын түркүн калктары гана эмес, алыскы Орхондон, Монголиядан, Жапандын Сыймун аралынан, Кангайдан, Кытайдан, бер жагы Чыгыш Түркстандан, тиги жагы Индостандан, Оогандан, ары жагы Крым менен Урумдан эл чакырылат. Ашка «Ар жумушка дилгирген, алтымыш түрдүү тил билген», жайма көкүл жаш Айдар «булуттуу көктүн астынан, муундуу чөптүн үстүнөн» куштай учкан Мааникер күлүктү минип, чабармандык кылат. Каркырага «кара курттай кайнаган, кумурскадай жайнаган» түмөндөгөн түркүн калк чогулат. «Кытай журту бир түркүн, кыргыз журту бир түркүн, орус журту бир түркүн, ooган журту бир түркүн, калмак журту бир түркүн, казак журту бир түркүн» делет Манаста. Ашка үч жүз миң боз үй тигилет. Чыныгы эпикалык масштаб деп ушуну айтыш керек.

«Көкөтөйдүн ашында» «Жамбы атуу», «Ат чабыш», «Балбан күрөш», «Эр сайыш» сыяктуу спорт оюндары ойнолот. Жамбы атууга жыйырмага жакын калктын көзгө атар мергендери катышат. Ат чабышта түркүн журттардын эки миң күлүгү жарышка салынат. Кыскасын айтканда, «Манастагы» «Көкөтөйдүн ашы» бүгүнкү замандагы дүйнөлүк олимпиаданы элестетип кетет, тагыраак айтканда, азыркы спорт оюндарынын эл аралык олимпиадасынын алгачкы прообразы өңдүү. Дүйнөлүк олимпиаданын туңгуч өрнөгү эзелки кыргыз эпосунда берилген десек жаңылышпас элек.

Бирок, «Көкөтөйдүн ашынын» маани-маңызы жалгыз гана ушунда эмес. Иштин тереңдеги мааниси, тынымсыз кагылыш-кармаштар, кандуу уруштар өкүм сүргөн жоокердик доордо өз жерине түркүн тилдерде сүйлөгөн алыскы-жакынкы калайык-калктарды чогултуп, а түгүл жоолашып турган душманын да (калмак-кытай) мейманга чакырып, ак дасторкондун үстүндө мамилелешүүгө, баарлашууга реалдуу түрдө кадам таштаган, түпкүлүгүндө журттар ынтымагын көздөгөн ак калпак кыргыз элинин айкөл пейлинде жана гуманисттик умтулушунда жатат. Дагы айталы, азыркы эл аралык тынчтык жыйындарынын жана Ассамблеялардын башаты илгери эле кыргыз жергесинде түптөлгөн экен. «Көкөтөйдүн ашын» уюштурган кеңешчилердин акылман тобу «ала-тоодой эт болгон, ала көлдөй чык болгон» бул

аш «акыр заман журтуна» чейин адамзат балдарына «санат-нуска» болуп калсын деген улуу мүдөөнү көздөшкөн. Чындыгында эле, «Манас» дастаны «Көкөтөйдүн ашы» аркылуу (анын айрым койнунда котур ташы бар меймандардын айынан чыр менен аяктаганына карабастан) жер үстүндөгү элдердин биригүүсүн, тынччылыктын кырдаалында алака-мамилеге өтүү глобалдык идеясын терең кеңкуулап тургандыгы менен жалпы адамзат балдары үчүн табылгыс сабак жана баалуу нуска.

Ошондой эле, эпосубуз ашта ар түркүн элдин тилинде жар чакырган жаш Айдардын жана «жетимиш түрлүү эл көргөн, жетимиш түрлүү тил билген» Ажыбайдын образдары аркылуу калк аралык карым-катнаштар үчүн көп тилдүүлүктүн зарылдыгы жөнүндөгү философияны астыртан нускалап, өзүнүн байыркылыгына карабай, бүгүнкү дүйнөлүк интеграциялык процесстердин шарттарындагы тилдик муктаждыктардын актуалдуу идеялары менен үн алышып тургандыгы менен да кымбат деп ойлойбуз.

Кыргыздын эпопеясынын достук алака-катыш, бириктештик философиясы бүгүнкү күндө ак калпак журттун адамзаттын жалпы көчүнүн тутумундагы стабилдүү бакыбат жашоо-тирлигине бекем тирек болуп бере тургандыгын терең аңдап билүү биз үчүн парз. Дегеле, кыргыз элинин эпосто гана эмес, реалдуу тарыхтын өзүндө, да эл аралык байланыштарды стратегиялык орчун маселе катары эсептеп, төтөн Түштүк Сибирь, Саян –Алтай, Орто Азия, Борбордук Азия, Волга-Урал, Крым, Кавказ, Памир, Тибет, Чыгыш Түркстан, Араб, Иран элдери менен саясий жана этномаданий алака- катышта жашагандыгы чындык. Байыркы Энесайдагы кыргыз журтунун чет өлкөлөрдөгү элчиси Эрен Улугка арналган таш эстелик Сибирдин «Алтын-Көл» аттуу аймагына биздин эранын VIII кылымында тургузулган. «Эр достугу - эгиз, эл достугу-деңиз», «Айрылган эл – азаар, кошулган эл – озоор», «Досу көптү жоо албайт, акылы көптү доо албайт» аттуу макалдар кыргыздардын эл аралык алака-катыш практикасынан жаралып жарыкка келген го. Бүгүн болсо дүйнө таанылгыстай болуп өзгөрүүдө. Дүйнө көйгөйүнө айланган демографиялык "жарылуу", жер ресурстарынын азайып баратышы, экономикалык проблемалардын глобалдашуусу, ядролук согуштун коркунучу, экологиялык кыямат, эл аралык терроризм, жер бетиндеги жашоону сактап калуунун зарылдыгы калктардын,

мамлекеттердин бириктешүүсүн, өз ара кол кармашкан союзун, дүйнөнү бир бүтүн нерсе катары карай билүүнү, жер планетасынан башка жер жок экендигин, бүт адамзат бир кемеде бараткандыгын терең түшүнүүнү ар бир улуттун алдына курч коюп жатат. Бүгүнкү күндөгү жаңы планетардык ойлом улуттук мүдөөлөрдү жалпы адамзаттын максат - кызыкчылыктары менен тогоштуруп акыл жүгүртө билүүнү талап этет. Азыркы учур улуттук алкакка камалып, обочолонуп жашоонун заманы эмес. «Бөлүнгөндү бөрү жейт», «Жалгыз дарак токой болбойт, жалгыз таруу ботко болбойт», «Жалгыз аттын чаңы чыкпайт, чаңы чыкса да даңкы чыкпайт» деп кыргыз акылмандыгы бекеринен эскерткен эмес. Бүгүнкү эл аралык турмуш диалогдун, толеранттуулуктун, консенсустун, акыл-эстүү компромисстин, кызматташтыктын, «товарга товар берген» (Нурмолдо) алгоолошуулардын жана тилектештиктин ийкемдүү дипломатиясына муктаж болуп отурат. Мына ушундай кырдаалда эл аралык мамилелерде диалог саясатын жүргүзүү, алыскы - жакынкы өлкөлөр менен өз ара пайдалуу жана тең укуктуу шарттарда активдүү алака-катышка өтүү, үзөнгүлөш коңшулуктун, тынчтыктын, достуктун, интернационализмдин философиясын тутунуп жашоо – Кыргызстандын коопсуздугунун жана стабилдүүлүгүнүн булагы болмокчу. Илгертен Азия менен Европанын ортосундагы көпүрө болуп келген Улуу Жибек Жолунун бүгүнкү дипломатиясы жана «Манастын» достук идеологиясы азыркы өзгөргөн дүйнөнүн татаал геосаясий кырдаалында улуттук көчтү жүгүн оодурбай, кырсыктуу бороон-чапкынга кабылтпай, кыялардан тайгылтпай, жакшылыктын түз жолу менен бакыбат келечекке алып барууга жол көрсөткөн маяк.

### 4. Бийик трагедия жанрындагы дүйнөлүк улуу классика

«Манас» эпосунун дүйнөлүк маанисинин дагы бир жагы мында турат. Кеп кыргыз эпосунун жалпы адамзат балдарына эң орчундуу сабак айткан трагедиялык жанрдагы улуу дастан экендигинде. Ушул жагынан караганда, кыргыз кинорежиссеру, маркум Мелис Убукеевдин «Манас» өз доорунун трагедиясы, өзүнүн сырткы структуралык түзүлүшү, ички мазмуну боюнча «Манас» эпосу эң бийик адабий жанрга, тагыраак айтканда, трагедияга кирет» (Алатоо, №1, 1995, 136-бет) деген сөзү нагыз чындык деп айтпай

коё албайбыз. Кытай илимпозу Лаң Йиң да «Манас» эпосун бийик трагедия, трагедиялык чыгарма деп аныктап, мындай терең мазмундагы трагедиялык бийиктик дүйнөдөгү башка эпостордо чанда кездешерин белгилеп, «Манастын» өлбөй-өчпөй эл жүрөгүн толкундатып келе жатышынын тамыры ошол улуу трагедиялык мазмунда жатат деген жыйынтык чыгарат. (Караңыз: Кыргыздар, IV том, 230-бет). Маселен, эпостогу айыгышкан кагылышууларга жана күчтүү драматизмге шыкалган «Чоң Казатты» алалы. Чынында эле жеңишке убактылуу ээ болгону менен кыргыздын кытайга Чоң Казаты Манастын аскери жана баатыр чоролору үчүн да, Манастын өзү үчүн да, эли үчүн да акыры келип катастрофа менен аяктады. Манас нагыз трагикалык каарман. Эл-жерди коргоонун, жеңишке жетишүүнүн, жоолашкан калктардын ортосунда тынчтыкты орнотуунун зарылдыгы жөнүндөгү эр Манастын патриоттук, гуманисттик идеалдары менен ал идеал-тилектерди тынымсыз согуштардын доору болуп эсептелген жоокерчилик заманда ишке ашыруунун кыйынчылыгынын ортосундагы чечилгис карама-каршылык кайгылуу финалга-баатырдын өлүмүнө алып келди. Манастын образынын трагедиялуулугу ушунда. Бирок Манас баатырдын трагедиялык өлүмү бизде үмүтү өчкөн, түңдүгү түшкөн пессимизмди жана туюкка капталган айласыздыкты жаратпайт. Чыгарманын трагедиялуулугунун күчү бизде элдин жаркын келечегинин келээрине ишенүүнү, калктын күч-кубатынын, үмүтүнүн соолбостугуна ынанымды пайда кылып, оптимисттик сезимди жаратжандыгында. **«Эпос ушундай финалына, жыйынтыгына карабастан, бийик гуманизм идеясын бекемдеген, адамды сүйүү, адамды баалоо, коом турмушунун эң бийик ыймандык нормасы экенин бекемдеген дүйнөлүк гениалдуу эпостун катарына кирет» (Ч.Айтматов).**

«Чоң Казат» трагедиясы согуш-бул антигумандуу нерсе, ал калктардын ортосундагы тынчтыкты орнотуунун жолу эмес, элдердин ортосундагы мамилелерди тынчтык жолу менен жөнгө салуунун артыкчылыктуулугу жөнүндөгү даанышман логиканы астыртан адамзатка ишаралап турат. «Манастын» мындай залкар, глобалдуу идеясы бүгүнкү күндөгү цивилизациялардын, маданияттардын диалогу туурасындагы саясий философия менен үндөшүп тургандыгы менен кымбат жана баалуу. Мына ушинтип, «Манас» өзүнүн көтөрүп жүргөн философиясынын терендиги

жагынан дүйнөлүк адабий классиканын бийиктигиндеги улуу трагедиялык дастан.

«Манас» эпосунун түпкү тереңинде жаткан согуштун жамандыгына каршы концепция «Акылдын кенчи Манаста» деп ырдаган атактуу кыргыз акыны Нурмолдонун чыгармачылыгында улантылгандыгын көрөбүз. Бул тирүүлүктө мыйзам ушундай: **«Таш аласың – таш урсаң, жаш аласың, жаш берсең, кыш берсең, кыш аларсың, ыш берсең, ышын аларсың»,** – деп насыяттайт Нурмолдо. Найза, кылыч керек эмес, дейт Нурмолдо, мунун аркасынан кийинки тукумуң азап тартып калат, иштин эң жакшысы бул – бөлөктөргө ырайымдуу, ак пейил, адал ниетте болуу. Ошондо «ыракатка канасың». Элдер арасындагы ошондой ак ниет мамилени бекемдей турган нерсе бул – тынчтылык, бейпилчилик шарттагы соода. **«Андан көрө соода кыл, товарга товар аласың»** дейт философ акын. Нурмолдо мына ушундай товарга товар алган мамиле бөлөк дүйнө менен болгон алаканын мыйзамы болууга тийиш деген ишенимге бекиген. Ошондо зордук өзүнүн ордун жакшылыкка бошотуп берет. Манастын урпагынын жалпы адамзаттык маанидеги үлкөн идеясы ушундай.

## 5. "Манастын" улуттук философиясы

Эгерде эпостун улуттук маанисине келсек, эл турмушунун энциклопедиясы - «Манаста» эмне ыйык, эмне улук, эң бийик асыл дөөлөт эмине? деген суроо туулат.

«Манастын» эң ыйык идея, дөөлөтү – Ата Журттун азаттыгы, эркиндиги, көз карандысыздыгы философиясы («**Алты сан аман турганда, ыйык кыргыз жеримди, душмандын буту баскыча, асыл кыргыз элимди, тебелетип бөтөнгө, кор кылып карап жаткыча, туулбай туна чөгөйүн, тирүү жүрбөй өлөйүн!**» – Манас баатырдын антынан). «Манаста» дагы эмне ыйык? Улут биримдиги, калайык журттун бекем баш кошкондугу, бөлүнбөстүгү - ыйык дөөлөт («**Кулалы жыйып куш кылдым, курама жыйып журт кылдым**» - Манас, «**Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп бөлөк элге кеп кетет**» - Бакай, «**Өлсөк бир чуңкурда, тирүү болсок бир дөбөдө бололу**» - Акбалта). «Манаста» эмне улук? Ата Журт үчүн, эл үчүн кара жанын карч урган, каруусун казык, башын токмок кылган мекенчилдик, керек

болсо кайран жанды курман чалуу идеясы улук («**Калкым кыргыз сен үчүн, курман болуп кетейин**» - Манас). Мекендин, бир боор журттун көйгөйүн ойлоп толгонгон, Ата конуштун тагдыры деп асанкайгыланган атуулдук күжүрмөн рух, жалындаган жарандык жигер-демилге улук («**Үзүлгөндү улайлы, чачылганды жыйнайлы, жоголгон жокту табалы, журт айласын кылалы»** - Кошой). Элдин ар намысын ойлогон, өзүнүн беделин жерге түшүрбөгөн жигиттин, уулдун, эрдин намыскөйлүгү улук (**«Жоого намыс бергиче, ажалым жетсе өлөйүн»** - Манас, «**Калкы тыргоот, манжууга кантип сурак беребиз, кол куушуруп, баш ийбей, койгулашып өлөбүз**» - Акбалта. Элдин намысы деп сексендеги Кошойдун Жолой менен күрөшкө чыгышын эске түшүрөлү). «Манаста» мекендин чегин күн-түн күзөтүү, эл-жерин сак-сактап кайтаруу, мамлекеттүүлүктү коргоо жана чыңдоо идеясы ыйык (**«Артыкча башым барында, айлымды кантип берейин»** - Акбалта. «**Кыргыздын жерин жердөөнү, Алооке сага ким койду, атамдын жерин жердөөнү, ант ургур сага ким койду?**» - Манас. «**Элиңди түгөл башкарып, өз алдыңча болгондо, кыр-кырда кыргыз элиңе, кызыккан жандар дагы бар, кысталактын баары бар, ошого моюн бербеске, ок өтпөгөн тон камда, ок жетпеген ат камда**» - Кошойдун Манаска кеңеши). «Манаста» бакубат жашоо үчүн күн тынымын билбеген, түн уйкусун көрбөгөн, ак эмгек, адал мээнет ыйык («**Эмгек кыл, балдар, эмгек кыл, акыңды эмгек кайырат, арыганың семирет, ачкан курсак тоюнат, алтындын кенин казалы, кетмендеп жерди оёлу»** - Акбалта. Бала Манастын койчу Ошпурдун колунда тарбияланышын эске салалы). Жетимиш түрлүү тил билүү өнөрү – дөөлөт (Жетимиш түрлүү эл көргөн, жетимиш түрлүү тил билген Ажыбайдын өнөрү). Ала-Тоого болгон ашып-ташкан сүйүү - кымбат кенч (**«Жер соорусу турбайбы, жердеген адам тунбайбы, береке экен, бел экен, пенде көрчү жер экен, жердеген адам бай болор, түгөнбөс ырыс кен экен»** - Манас). Кылымдарды аралап, илгертен келаткан ата-баба салты ыйык («Көкөтөйдүн ашы” жана андагы элдик каада-салттар жана спорттук оюндар). Караңгыда көз тапкан, капилеттен сөз тапкан көрөгөчтүк, акылмандык улук (Бакай). Коллективисттик адеп-ахлак, жан дүйнөнүн рухий сулуулугу жана марттыгы, меймандостук, чынчылдык, мекенчилдик ж.б.у.с. адамдык асылзат нарк-насил улук (Каныкей,

Чыйырды, Айчүрөк, Алманбет, Чубак, Сыргак, Бакай, Кошой, Манас).

«Манас» эпосунда «өзөктөн чыккан өрткө, өздөн чыккан жатка» (абыке-көбөшчүлүк, көзкаманчылык) каршы иммунитет жана антиманкурттук рух күчтүү. "Улуу "Манас" тукумдарды, урпактарды «абыке-көбөшчүлүктөн», маңкуртчулуктан, «көзкаманчылыктан» сак болууга астыртан үндөп, жарандарда тарыхый эстутумду түптөөнүн, ага мекенчилдиктин рухун сиңирүүнүн зарылдыгын каңкуулап турат. Биз ушуну эске түйүшүбүз керек.

Этностун ички өзөгүн тепчип өткөн, ичтен чыңап, чыйралтып турган дал ушул өйдөкүдөй ыйык идея-абсолюттары, руханий тиректери бар болгондугу үчүн кыргыз калкы эзелтен бери карай эл болуп жашап, тарыхтын кыйын-кезең бороон-чапкындарына алдырбай сакталып, бүгүнкү күнгө аман-эсен жетип, эгемендүүлүккө ээ болуп отурат. Ушул нарк-дөөлөттөрдүн бардыгын чогултуп туруп, биз МАНАС РУХУ дейбиз. Кылымдарды аралап "белес-белден бороондоп, беш удургуп" өтүп, Манас руху улутту аман-эсен сактаган.

Ушул жерден МАНАС РУХУНУН бир дөөлөтүнө мисалдап токтоло өтөлү. Жогоруда "Манаста" күн тынымын билбеген, түн уйкусун көрбөгөн, ак эмгектин, адал мээнеттин ыйыктыгы, улуктугу тууралуу айтылып өттү. Учурунда ырдап гана эмес, күпүлдөп Манасты да айта жүргөн улуу Жеңижок акыныбыздын "Адал эмгек-динибиз, жаралган адам эмгектен" – деген терең айтылган сөзү бар. Ырасында эле, адал эмгек-мээнетти дин сыяктуу туу туткан менталитет калайык -калкыбызды сактаган түптүү факторлордон болгондугун эпосубуздун сюжеттик фактурасы тастыктап берип отурат.Кеп мында.

Кытайдын Алооке ханынын кыргызга салган кыргынынын айынан "колу артына байланып, кой ордуна айдалып" алыскы Алтайга сүрүлүп келип, ач-жылаңач, муң-кайгыга батып, карып болуп, не кыларын билбей, айласы куруп турган элге кайрылып, Акбалта: **"Медер кылып жүрүүчү, белгилүү кыргыз элиң жок, керүүгө тиккен багың жок, керсейип жүрөр чагың жок, талаага тиккен багың жок, дардайып жатар чагың жок, эмгек кыл балдар, эмгек кыл, акыңды эмгек кайырат, арыганың семирет, ачкан курсак тоюнат, алтындын кенин казалы, кетмендеп жерди оёлу, жан аябай турушуп, аябай жанды багалы, кар жер**

**менен урушуп”**- деп жалындуу чакырык таштап, арып-азган
боордошторунун аман калышын дыйканчылык кылуудан көрүп,
көпчүлүктү артынан ээрчитип, аларды өлбөй тирүү калуу
өздөрүнүн колунда экендигине ишендирип, **“кара жер менен
урушууну”** (дыйканчылык ишин) чечкиндүү түрдө уюштурат.

Бир сөз менен айтканда, кыргыздар түн уйкусун, күн тынымын
билбей, өмүр же өлүм деп “төбөсү менен жер казган” өжөр эмгек-
мээнеттин натыйжасында акыры Алтайда экономикалык жактан
бутуна турушуп, өздөрүн өздөрү сактап калууга жетишишет.
Алтайдагы кыргыздардын өжөр эмгегинин натыйжасы Ала-Тоо
мекенинен ажыраган калк үчүн кандай экономикалык-саясий
мааниге ээ болгондугу жөнүндө манастаануучу, Кыргызстандын Эл
мугалими Бектур Исаков төмөндөгүдөй корутунду чыгарган:

1. Мунун өзү Алтай аймагындагы кара калмак, манжуу журтка
теӊ ата болуп жашай алат дегендик. 2. кырк үйлүү журт чогуу-
чаран жашап, тилин, салт-санаасын, ырым-жырымын өз алдынча
жүргүзө алат дегендик. 3. башка эл-журт менен алыш-бериш, ар
кандай мамиле жүргүзүүгө кудурети жетет дегендик. 4. бир топ
кыйынчылыктарды материалдык байлыктын күчү менен жеңип
кете алат дегендик. 5. күндөлүк турмушу үчүн гана эмес,
келечектеги укум-тукум үчүн кам көрө алууга мүмкүнчүлүгү бар
дегендик. Демек, кыргыздар акыл, ал аркылуу адал мээнет менен
байлык топтоонун аркасында кара калмак, манжуу журтка сиңип
кетпей, өзүнүн улуттук ажарын, табигый түр өзгөчөлүктөрүн
сактап калышкан» (Б.Исаков. Кыргыздар элдигин кантип сактап
калган? – Бишкек, «Учкун», 2006, 16-17-беттер).

Алтайдагы кыргыздардын эрдиги, тагдыр кылдын кырында
кылтылдап турганда, кыяматтуу кыйын-кезенден, оор кризистен
кантип чыкканы бүгүнкү эгемендүү кыргыздардын жетекчилерине
жана жакырчылыктан жабыркаган элибизге орчундуу сабак. Бүгүн
да биздин тагдырыбыз өзүбүздүн колубузда. Кыргыз журтчулугун,
мамлекетин бүгүн четтен келген гуманитардык жардамдар жана
гранттар эмес, дале болсо өзүбүздүн улуу мурасыбыз “Манастагы”
эмгектин культу, иштермандыктын идеологиясы сактамакчы
дегибиз бар. “Манаста” кыргыз жери – Ала-Тоо **“береке экен, бел
экен, пенде көрчү жер экен, жердеген адам бай болор, түгөнбөс
ырыс-кен экен”**, - деп мүнөздөлөт. Эпосубуздун көркөмдүк-
образдык логикасынан ушул жерди барктап-баалап, кадырына
жетип, чекеден тер агызган ак эмгек менен өйдөтөгү Алтайга ооп

барган кыргыздарчылап Ала-Тоодо "төбөсү менен жер казып" түйшүктөнсө, адам ырыс-кешикке, түгөнбөс береке-байлыкка ээ болмок деген идея чыгып турат. А азыр эгемендүүлүктүн учурунда болсо, минтүүнүн ордуна "жер соорусу турбайбы, жердеген адам тунбайбы" делген берекелүү асыл жерибизди таштап, оңой табылчу оокат издеп, бакытты башка жактан табам деп, чоочун өлкөлөргө койдой чубуруп кетип жатышкан кыргыз жарандарынын жосуну кандай өкүнүчтүү жана кайгылуу. Бак-таалайга жана түбөлүктүү келечекке дарбаза ачкан эмгек идеологиясын бөлөк жактардан эмес, өз очок-коломтобуз – "Манастан" издесекчи.

"Манастын" көз алдыдан тизмектелип өткөн жогорудагы улуттук маанидеги идея-дөөлөттөрү, кенен караганда, улуттук да, ошону менен бирге жалпы адамзаттык да мааниге эгедер десек болот. Манас руху жер үстүндөгү ар бир калктын казынасындагы ардакталган нарк –кенчтерге окшош. Ошол үчүн ал башкаларга чоочун эмес. Ушул мааниде алганда, Чыңгыз Айтматовдун төмөнкү оюн эске түшүрүү орундуу: "Эпостун эң негизги идеясы, анын бүткүл "кан тамырын" аралап өткөн идея адамзаттын жаралышынан бери адамды аздырып-тоздуруп, кубантып-сүйүнтүп, издентип, улам алдыңкы максаттарга умтултуп, адам чаалыгып, чарчап баратканда ага канат байлап, күч берип, дем берип келген өлбөс, карыбас идея. Эпостун бүткүл көркөмдүк түзүлүшү, пафосу эң негизги бир идеяны баштан-аяк улап, өөрчүтүп-өнүктүрүп отурат, ал эркиндик идеясы, көз каранды эместиктин идеясы. "Манас" эпосунун өлбөс-өчпөстүгү, түбөлүктүүлүгү, дүйнөлүк баа жеткис маданий эстеликтердин катарынан орун алышы да, дал ушул идеялык-эстетикалык касиетине байланыштуу". (Ч.Айтматов. "Манас – байыркы кыргыз рухунун туу чокусу").

## 6. Дүйнөлүк поэзиянын көркөм кереметі

"Манас" эпосунун поэзия катары, адабият катары, көркөм сөз өнөрү катары дагы бир касиетин жана өзгөчөлүгүн белгилебей өтүүгө болбос. Бул касиет-өзгөчөлүк, бул артыкчылык "Манасты" жергиликтүү аймактын чегинен алып чыгып, дүйнөлүк адабияттын нагыз көркөм шедевринин даражасына көкөлөтүп чыгараарын айталы. Дегеле, "Манас" өзүнүн көркөм формасы жагынан көз

жеткис, кол жеткис эң бийик чокуга өркүндөп чыккан чыгарма. Курчап турган дүйнөнү, көрүнүштөрдү, предметтерди, татаал рухий кубулуштарды чагылтуудагы кыргыз тилинин бай көркөмдүк мүмкүнчүлүгүн, керемет жөндөмүн, сыйкырдуу күчүн, эң ийкемдүү образдык кудуретин дал ушул «Манастан» ачык-айкын көрөбүз. Маселен, айрым бир мүнөздүү фактыларды эле көз алдыга тарта өтөлү. Төмөнкү көркөм портретти окуйлу:

Алтын менен күмүштүн,
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Асман менен жериндин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен күнүндүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Алды калың кара жер,
Жерлигинен түткөндөй.
Ай алдында дайранын,
Толкунунан бүткөндөй.
Абадагы булуттун,
Салкынынан бүткөндөй.
Асмандагы ай күндүн,
Жаркынынан бүткөндөй.

7/3N2
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
ИЛИМИЙ
КИТЕПКАНА
ИНВ № 13026 /1

Караңызчы, бул жерде айкөл Манастын рухий сын-сыпаты, мүнөзү, сапат- касиети кандай гана кылдат боектор, кандай укмуштуу чебер сөз аспаптары жана ой гүлдөрү менен берилген. Саптардагы “бүткөндөй” деген поэтикалык рефрендер кайталанып жатса да, кайталангандыгы билинбейт. Ал эми саптардын баш жактарынан орун алган анафоралык уйкаштыктар бири-бири менен аллитерациялык үндөштүктү түзүп, ырдын көркөм тулкусуна ыргактуулукту жана гармонияны берип турат. Муну өзүнчө бир кайталангыс, теңдешсиз эпикалык портрет десек жаңылышпайбыз. Ал эми төмөндөгү “сакадай бою сары алтын”, кыска жана нуска, чыныгы зергердин өнөрүнөн бүткөн көркөм буюмдун элесиндей сөз сүрөттөрүн көргөндө, “Манастын” көркөмдүк – образдык кудуретине дагы бир жолу таң калбай коё албайбыз. Мисалы, кырктын башы Кыргыл чалдын Манастын Көзкамандар тарабынан уулангандыгын капыстан угуп, кайгы-күйүттөн, өкүнүчтөн ичи өрттөнүп, кырк чорого кыйкырып турган учурун көрүңүз: **“Айкырыгы таш жарып, бакырыгы баш жарып, мурутун**

**булкуп ыргытып, сакалын жулкуп ыргытып**". Бул саптар каармандын жан-дүйнөсүндө жүрүп жаткан "буркан-шарканды" анын сырткы кыймыл-аракетин сүрөттөө аркылуу ташка тамга баскандай кандай таасын жеткирип жатат. Кыргылчал ошол ирмемдеги бүткүл психологиясы менен көз алдыбызга келип отурат. Же болбосо, Манастын кылычынын сүрөттөлүшүн көрүп көрөлү: "**Түн ичинде суурус а, өрт өңдөнүп кызарган, шиберге койсо өрт кеткен, шилтегени мүрт кеткен**". Караңыз, «**Шиберге койсо өрт кеткен**»... Манастын кылычынын курчтугун угуучуга жеткизиш үчүн манасчы эмне деген кереметтүү образдык туюнтманы тапкан. Бул эмне деген чеберчилик, не деген сөз зергерчилиги. Мындай чеберчиликтин чегине чыккан кыргыз манасчысы менен дүйнөлүк Шекспрлер жана Пушкиндер атаандашып көрүшсүнчү дээр элек.

Кыскасы, сөздөн токулган жогорудагыдай ажайып бейнелер, сөз «саймалары», керемет сүрөттөр, сыпаттамалар, көз жоосун алган көркөм шөкөттөөлөр, куюлушкан ыр курулмалары, ошондой оозду ачырган образдуу туюнтмалар «Манас» эпосунун сюжетин башынан аягына чейин ширеп калган. Бул өңдүү көркөмдүк кооздук, поэтикалык сулуулук, образдуу форма «Манас» изилдөөчүлөрдүн дээрлик көпчүлүгү бир оздон белгилегендей, бири-биринин салтын кылымдан кылымга улаган жүздөгөн, миңдеген манасчылардын, жомокчулардын коллективдүү эмгегинен жана талантынан жаралган. Бир сөз менен айтканда, мындай кооздук кыргыз элинин поэтикалык генийинен бүткөн. «Манас» өзүнүн көркөмдүүлүгү, образдуу туюнтуу билүү өнөрү жагынан, дагы айталы, дүйнөлүк адабияттын эң бийик өрнөктөрүнүн бири. Кылымдарды карыткан кыргыз эпосу, Борбордук Азиянын, КМШнын акындары, жалпы эле дүйнөнүн калемгерлери үчүн (эгер кыргыз тилин терең үйрөнүшсө) өзүнчө бир көркөм сөз мектеби болмок десек жаңылышпас элек. Ушул мааниде Ч.Айтматовдун төмөнкү сөзү акыйкат: «Манас» эпосу сөз өнөрүнүн эң бийик, эң таза үлгүлөрүнө жатарын айтпай коё албайм» (Ч.Айтматов. «Манас» байыркы кыргыз рухунун туу чокусу).

## 7. Манасчылар - ыр пайгамбарлары

Жогоруда дастандын сюжетинин өзөгүнө уюган ыйык, улук дөөлөттөр кыргыз элинин руханий-патриоттук идеологиясы болуп келген. Андай болсо жазуу-сызуусу жок, басмасы, китеби, театры жок кечөөкү заманда ал идеологияны калайык-калкка кантип, кимдер жеткирген деген суроо туулат. Эпостун руханий асыл кенчтери кандай механизм аркылуу эл-журтка өтүп турган. Туура, бир кайталангыс укмуштуу механизм болгон. Ал механизм-манасчынын өнөрү.

Манасчылык өнөр Ташым Байжиев менен Зияш Бектенов 1949-жылы жарык көргөн "Кыргыз адабияты" окуу китебинде жазышкандай, "Ондогон кылымдар бою кыргыз элинин таалим-тарбия ала турган адабияты да, көрүп көңүл ача турган театры да, музыкасы да болгон". Манастын кыргыз баласынын каны-жаны менен жуурулушуп, психологиясына сиңип, ишенимине кирип, ички тирегине айланып, кыргыздын касиеттүү колдоочусу катары күчкө ээ болуп жатышында манасчынын кызматы, ролу эбегейсиз жана эч нерсе менен алмаштыргыс, салыштыргыс жана кайталангыс.

Маселен, акындардын булбулу Арстанбек XIX кылымда атактуу алп манасчы Келдибектин эл алдында манасты «Кара тору түспөлү, кыпкызыл болуп чыңалып, арча отундай чок болуп, түндүк бою түйүлүп, керегe бою керилип, коргошундай былкылдап, кор кызындай жылтылдап, он эки мүчө шалкылдап, бүт денеси балкылдап, он манчасы калтылдап» аткаргандыгын өз көзү менен көргөндүгүн ыр менен эскерип калтырган. Келдибек мына ушундай актёрлук керемет чеберчилик менен манас айтканда, Арстанбектин күбөлөгөнү боюнча тыштан «ат дүбүртү угулуп, шамал жүрүп, чагылган учуп чартылдап, кереге-уук карчылдап, үзүктөрү желпилдеп, түндүк жабуу салпылдап» өзүнчө бир жомоктогудай атмосфера түзүлүп, чындыктын иллюзиясы жаралып, отурган элдин оозу ачылып, эпостун окуяларына кандайча аралашып, каармандар менен кандайча жуурулушуп кетишкендигин сезбей да калышкан.

Ал эми XX кылымдын Гомери деп аталган Саякбай Каралаев «Манасты» капчыгайдагы таштан ташка урунуп чамынып агып жаткан тоо суусундай күрпүлдөп, шаркыратмадай шаркырап агып, бирде бороондой боздоп, шамалдай ышкырып, бирде түзгө түшүп

аккан суудай жайлап, кайрадан буркан-шаркан түшүп, бүткүл денеси солкулдап, кан-тамырларында «кыян» жүрүп, сыйкырчы немедей каармандардын дал өзүнө айланып, алардын көзү менен ыйлап, жүрөгү менен күлүп, кайрадан бүркөлүп, каарданып Үргөнчтүн суусундай өркөчтөнүп, ташкындап, көбүрүп-жабырып аткаргандыгы жалпы калайыкка белгилүү. Бир чоң жыйында Саякбайдын ушинтип Манас айтканын көрүп, орус академиги Козин толкундануу менен мындай деген: «Мен көп элдин жомокчу, ырчылары, артисттеринин эпос аткарганын уккамын. Бирок Каралаев сыяктуу укмуштуудай таланттуу аткаруучуну көргөн эмесмин. Мунун азыркы аткарган «Манасына» тил билбесек да түшүнүп катуу таасирлендик» (Саякбай Каралаев. – Китепте: Бектенов З. Замандаштарым жөнүндө эскерүү. – Бишкек, “Плюс” басмасы, 1996. – 281-бет). Тил билбеген адамдын «Манасты» түшүнүп жаткан себеби, Саякбайдын айтуусунда эпостун мазмуну анын сөзүндө гана эмес, манасчынын обонунда, интонациясында, эмоциясында, көз жашында, миң кубулган үнүндө, миң өзгөрүлгөн өңүндө, кылдат кыймылында, мимикасында, пластикасында жашап атат. Ошон үчүн түшүнүктүү болуп отурат. Манасчы бир эле учурда ырды кара жамгырдай төккөн акын да, орошон обончу да, миң кырлуу актер дагы. Манасчы таасир кылуучу каражат-куралдардын бүтүндөй комплексине ээ. Манасчы кыргыз чөлкөмүндө мына ушул көркөм комплекс аркылуу аудиторияга бир учурда, бир ирмемде күчтүү таасир көрсөтүп, калайык-калкты өзүнө магнит сыяктуу тартып, сыйкырчыдай арбап алып жатат. «Мен кайсы бир жылы Каралаев менен Чүй өрөөнүндөгү бир айылда болуп калдым. Анан ошондо Каралаев түз эле көчөнүн ортосундагы аянтта күпүлдөй баштады. А угуучулар болсо кез келген жерге жамбаштап, кээ бири жүк машиналардын үстүндө, кээ бири атчан туруп угуп жатышты. Аңгыча кара булут каптап, добул жүрдү. Нөшөрлөгөн кара жамгыр урду. Каралаев манасты аткаруусун токтоткон жок, эч бир адам кеткен жок. Бардыгы манасты жамгыр астында угуп жатышты. Алар бүт бойдон манасчыга жан-дили менен берилип калган. Мен муну эч качан унутпайм» (Айтматов Ч. «Ал океан сындуу «Манастын» миллион сабын жат билген» аттуу макаласынан).

Эл ичинен чыккан таланты ташкындаган манасчылар улуу эпостун улуу идеяларын, адеп-ахлак таалимин кургак санат-насыят түрүндө эмес, жанагындай сыйкырдуу аткаруучулук искусствосу

менен көпчүлүктү толкундатып, ойлонтуп-толгонтуп, кубантып, кайгыртып, өкүндүрүп, күйүндүрүп-сүйүндүрүп отуруп, алардын кан-жанына, аң-сезимине астыртан сиңирип койгон. Манасчылар – булар эпос менен элдин ортосундагы көпүрө, «жүлүнгө жетээр кеп айтып, жүрөгүн өрттөп бек айтып», улуу жомоктун наркттарын улуттун кан-тамырына өткөрүүчүлөр. Жомокчулардын жогорудагыдай керемет өнөрү аркылуу Манас жан-дүйнөгө уюп, мындан улам эл ичинде «карылардан калган сөз, каттай жаттап алган сөз, эрендерден калган сөз, энчи кылып алган сөз, как жүрөккө конгон сөз, кайнап ичке толгон сөз» деген кеп айтылып калган. «Манасты» сактаган, өркүндөткөн жана муундан-муунга өткөрүп, бири биринин эстафетасын уланткан Ырамандын ырчы уулу (алгачкы байыркы манасчы), Токтогул, Нооруз (орто кылымдар), Келдибек, Балык, Музооке, Чоңду, Акылбек, Нармантай, Назар, Тыныбек, Найманбай, Кенжекара, Дыйканбай, Багыш, Чоюке, Тоголок Молдо, Шапак, Сагымбай, Саякбай, Жаңыбай, Жакшылык Сарык уулу, Молдобасан, Мамбет Чокмор уулу, Дункана, Ыбырайым Абдыракман уулу, Акмат Рысменде уулу, Жусуп Мамай, Жусубакун, Семетейчи Сейдене, Шаабай Азиз уулу, Каба Атабек уулу, Уркаш Мамбетаалы уулу (19-20-кылым) сыяктуу улуу, залкар, таланттуу манасчылардын, жомокчулардын, аткаруучулардын ысымдарын бүгүн урмат жана сыймык менен атайбыз.

Ушул жерден уулу эпосубуздун тилдик булак катары да зор мааниси бар экендигин белгилеп өтөлү. «Манасты» эл тарабынан кыргыз тилине тургузулган улуу монументалдык эстелик десек жаңылышпайбыз. Эпосубуз- эне тилибиздин алтын казынасы, кыргыз тилинин кору, дандын кызылындай сан жеткис сөз байлыгы, лексикалык, фразеологиялык каймагы, түгөнгүс асыл-берметтери ушул жерде. «Манас»-жаш муундарыбыздын, жарандарыбыздын тил мектеби жана ошондой эле, дүйнөнүн түркологдору үчүн табылгыс, кайталангыс изилдөө обьектиси.

## 8. XXI кылымдагы адамзат маданиятынын кайталангыс феномени

Баса, айтмакчы, ушул жерден кыргыздагы «төкмөчүлүк», «ырчы-жомокчулук», «манасчылык» феноменине байланыштуу бир собол

коюп, ага кыскача жооп издөөгө белсенүүнүн ылайыгы бар. Дегеле, бул жүздөгөн, миндеген ыр саптарын кумдай куюлтуп оозеки төккөн төкмө-манасчы ким? Мындай адам кайдан, кантип жаралат? Себеби эмнеде? Кишинин ичинен булактай оргуп чыккан төкмөлүк, акындык-жомокчулук импровизация эмне үчүн башка өнүккөн алдыңкы Азия, Европа өлкөлөрүндө бүгүн жок? Мындай касиет табияттын кыргызга берген белегиби? Кыргыздын биологиялык-психикалык жаратылышында бир сыр барбы? Же бул жергиликтүү аймактын географиялык өзгөчөлүгүнө, абасына, суусуна, чөбүнө, мынабу асман тиреген «ак чач» тоолордун касиетине байланышкан нерсеби? Же бул кубулуштун социалдык, турмуштук-социологиялык себеби барбы?

Эмнеси болсо да, кандай болгон күндө да, 19-кылымда «Манасты» изилдеген академик Василий Радловдун төмөнкү оюу бизди терең ойго салбай койбойт. В.Радлов көчмөн кара кыргыздар 19-кылымда мындан 2-3 миң жылдай мурдагы эзелки грек заманындагыдай эпикалык доордо жашап жатат, ошон үчүн Тянь-Шанда эпикалык поэзия гүлдөп турат деген оюн айтып келип, мындай идеяны ортого салат: **«Кыргызга тиешелүү бул адаттан тыш чечендик, сөзмөрлүк, аны курчап турган шарт-чөйрөдөн табигый түрдө келип чыгат. Сөз искусствосуна машыгууга кыргыздын убактысы бар. Тамак менен уйку гана жолтоо кылганы болбосо, ал күнү-түнү менен кызыл тилин сайратып сүйлөй берет».** (Радлов В. Кириш сөз. – Китепте: Түндүк түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрү. – Санкт-Петербург, 1885-жыл, 21-бет.). Демек, тарыхый-социалдык планда ой толгосок, феодалисттик, буржуазиялык – капиталисттик өнүгүүнүн тепкичине бут койгон журттарда элдин күч-кубат жөндөмү, таланты илим-билимге, техникага, тарамдалып –тармакталып кеткен татаал өндүрүшкө, профессионалдык адабият менен искусствого жумшалып, бөлүнүп, чачырап ошол жактарга тарап кетсе, көчмөндүк цивилизацияда жашаган кыргыздарда калктын бүткүл күчү, кудурет-мүмкүнчүлүгү, элдин бүткүл энергиясы сөзгө, тилге чыккан, поэтикалык оозеки чыгармачылыкка оогон, М.И. Богданова айткандай, эпоско мобилизацияланган. Мындай жагдай дүйнөдө теңдешсиз эпикалык дастандардын жаралышына жана «ак элечек» Ала-Тообуздун ырдын, ажайып төкмөлөрдүн жана алп манасчылардын мекенине айланышына алып келген десек жаңылышпаспыз. Демек, кара нөшөрдөй «жааган» төкмөлүк –

манасчылык өнөр көчмөн цивилизациянын улуу туундусу, сөз падыша болуп, тилден чаң чыгып турган замандагы элдин чыгармачылык энергиясынын таланттуу адам аркылуу концентрацияланып көрүнүшү деп айтуу жөндүү болор деген ойдобуз. Ал эми төкмөлүктүн – манасчылыктын бүгүнкү күндө «агрардуу» кыргызстанда уланып жатыш фактысын элибиздин өзүнүн кечөөкү менталитетинен жана турмуш укладынан караманча кол үзүп кетпегендиги менен, ошондой эле, аталган өнөрдүн калктын тарыхый – маданий «генетикасында» терең тамыры бар экендиги менен түшүндүрүү оң болоор.

Эвропанын тарыхында, анын байыркы антикалык дүйнөсүндө биздин акын-жомокчуларыбыздай адамдар жашаган жана алар **Аэддер, Рапсоддор** деп аталышкан. Даниялык жазуучу Ханс Шерфигдин өзүнүн «Кыргыздарда мейманда» аттуу китебинде бул өңдүү эпикалык ырчылар жана жомокчулар менен Европанын коштошконуна 3 миң жыл болду деп жазганы эсибизде турат. Ал эми ошол Европа биздин эрага чейин эле жоготуп койгон, азыр «сайда саны, кумда изи калбаган» рапсоддордун, аэддердин өнөрү 20-21- кылымда Кыргызстанда активдүү жашап, өмүрүн реалдуу улантып отурат. Бул фактынын өзү дүйнөнүн культурологдорун ойго сала турган, жалпы эле адамзат маданиятынын тарыхындагы сейрек жана өтө кызыктуу кубулуш. Кыргыздар эзелки жоокердик замандан (феодализмди, капитализмди аттап) түз эле социализмге өтүп, көчмөн цивилизациянын керемет кенчи - «Манас» эпосун чыпчыргасын коротпой, байыркы кебетесинде сактап, өзүнүн табигый абалында «тирүү» бойдон 20-кылымдын цивилизациясына өткөрүп берип отурат. «Манас» - кыргыз калкынын дүйнөлүк маданиятка кошкон уникалдуу салымы. Океандай кыргыз эпосу жалпы эле илим үчүн адамзат коомунун, дүйнөнүн бир кездеги абалын (состояниесин) изилдеп үйрөнүү үчүн табылгыс мүлк болоор. Бул жерде океандай «Манастын» баа жеткис маанилүүлүгүн баамдап, аны биринчилерден болуп кагазга түшүргөн, түркология илиминин атасы деген атка конгон Василий Радловду эстебей өтүүгө мүмкүн эмес. Василий Радлов 19-кылымдын 60-жылдарында Ысык-Көл, Чүй өрөөндөрүнөн бардыгы болуп эпопеянын 12454 сабын жазып алып, андан соң 1885-жылы Санкт-Петербургда кыргыз тилинде «Түндүк түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрү» деген ат менен өзүнчө том түрүндө жарыялаган жана ошол эле жылы «Манасты» Германияда

Лейпцигде немис тилинде басып чыгарган. Биринчи жолу улуу эпосту Ала-Тоонун чегинен алып чыгып, алыскы Европага даңаза кылган Василий Радловдун маданий жана окумуштуулук эрдигине таазим этпей коё албайбыз. В.Радловдун «**Элдин бүткүл турмушунун жана калктын бардык умтулуштарынын поэтикалык чагылышы**» деп «Манаска» берген жогорку баасы бүгүн дүйнөнү айланып жүрөт. Ошондой эле, бул жерде Октябрь революциясынан кийин кыргыздардын ичинен биринчилерден болуп гениалдуу жомокчу Сагымбай Орозбаковдун көзү тирүүсүндө 1922-26-жылдары төрт жыл бою манасчыны ээрчип жүрүп, элдик эпопеянын «Манас» бөлүгүн толугу менен кагазга түшүрүп калган фольклорчу Ыбырай Абдрахмановдун кыргыздын гана эмес дүйнөлүк маданияттын алдында өтөгөн каарман эмгегинин баа-баркы чексиз. Ушундай эл ичинен чыккан чыгаан демилгечилердин эмгек-мээнетинин аркасында байыркы эпостун жанып турган оту өчпөй, 20-кылымдын башындагы жоболоңдуу көтөрүлүш-төңкөрүштөрдүн капсалаңында жоголуп кетпей эпопеянын кагаз бетине түшүп калганына миң мертебе шүгүрчүлүк.

## 9. “Манастын” дөөлөттөрү - улуттун тирөөчтөрү

Нан деген эски нерсе, байыркы нерсе, бирок адамзат баласы үчүн нан ар дайым жаңы, өлбөс, түбөлүктүү мүлк. Руханият тармагында да, нан сыяктуу дайыма жаңы, эскирбеген, оңбогон, түбөлүктүү кенчтер болот. Ушул жагынан ойлонгондо, кайсы бир европалык акылмандын: «**Чоң аталардын жана чоң энелердин моралы күнүмдүккө эмес, түбөлүктүүлүккө багытталган. Тарыхый тажрыйба адам пендесинин турмушунда жаңылыкка караганда, ар дайым кайталанып, кайра келип турган түбөлүктүү, түптүү нерселер көбүрөөк экенин күбөлөп турат. Мына ошондуктан, жаңылыктардын артынан кубалайм деп олтуруп, кылымдап калыптанган «ак чач» нормаларды, эрежелерди унутуу опурталдуу экенин эскерткибиз келет»** - деген терең ою эске түшөт. Өйдө жакта басым коюлуп көрсөтүлүп өткөн «Манастын» идеялык-рухий кенчтери чынында эле, күнүмдүккө эмес, түбөлүктүүлүккө багышталган улуттун эскирбес, карыбас мүлктөрү. Эпостун улуттун эркиндиги, көз карандысыздыгы, эл-журттун биримдиги, башка калктар менен

болгон ынтымак-достук жөнүндөгү философиясы кантип эскирсин. «Караңгы түндө көз тапкан, капилеттен сөз тапкан» Бакайдын элдин келечегин ойлогон акылман стратегиясы, «алдыда жүрсө ак жолтой, артта жүрсө сан колдой» Кошой баатырдын өз калкынын бедели, аброю үчүн сексен жашында күрөшкө түшүп, мөөрөй алган ар-намыстуулугу, «зайып заттын пашаасы, кара сурдун сулуусу, адамзаттын нурдуусу» Каныкейдин адептик-ыймандык тунуктугу жана эмгекти дин катары тутунган мээнеткечтиги, Акбалтанын, Алманбеттин, Сыргактын, Чубактын «ак калпак кыргыз эл үчүн, Ала-Тоо артык жер үчүн, жанымды курман кылайын», «чачылганды жыйнайлы, үзүлгөндү улайлы, жоголгон жокту табалы» деген атуулдук патриотизми кандайча эскирмек? Караңызчы, өзүнүн достору, чоролору «Жоругун адам билбеген, жоомарт эрдин бири ушул», «Пендеден артык туулган, берен көк жал», «Ак калпактын улугу, адамзаттын тунугу» деп атаган Манас баатырдын акыл-эси **Мекен жана мен, атуул жана Ата журт, ата конуштун эркиндиги, ак калпак калктын биримдиги, адам жашоосунун маңызы, чындык, адилеттүүлүк, эл-журт алдындагы парз** өңдүү орчундуу базистик түшүнүктөрдүн жана баалуулуктардын тегерегинде ар дайым “шакардай” кайнап турат. Ал өзүнүн ички акыл-ой түйшүгүнүн, мээнетинин аркасында коктулук аң-сезимден өйдө көтөрүлүп, жеке инсандык МЕНине эгедер болуп, улуттук өзүн өзү аңдап түшүнүүнүн жана философиялык даанышмандыктын бийиктигине көкөлөп чыгып отурат. Ошол бийиктигинен “бүркүт караштыˮ салып, Азиянын талаа-түзүнө чачылган, Ала-Тоонун кокту-колотторунда бириндеген кыргыздарды бир бүтүн журт, уңгусу бир улут катары карай билип, аларды баш коштуруу, бириктирүү “Кулаалы жыйып куш кылуу, курама жыйып журт кылуу” үчүн каруусун казык, башын токмок кылган, ата конушубузду баскынчы жоодон бошотуп, кыргыз мамлекеттүүлүгүн түзгөн, ажолук тактысында айкөл да боло билген, керек учурда журт кызыкчылыгы үчүн катаал, каардуу да боло билген Манас атабыздын өрнөгү кантип эскирет? Бүгүнкү биздин ички трайбалисттик бытырандылыгыбыздын жана көбүбүздүн коктулук провинциализмибиздин шартында кыргыз журтунун жалпы түндүгүн кырк уук сыяктуу биригип, чогуу тиреп көтөрүү идеясын жар салып турган Манас ажо бизге маяк эмеспи.

Кыскасы, "Манастын" идеялык, рухий дөөлөттөрү бүгүнкү кыргыз мамлекети үчүн аба менен суудай зарыл болуп отурат. Даанараак айтканда, "Манастын" улуу асыл-нарктары азыркы кыргыз коомунун социалдык-экономикалык моделинин пайдубалында башка демократиялык принциптер менен кошо жатууга тийиш.

**«Кажыбаган эрлери, калың элге бел экен, качан болсо, бул жомок, кайрат берер неме экен, кыйла кылым өтсө да, калк баатырын жомоктоп, карыбасы эп экен»** («Семетей»). Кайрат берип, калың элге бел болгон «Манас» дастанынын карыбастыгын кечөөкү ата-бабалар да мына ушинтип тастыктап кетишкен. Бабаларыбыздын айланып келген «ат мамысы», тегеренип келген уюлу, тутунган тумары болуп келген МАНАС РУХУН бүгүн да биз – улуу муундар, тарыхый өтмө катыштыктын салтын улап, өсүп келе жаткан муундарыбыздын алдына чырак кылып жагып, мандайына жылдыз кылып күйгүзүп кармап турушубуз керек. Эгерде биздин окуу-тарбия системабыз образдуу айтканда, акыл-эсинде дүйнөлүк илим-билим, дүйнөлүк технология, экономикалык инновация орун алган, ал эми дилинде, жан-дүйнөсүндө болсо Манастын, Каныкейдин, Бакайдын, Кошойдун гуманисттик-патриоттук, адептик-ыймандык кенчтери отурган муундарды тарбиялап жетилтип турса, анда улутубуз эч убакта жоголбойт, өзүнүн менчик жүзүн сактайт, глобалдашууга жутулбайт жана келечеги түбөлүктүү болмок.

Мына ушинтип, улуу «Манас» эпосу улутубуздун руханий-маданий турмушу үчүн зор мааниге ээ жана ошондой эле, жалпы дүйнөлүк казына үчүн баа жеткис кенч.

## 10. Эпос дүйнөлүк окумуштуулардын көзү менен

Акырында козгой кете турган сөз, эпостун ошондой улуттук жана жалпы адамзаттык баа жеткис кенч экендигин ага арналган көптөгөн омоктуу, орчундуу, орошон илимий изилдөөлөр да тастыктап турат. «Манас» жөнүндөгү кагаз жүзүндөгү биринчи маалымат XV-XVI кылымдардын чектеринде Кыргызстандын түштүгүндө жашаган аалым Сайфаддин Аксыкентинин жана анын уулу Нооруз Мухаммеддин «Маджму ат-таварих» («Тарыхтардын жыйнагы») аттуу кол жазма китебинен кездешээрин эске сала

кетели. Андан соң XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап, эпос кыргыздын, КМШнын, Батыштын жана Чыгыштын, Европа менен Азиянын, Американын көптөгөн аалымдарын, окумуштууларын кызыктырып, ар түркүн багыттагы илимий изилдөөлөрдүн, кызыктуу, мазмундуу илимий макалалардын, китептердин, монографиялардын жаралышына себепкер болду. «Манас» адабият таануучулар, фольклористтер, тарыхчылар, этнографтар, философтор, чыгыш таануучулар, педагог-окумуштуулар жана башка көптөгөн илим тармактарынын өкүлдөрү үчүн илимий изилдөөлөрдүн өзүнчө бир казып жатса түгөнгүс казынасына, соолгус булагына айланды. 1995-жылы Бишкекте жарык көргөн «Манас» энциклопедиясында 1851-жылдан 1993-жылга чейинки тарыхый аралыкта кыргыздын улуу эпосу боюнча маалымат-кабар, макала, изилдөө, илимий китеп, монография түрүндө ар түрдүү тилде жарыяланган эмгектердин тизмеси берилген. Бул библиографиялык көрсөткүчтө тизмеленген эмгектердин саны 2200дөн ашык. 1993-жылдан бери карай «Манас» жөнүндө биздин республикада жана дүйнө өлкөлөрүндө дагы толгон-токой пикирлер, макалалар, изилдөөлөр жарыяланды. Кыскасы, чамалап айтканда, «Манас» тууралуу жарык көргөн эмгектердин библиографиясы бүгүнкү күндө 3000ден ашат. Эпосту изилдөөгө Ч.Валиханов, В.Радлов, Мухтар Ауэзов, В.М.Жирмунский, А. Н. Бернштам, С. М. Абрамзон, К.Тыныстанов, Б.Юнусалиев, Е. Д. Поливанов, А.Салиев сыяктуу улуу окумуштуулар, Т. Байжиев, Б. Солтоноев, К. Рахматуллин, М. И. Богданова, А. Х. Маргулан, С.Мусаев, Р.З.Кыдырбаева, И.Молдобаев, М. Борбугулов, Э.Абдылдаев, А. Жайнакова, А.Сыдыков, С. Бегалиев, М. Мамыров, К.Кырбашев, З. Мамытбеков, Р. Сарыпбеков, О. Сооронов, Ш.Б. Акмолдоева, М.Убукеев жана башка көптөгөн залкар, көрүнүктүү, белгилүү аалымдар өздөрүнүн чаалыкпаган эмгектерин арнаган. Манастаанууга Маркварт (Англия), Копроло-Заде (Түркия), М. Парри, А. Б. Лорд, ага-ини Чедвиктер (Англия), Карл Решл (Германия), Реми Дор (Франция), А. Т. Хатто (Англия), Ивгин Хайреттин (Түркия), Ильзе Лауде-Циртаустас (АКШ), Ху Чжень-Хуа (Кытай), Инжи-Энгинун (Түркия), Лаң Йиң (Кытай), Г. Имрат (Франция), Камил Тойгар (Түркия), Анвар Байтур, Мамбеттурду Мамбетакун, Макелек Өмүрбай, Турганбай Кылычбек, Жумакадыр Жакып (Кытайдын Шинжаң уйгур автономиялык району) ж. б.

окумуштуулар өздөрүнүн баалуу салымдарын кошушкан. Эпос жөнүндөгү изилдөөлөрдүн негизги маани-маңызын бүйүрмөлөп, жалпылап айта турган болсок, төмөнкүлөрдү белгилөөгө тийишпис:

«Манас» темасындагы изилдөөлөр жалаң гана адабий дастан, фольклордук классикалык чыгарма, анын сюжети, образдары, мотивдери, идеялары, композициясы, поэтикасы, типологиясы жөнүндөгү гана сөз эмес, эң негизгиси, эпостун тегерегиндеги илим корутундулары кыргыз эли, кыргыз калкынын этногенези, тарыхы, эл аралык мамилелери, салт-санаасы, «он сегиз миң ааламда» кыргыздын башка элдердин катарынан алган орду жөнүндөгү чоң сөзгө айланып олтурат. «Манас» жөнүндөгү изилдөөлөрдүн маңызы дагы мында турат: «Манас» – кыргыздардын руху жана өзүн-өзү аңдап түшүнүүсү, кыргыз маданиятынын архетиби, спецификалык тили, байыркы кыргыздардын дүйнө модели. «Манас» – кыргыздын өмүр, өлүм, эл, Ата мекен жөнүндөгү философиясынын, этикалык бийик идеалдарынын, адеп-ахлактык чен-өлчөмдөрүнүн, руханий асылнарктарынын алтын казынасы. «Манас» – кыргыздын нечендеген муундарынын даанышман акыл-эсинин каймагы. Улут турмушунун энциклопедиясы. Элдик педагогиканын чордону. Оозеки көркөм чыгармачылыктын туу чокусу. Дүйнөлүк классика. Теңдешсиз ыр океаны. Ал өз ичине көптөгөн доорлордун катмарланган издерин камтыган, сюжетинде кереметтүү фантастикалык элементтер менен реалдуу турмуштук сүрөттөөлөрдүн синтезин алып жүргөн, кыргыз элинин баштан кечирген тарыхынын негизинде жаралган, философиялык бийик жалпылоолордун эпосу. Ак калпак кыргыздын поэтикалык өмүр баяны.

Мына ушинтип, «Манастын» улут турмушу үчүн улуулугун жана дүйнөлүк даркандыгын илимий изилдөөлөр да далилдеп отурат.

## 11. "Манастагы" адам концепциясы XXI кылымдын эгоизмине каршы

Бирок ошондой болсо да, сөз соңунда Манастаануудагы бир орчун жагдайга токтолуп өтүүнүн ылайыгы бар. Анткени менен изилдөөчүлөрдүн ушул убака чейин көз жаздымында калып келе жаткан эпосубуздун бир өзгөчөлүү жагы турат. "Манастын" ошол өзгөчөлүү жагын жөнүндө кыскача сүйлөп берүү дүйнөнү каптаган

азыркы адеп-ахлак кризисинин шартында, башкача айтканда, илгертен адам баласына карата коюлуп келген бийик нравалык чен-өлчөмдөрдүн болуп көрбөгөндөй мокошунун, моралдык критерийлердин девальвациясынын кырдаалында актуалдуу деп ойлойбуз. Кеп мында.

Көрүнөө турат го, бүгүнкү күндө дүйнөдөгү рынок, соода-сатык системасынын үстөмдүгүнүн шартында. **эл, мекен, журт кызыкчылыгы** деген чоң түшүнүктөр урматталбай, ыйман, уят, абийир аттуу ыйык нерселер тебеленип, материалдык байлыктын культу өсүп, үлүлчөсүнөн "кабыгынын" ичине кирип кеткен өзүмчүл, индивидуалист жандар көбөйүп, акчага, алтынга, көрдүнүйөгө жүгүнүү күчөөдө. Америкалык илимпоз Кольберг "Турмушка өзүмчүлдүк, пайдакечтик, жалаң бухгалтердик, коммерциялык, технократиялык мамиле Европа менен Америкада өзүнчө бир улуттук ооруга айлангандыгын" тынчсызданып жазат. Цивилизациянын мындай терс илдеттеринин белгилери биздин Кыргызстанда да пайда болду.

Ушуга удаа айта турган нерсе, адамдардагы ушундай жүрүм-турумду бир жагынан ич жактан азыктандырып турган өзүнчө бир филсофиялык агымдар бар экендигин эсекертпей коюуга болбос. Эл алдындагы милдет, коом алдындагы парз, коллектив алдындагы жоопкерчилик деген сыяктуу категорияларды жерип, жектеп, "жеке турмушту" ("частная жизнь") абсолютташтырган айрым философиялык, модернисттик агымдар өздөрүнүн көз караштык "дөөлөттөрүн" масса арасында активдүү үгүттөп, жайылтып жаткандыгы жашыруун эмес. Андай агымдардын оюу боюнча адам коом үчүн туулган эмес. Ал асоциалдуу, өзүн өзү ичтен жөнгө салып турган өзгөчө биологиялык система. Ал эми коом, социалдык уюм, жамаат дегендер болсо, ар дайым антииндивидуалдуу. Булар адамдын ички каалоо-кумарларын, инстинктерин, эркиндигин басып-жанчууга гана жаралган катал феномен,социалдык уюм менен киши экөө бири-бирине түбөлүк душман экен. Ушундай нукта, багытта ойлонгон философтор жана калемгерлер личность коомдон, коллективден безип, тышкы чөйрөнүн талаптарынан бошонуп, өзүнүн жеке МЕНинин чебине келип жашынганда гана өзү менен өзү боло алат, өзүнүн табигый инстинктеринин стихиясында жашаганда гана толук эркиндикке жетише алат деген көз карашты насыятташып, өздөрүнүн трактаттарында жана чыгармаларында адамды коомдон,

коллективден бөлүп, социалдык байланыштардан ажыратып, моралдык жоопкерчиликтен кол үзүдүрүп, жалгыздыкта көрсөтүүнү жана сүрөттөөнү көнүмүшкө айландырышкандарына көп болду. "Мен эч качан эч кимге боор оорубайм, бирөөлөр үчүн камкордук да көрбөйм, жакшылык да кылбайм. Ошондой эле өзүмө да бирөөлөрдөн жакшылык күтпөйм жардам да тилебейм». «Мен өзүмдүн менчик эрежемен башка эч кандай законду моюнга албоо үчүн туулгам»-дешет модернисттик романдардын кармандары. Кыскасы мына ушул өңдүү философия жана үгүт-насыят бир жагынан бүгүнкү замандын кишилеринин жанагындай өзүмчүл, индивидуалисттик жүрүм-турумуна алдыртан шыкак берген идеялык факторлордон экендигин байкабай коюу мүмкүн эмес.

Эгерде жогоруда белгиленгендей, коколой баштын кызыкчылыгын туу туткан, турмушка пайдакечтик, жалаң бухгалтердик, коммерциялык мамиле мындан ары карай күч алып жүрүп отурса, анда адамзат балдары, мунун ичинде кыргыз пендеси да бара, бара ички жандүйнөсү жагынан сөксөөлдөй болуп "куурап," акыры жүрүп адамдагы адам жоголуп, коомдун рухий маданиятынын түркүгү урап түшүшү мүмкүн

Ушул контексте алганда, улуу "Манас" эпосунун этикалык философиясы өзүнө көңүл бурдурбай койбойт деп эсептейбиз. Дегеле, биздин чыгышта адам баласынын өмүр кечүүрү маңызына жана жашоо миссиясына карата болгон көз караш өзүнүн терең гуманизми жана жамаатчыл духу менен айырмаланып келген. Бир эле байыркы Орхон-Энесай таш эстеликтериндеги жазууларга көңүл буруп көрөлүчү. VIII кылымда Энесай аймагындагы Алтын-Көл деген жерге кыргыз каганы Барсбекке тургузулган таш эстеликтеги жазуу мындай саптар менен башталат:

**«Он ай боюна көтөргөн эле мени энем! Элиме мени тууп берген эле энем»** (Орхон Енисей текстери, 171-бет). Барсбектин эстелигиндеги бул эки сап сүйлөмдүн экинчи бөлүгүнө назар салалы: **«Элиме мени тууп берген эле энем»**. Жакшылап тигилсек, бул сүйлөмдө бөтөнчө бир маани жатат. Демек, бул жерде, байкасак, эне уул баланы жөн эле «ыңаалатып», жарык дүйнөгө төрөп коюш үчүн он ай көтөрүп, омурткасы сыздабайт, эркек баланы эне бир үй-бүлөгө гана эмес, жалпы тууган элине, калайык-журтуна төрөп берет, уул элдин перзенти, жамааттын табылгасы. Туулган «туяк» ата-энесинин акысынан, апасынын ак сүтүнөн элдин уулу болуп, калайык-калкынын керегине жараган атуулдук-

азаматтык кызматы аркылуу гана кутула алат деген идея чөгүп жатат.

«Манас» эпосунун түп негизинде да ушундай ой жаткандыгын көрөбүз. Манас жарык дүйнөгө төрөлгөндө Алтайдагы кыргыздардын башчысы Акбалта карыя «Бизге белге таңуу уул ушул», «карыганда байбиче, кабылан тапты сүйүнчү, жоголордо байбиче, жолборс тапты сүйүнчү!» деп тебетейин көккө ыргытып кубанат. Жалгыз Жакыптын үй-бүлөсүнө гана эмес, жамы журтка перзент туулду.

"Манас эпосунун адеп-ахлак концепциясы киши пендесинин бу жарыкчылыктагы өмүр-жашоосунун маани-маңызы эмнеде деген социалдык-философиялык, моралдык суроо менен тыгыз байланышкан. Ал эми Манастын образынын өзү кишинин өмүр-жашоосунун маани-маңызы пенденин жеке өзүнөн жогору турган кандайдыр бир бийик, ыйык, улук элдик, гуманистик мүдө-идеяларга кызмат кылышында экендигин каңкуулап турат. Эпостун бул өңдүү философиясы дүйнөлүк акылмандардын төмөнкү ойлору менен өзөктөш чыгып жатат: «человек никогда не найдет всей полноты только в себе самом» (М.М.Бахтин). «Личности нет, если нет ничего выше её» (Н.Бердяев). Демек, адамдын жашоосунун баа-баркы, маани-маңызы, дагы айталы, пенденин кандайдыр бир универсалдуу, жогорку (сверхличное), коомдук дөөлөт менен болгон органикалык байланышында экен. Дал ушундай ойлор кыргыз акылмандыгынын:, «Өз камын ойлогон өспөйт, эл камын ойлогон көктөйт», «Эл ичи алтын бешик», «Ата баласы болбосоң болбо, эл баласы бол», «Жаман киши өз камы үчүн жүгүрөт, жакшы киши эл камы үчүн жүгүрөт», «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде», «Эл менен сен бийиксиң, элден чыксаң кийиксиң» деген өңдүү жашоо тажырыйбасынан жаралып, кылымдардын кыйырын баскан элдик философия менен үндөшөт. Манас баатыр кенедей кезинен дал ушундай көз караш, рух салтында тарбияланган. "**Өлбөй тирүү жүргөндө, не мураска жетейин, калкым кыргыз сен үчүн, курман болуп кетейин**" дейт Манас. Ал эми Манастын уулу Семетей Канчоро менен Кыяс капыстан кол салып, өлүм алдында турганда минтип ойлонот: "**Котур ташы койнунда, шайтанды баккан экенмин, эми эле башын кошкондо, элдин алы не болот, жарагы жок жаш күлүс, эрдин алы не болот, капарсыз калды эл менен, жердин алы не болот**". Семетей өлүп бара жатып да, элинин, жеринин тагдыры жөнүндө толгонуп турат.

Демек, эл-журттун мүдөөсү, калк кызыкчылыгы, мекен алдындагы парз сыяктуу улуу түшүнүктөр менен журулушкан биримдик-Манас менен Семетейдин адамдык-атуулдук жаратылышы, экөөнүн жашоосунун тузу жана өмүрлөрүнүн маңызы. Өз өмүр-жашоолорун ушундай улуу нарктар менен жуурулуштуруп өмүр кечиргендиктери үчүн Манас менен Семетей жана Бакай, Каныкей, Кошой, Чубак, Сыргак, Чыйырды, Айчүрөк, Гүлчоро, Алманбет сыяктуу каармандар түбөлүк өлбөс болуп, биздин маңдайыбызда чолпон жылдыздай жаркырап, адептик-патриоттук маяк катары жашап кала беришти. Туулган «туяк» жер үстүндө кош аяктуу макулук, кыбыраган көрпенде болуп эмес, айланасына жакшылыктын жарыгын чачкан нурпенде болуп жашоого тийиш. Өз көмөчүнө күл тартып, кара башынын кызыкчылыгынан башканы билбеген Абыке, Көбөштөй, Көзкамандай, Канчородой пенде болуп жашоонун жамаат үчүн маңызы, куну жана куту жок. Көзкамандай, Көбөштөй «туяктын» «**эне боюна бүткөнүнөн бүтпөгөнү**» артык дейт, «Манастын» логикасы.

Акырында айтарыбыз, азыркы шарттарда жогорудагы өзүнүн гана МЕНин алдейлеген, ашкере өзүмчүл, индивидуалисттик «робинзончулуктун», айлана-тегерекке прагматикалык-бухгалтериялык ач көз мамиленин күч алышынын коом үчүн зыяндуулугуна жана келечек үчүн коркунучтуулугуна терең ынануугa тийишпис. Ушундай кырдаалда кишиге адам болуп жашоонун жолун, стратегиясын көрсөтүп турган Манас эпопеясынын өйдөкүдөй этикалык философиясына кайтып келүү жана аны желектей желбиретип бекем кармоо 21-кылымда муундарды моралдык деградациядан сактоонун куралы дегибиз келет. "Манастын" дагы бир баа жеткис мааниси ушунда.

Манас атадай "Элим жерим деп жалындаган, өз жеке кызыкчылыгынан улуттун кызыкчылыгын жогору туткан, элдин биримдигин, жердин бүтүндүгүн ыйык санаган, ата-журтуна кызмат кылууга өмүрүн саюуга даяр турган, ата мурастарын терең өздөштүргөн, бала чагынын адилеттүүлүккө, ыймандуулука үйрөнгөн мекенчил" (Топчубек Тургуналиев) балдарды, жарандарды калыптандыруу-биздин тарбия системабыздын ыйык милдети.

# КЫРГЫЗ РУХУНУН, МАНАС РУХУНУН АДЕПТИК - ЫЙМАНДЫК УЛУУ ДӨӨЛӨТТӨРҮНҮН ЖАНА АСЫЛНАРКТАРЫНЫН НУГУНДА КАЙРА ЖАРАЛУУ-УЛУТУБУЗДУН САКТАЛЫШЫНЫН, МАМЛЕКЕТИБИЗДИН БЕКЕМДИГИНИН ГАРАНТЫ

Дүйнөлүк цивилизациянын өнүгүү тарыхы бизге көп нерсени далилдеп берди. Адамзат балдары экономикалык жактан гүлдөп өнүксөк, илим-техниканы дүркүрөтүп өстүрсөк, революцияларды жасап, жаңы өндүрүштүк-экономикалык негиздерди жаратсак, түзсөк, анан мунун натыйжасында нраваларыбыз, адеп-ыймандык нарк-насилибиз өзүнөн өзү жакшырат, рух дүйнөбүз автоматтык түрдө жаңы тепкичке өркүндөп чыгат деп ишенгенбиз. Эстейли, айрыкча бул жагынан кечөөкү европалык Агартуу доорунун өкүлдөрү оптимист эмес беле. Француз агартуучулары адам баласын билимдүү кылып, агартып-көгөртсөк, акыл-эсин илим менен сугарып, көзүн ачсак, киши коому апакай адеп-ахлакка ээ болуп чыга келет деп кыялданышканы адамзаттын эсинде турат.

Бүгүн жер үстүндөгү адамзаттын алга өскөн мамлекеттери а түгүл постиндустриалдык коомду курду, илим менен техниканын «колу» космоско жетип жатат, нечендеген революциялар, төңкөрүштөр жасалды, бирок булардын натыйжасында адам баласынын адеп-ыйманы жакшырып өркүндөдүбү, илимий-техникалык алгалоо, экономикалык алгалоо менен кошо киши пендесинин жан дүйнө адеп-ахлагында арууланyу болуп өттүбү, алтын адеп жаралдыбы, көрпенде нурпендеге айландыбы, адамзат экономикалык прогресс менен кошо ыймандык прогресске жетише алдыбы?

Бүгүн кандай натыйжаны көрүп турабыз?

Ыйык жер энебиздин экологиясы болуп көрбөгөндөй бузулуп, адамзат табият кыяматынын чегине жакындап келип калды. Жер жүзүн каптаган ыймандык кунарсыздыкты, руханий бүлүнүүнү, адеп-ахлактын эсеп-кысапташышын, адамдагы адамдын жоголуп бараткандыгын азыр биз моюндабай коё албайбыз.

Жанагинтип, Адам билимдүү болсо, ал жакшырат дегенбиз. А биз бүгүн айланабыздан билимдүү маңкурттарды, жогорку маалыматтуу жалданма киши өлтүргүчтөрдү, илим-билимдүү коррупционерлерди жана ыймансыз даражалуу ачкөздөрдү, дипломдуу киши тоногучтарды кездештирип отурабыз. Мындан

кандай жыйынтык чыгат? Демек, экономикалык прогресс, технологиялык өркүндөө, илимдүүлүк, маалыматтуулук ыйман маселесин, башкача айтканда эзелтен бери келаткан «Канткенде адам уулу адам болот?» деген маселени өзүнөн өзү чече койбойт экен.

Мына ушундай жагдайдан улам дүйнөлүк акылмандар азыркы кезде экономикалык-технологиялык өркүндөө түпкү маңыз эмес экендигин, экономика, техника деген нерселер адам баласынын адам деген бийик атка татыктуу, маңыздуу жашоосунун каражаты, аспабы гана экендигин, түпкү маңыз, адам пендесинин абийир, ыйман, адеп, рух жагынан өркүндөп-өсүшүндө экендигин, цивилизациянын, экономикалык-техникалык өнүгүүнүн баа-баркы кишинин жан дүйнө маданиятынын өркүндөө даражасы менен өлчөнүшү, ченелиши керектигин айтыш, 20-кылым атом кылымы болсо, 21-кылым - адамдын, анын адамдык касиеттери менен сапаттарын өнүктүрүүнүн кылымы, адеп-ахлактын жана маданияттын кылымы болууга тийиш деп сүйлөп турушат. Чынында адамдын бузулушуна, анын ыймандык дүйнөсүнүн кыйрашына сүрөө болуп, өбөлгө түзгөн прогресс, прогресс эмес, бул - антипрогресс. Прогресс деген адамдын адам катары өнүгүшү, анын ыймандык өркүндөшү менен коштолушу керек. Ошондо гана анын маңызы болмок.

Буржуазиялык, капиталисттик өнүгүүнүн бир нече кылымдык доорун баштан кечирген Европа менен Америка өздөрүнүн тээ илгерки буржуазиялык өнүгүүгө чейинки замандагы ата-бабаларынын адеп-ахлак нарктарынан, руханий салттарынан эбак алыстап, аларга кайрылгыс болуп кеткен тарых катары карап калгандыгы чындык.

Ойчулдар илгерки акча-товар мамилелери пайда боло элек кездеги Европалык доорду «адеп-ахлактын алтын доору» деп эсептеп, кээси «Алтын кылымды карай артка!» деп ураан да таштап жиберген учурлар болгон. Ал эми атактуу Жан Жак Руссо буржуазиялык өнүгүү доорундагы адамдардын баюу үчүн пайда, пайда, акча, акча, байлык, бийлик деп араанын ачып акактаган алдым-жуттум жорук-жосунуна, кооз чүмбөткө жамынган эки жүздүү жасалма жүрүм-турумуна, өзүмчүлдүгүнө караганда, жаратылыштын кучагындагы цивилизация бузбаган мурдагы табигый, таза, жөнөкөй адеп-ахлактын кыйла эле өйдө турган артыкчылыгын туюп, аны жогору санагандыгы белгилүү.

Бүгүн ошол Жан Жак Руссо терс баалаган буржуазиялык коомдун илдеттери ого бетер күч алып, азыр социологдор **"Турмушка өзүмчүлдүк, пайдакечтик, технократиялык мамиле Европа менен Америкада өзүнчө бир улуттук ооруга айлангандыгын"** тынчсызданып жазып отурушат.

Батыштык ойчулдар жанагинтип 18-кылымда эле Европада адеп-ахлактын бузулуу ахыбалына наараzы болуп жатышса, ал эми 1855-жылы Жети-Өгүздө туулуп, көчмөн цивилизацияны өз кебетесинде көрүп калган айтылуу Талып Молдо Байболот уулу 19-кылымдын I жарымындагы ак калпак журттун адеп-ахлак ал жайын мындайча мүнөздөп отурат. Талып Молдонун жазган мүнөздөмөсүнө кулак салсак. Мына, окуйлу: **«Ал кезде элдин кылык-жоругу, адаты бузулбаган табигый абалда эле. Жалган сөз айтуу, бирөөгө кыянат кылуу, убадасын бузуу, бузуктук иш кылуу, уурулук кылуу өлүмдөн жаман. Ошондой жагымсыз иш кылган кишини катын-балага чейин жаман көрөр эле. Эл куулукту билчү эмес. Ал убактагы журттун бай-жардысы, кары-жашынын баарысынын барга-жокко канагат кылуусу. Бир кишинин буйругунда ынты-мактуусу. Көчсө, консо бүтүн журт бүт козголуп, киши, кишинин чычкак улагын таштабай чогуу алып жүрүшү. Жарды-жакырга жардамдуусу. Конокко, мусапырга сыйлуусу. Зарыл болгондо колдо барын аябаган жоомарттыгы. Ырчыга тогуздап бергени. Сен бай, жарды дебегени. Ач көзсүздүгү. Ачкага аш, жылаңачка тон, жөөгө ат аяба деп, четтен жоо келген календер болсо да түшүп атын бергени. Жоого өлгөнчө кайраттуу эрдиги. Бузук кылганды тыйганы. Чын сөздүүсү. Тили буруу болбо, Ата-бабанын тилин бузба, кийимиңдин түрүн бузба деп өз улутун сактаганы. Алдоо не экенин билбеген. А эгер бир кишиден, эркек же ургаачы болсун, жогорку айтылган жакшы сапаттардан бир кемчилик көрсө, жаман иши билинсе, бардык журт өмүрүнчө, ал ант ичсе да ишенбегени. Мына ушуларга окшогон жакшы кылык-жоруктарын айта берсем сөз узарат»** (Талып Молдо. Кордолгон заманда. - «Ала Тоо», 11,127-бет.).

Эми, айталы деген негизги оюбуз мындай. Феодалисттик, буржуазиялык, капиталисттик жолду басып, өстүк-өнүктүк деген көп өлкөлөр 20-кылымдын босогосун илгерки элдик, жамааттык түптүү нарктарынан көп жагынан оолактап, пайдакечтик, жеке баштын кызыкчылыгын туу кылган индивидуалисттик жүрүм-

турум күтүп, адеп-ахлак бүлүнүүлөрүнө учураган абалда аттап отурушса, ал эми, биз кыргыздар ошол эле 20-кылымга, Октябрь төңкөрүшүнө илим түшүнүгү менен айтканда, буржуазиялык доорго чейинки коомдук-жамааттык түзүлүшүбүздү негизинен сактап, элдик адеп-ахлагыбыздын, уят-ыйманыбыздын, ата-баба салттарыбыздын цивилизация бузууга үлгүрбөгөн абалында, көп жагынан таза калыбында келип жеттик.

Байкасак, биздин өзгөчөлүгүбүз дал ушунда. Азыркы жер шарын каптаган адеп-ахлак кризисинин контекстинен караганда, кечээ капиталисттик рынок системасын кыйгап өтүп, бүлүнбөй, бүкшүбөй, Совет бийлигине өз бүтүндүгүндө аман-эсен келип жеткен, азыр да элдик кыртышыбыздын тереңинде «жүрөк кагып» турган кыргыздын ыймандуу адеп-ахлагы, рух кенчтери, коллективисттик нарк-насили, өз ара мамилелердеги гумандуу эреже-салттары уникалдуу кубулуш.

Ушул капиталистик цивилизация бүлүндүрбөгөн, жакырлантпаган Манас руханиятыбыз менен 21-кылымда да алдыга карай кадам шилтей берсек кана. Бирок тилекке каршы, өйдө жакта Жан Жак Руссо: буржуазиялык өнүгүү доорундагы адамдардын баюу үчүн пайда, пайда, акча, акча, байлык, бийлик деп арaанын ачып акактаган алдым-жуттум жорук-жосунуна, кооз чүмбөткө жамынган эки жүздүү, жасалма жүрүм-турумуна, өзүмчүлдүгүнө өкүнгөн сыяктуу, биз дагы бүгүн Кыргызстанда орногон капиталистик рынок мамилелеринин шарттарында кейиштүү сезимге кабылып отурабыз. Атактуу акын Рабиндранат Тагор капитализмди «Цивилизации варварская алчность, обнажила свою бесстыдную бесчеловечность» деп бекеринен тилдеген эмес окшойт. Бүгүн биздин ак мөңгүлүү Ала – Тообуздун ичинде да төмөнкүдөй терс тенденциялар пайда болгондугу өкүнүчтүү. Өлкөбүздө коррупция илдети күчөдү. Мектептерди рекет оорусу каптады. Өспүрүмдөрдүн анкеталык жооптору негизинен «акча», «пайда», «бийлик-байлык», «жеке атак-даңк» сыяктуу түшүнүктөрдүн тегерегинде айланчыктап турат. Аларда турмушка жана адамдарга карата прагматикалык-пайдакечтик, өзүмчүл мамиле күч алууда. Расмий статистика боюнча өспүрүмдөрдүн жана жаштардын арасында кылмыштуулук улам өсүүдө. Өлкөбүздө бүгүнкү күндө баңгилердин саны 100 миңден ашса, анын 15 пайызын өспүрүм жаштар түзөт. Карылар үйүндө кыргыз абышка-

кемпирлер улам көбөйүп жатат. Ата-бабаларыбыздын салтка айланган коллективисттик-корпоративдик адеп-ахлагынан акырындап алыстоодобуз. Кыргызстандын алыскы айылдарында жүргүзүлгөн социологиялык сурамжылоолор бүгүнкү балдардын кыйласынын мектепти бүткөндөн кийин батыштагы бай өлкөлөргө кетүүнү каалашкандыгын маалымдап отурат. Жаштарыбызда өздөрүнүн тагдырын бир тууган мекени, Ата-Журту менен бекем байланышта карабаган тенденция өсүп бара жатат. 2011-2012-жылдарда Кыргызстандын бардык жети областында социологиялык изилдөөгө тартылган 1410 жаш адамдын баалуулук ориентациясында “мекенчилдик” акыркы орундардын бирин ээлеген (8,3%). Жаштар өз өлкөсүнүн рухий мурастарын үйрөнүү жагынан да пассивдүүлүктөрүн көрсөтүшүүдө. Ошол эле социологиялык изилдөө жаштардын, мисалы “Манас” эпосун айрым үзүндүлөр түрүндө гана үсүл-кесил билерлигин аныктаган (Романов Б., Исаев К., Сыргабаев С. Кыргызстан жаштарынын социалдык бейнеси – Бишкек, 2012, 47-бет).

Бир сөз менен айтканда, эгер ушул өңдүү терс нуктагы илдеттер мындан ары карай да күч ала бере турган болсо, анда улуу акындарыбыз Калыгул менен Арстанбек айтып эскерткендей, жүрө, жүрө урматы кетип, уул уул болбой, кымбаты кетип, кыз кыз болбой, келбети кетип келин келин болбой, уяты кетип, ата ата болбой, сөөлөтү кетип, кемпир кемпир болбой, салт салт болбой, ата журтубуздан кут кетээри, талаабыз такыр болуп, тообуз токол болуп «акыр заманга» туш болоорубуз ажеп эмес экенин алдын ала аңдап туюнууга тийиишпис.

Мындай туюка алып барып кептей турган опурталдуу жолдун бизге кереги жок. Улут деген, коом деген элинин өткөнү-кеткени, келечеги менен иши жок, эсеп-кысаптан башканы билбеген, капчыгы кампайганына ыраазы, тумшугунан алысты көрбөгөн жетеленме, ээрчиме, “өзүмдүкү дегенде өгүздөй кара күчүм бар” деген өзүмчүл көрпенде көпчүлүк менен эмес, өз ишенимине жана позициясына эгедер, улуттун сыйынган ыйык нарктарын ичинен кадыр тутуп жашаган, улуттук өзүн-өзү аңдап түшүнүүсү жана ар намысы өнүккөн инсандары менен күчтүү.

Басым коюп айта турган нерсе, биз жогоруда белгиленгендей, капиталисттик рынок мамилелери талкалап, бүлүндүрүп, “көзүн тазалоого” үлгүрбөгөн, цивилизация биротоло бузуп бүтпөгөн Кыргыз рухунун, Манас рухунун түптүү, уңгулуу дөөлөттөрүнө

жаңы өмүр берүүгө тийишпис. Демек, ТАРБИЯ деген улуу нерсеге кайрадан кайтып келишибиз керек.

Таалим-тарбия маселеси стратегиялык маселе катары ар дайым мамлекеттин көңүлүнүн чордонунда турушу эп. Анткени тарбия адамзат, улут, социум топтогон социалдык-тарыхый тажрыйбаны, маданиятты, руханий адеп-ахлак салттарын муундарга мурастап өткөрүүнүн куралы. Коомдогу өтмө-катыштык жол-жобосун жүзөгө ашырып турган улуу күч-тарбия механизми аркылуу гана коом – коом катары сакталат жана келечекке карай илгерилеп өнүгөт. Тарбиялоо-бул коомдун мүдөөлөрүнө жана муктаждыктарына жараша адамдын адеп – ахлак сапаттарын калыптандыруу боюнча максатка багытталган, планченемдүү иш. «Мамлекет өз жарандарынын рух адамдары болуп калыптанышына камкордук көрүүгө милдеттүү. Руханиятсыз адам коому–бул макулуктардын коому» (И.П. Подласый, Педагогика, 28-б.) «Замана деген ушундай, таптаганга жараша түшүм берет кызылдай, тарбияңа жараша, уулуң болот замана» (Нурмолдо), “Билбегенин билгизип, минтип жолго салалы, туйбаганын туйгузуп, Манасты туура жолго салалы” (“Манас” эпосунан), “Баланы жамандан адаштыр, жакшыга жанаштыр” (эл макалы). Элдик педагогика илгертен бери карай коомдогу таалим-тарбиянын ролун ар дайым көсөмдүк менен аныктап, ага чечүүчү маани берип келген.

Тилекке каршы бүгүнкү социалдык-экономикалык жаңы шарттарда эгемендүү кыргыз мамлекети өзүнүн таалим-тарбия стратегиясын, программасын иштеп чыгууга, аны системалуу түрдө жолго коюуга маани бербеди. Мындан улам өлкөдө келип чыккан вакуумду батыштык массалык маданияттын арзан стандарттары жана баш-көзсүз стихиялуулук ээлеп, түркүн күчтөр, чет өлкөлүк диндик секталар тарбия «арабабызды» Крыловдун тамсилиндегидей бири туурага тартса, бири өйдөгө тартып, бири төмөнгө тартып, жаш муундарыбыздын социалдашуусу ыраатсыз, башаламан өтүп жатат.

Кыскасын айтканда, азыркы кырдаалда эгемендүү республикабыздын, мамлекетибиздин коомдун коом катары, калктын калк катары сакталышына жана өнүгүшүнө тирек-таяныч болуп берчү, андагы таалим-тарбия ишине багыт-маяк катары кызмат кыла турган өзүнүн социалдык-философиялык, моралдык-

этикалык, руханий-патриоттук дөөлөттөрүнүн системасын иштеп чыгып, аны муундардын социалдашуусунун кызматына чегүүсү күн тартибинде турган өтө курч маселе болуп турат.

Бир жагынан терең карай келгенде, таалим-тарбияга багыт-маяк, тутка болуп бере турган ошондой нарк-дөөлөттөрдүн системасы Кыргыз рухунда, Манас рухунда жаткандыгын алды жактагы "Улуу Манас эпосунун улуттук жана дүйнөлүк мааниси" аттуу эмгектен көрүп өттүк. Муундардын тарбиясына тирек, түркүк, өрнөк болчу мазмундук гүлазыкты кылымдап калыптанган, жана айтылгандай, цивилизация "оп тартып жутууга" үлгүрө элек өзүбүздүн улуттук коломтобуздан издегенибиз ылайык. «Улуттук көрөңгөсүз, элдик аңызсыз эч нерсе өспөйт жана эч кандай мөмө болбойт. Ар кандай мөмө-жемиш өсүш үчүн өзүнүн топурагы, өзүнүн климаты, өзүнүн тарбиясы болуш керек. Бутундун алдындагы бекем кыртышсыз алдыга ийгиликтүү жылуу мүмкүн эмес» (Ф.М.Достоевский).

Эмесе, ата-бабаларыбыздын "канында" жашап келген, сансыз жылдарды аралап, "белес-белден бороондоп, беш удургуп өтүп" келген кыргыз рухунун, Манас рухунун уңгулуу, күнүмдүккө эмес, түбөлүктүүлүккө эсептелген кенчтерине дагы бир жолу көңүл токтотолу.

Биздин элдин менталитетинде индивидуалисттик-коммерциялык жана технократиялык дүйнө жоготуп, таппай калган эң мыкты сапат-касиеттер бар. Ошолордун бири – коллективизм. Айдоого тукум сээп жатканда Баба дыйкан бизде мындай дейт: «**Жылуу жерден конуш тап. Мунусу - жетим-жесирге, мунусу - алсыз карыпка, мунусу – курт-кумурскага, мунусу – сурамчы-тилемчиге, саламчыга, сизге, бизге, мага**». Мына, жалпынын кызыкчылыгын көздөгөн элдин улуу коллективисттик, гуманисттик, адамгерчиликтүү этикасы. "Манастагы" айтылуу Бос талаада аксакал дыйкан адам менен өнөктөшүп дыйканчылык кылып, кырманга кызылды үйгөн баатыр Манас мындай деп ойлонуп турат: "**Ушул тоодой буудайды, бакыр менен мискинге, баарын төгүп беремин**!" Баба дыйкандай башкаларга жарыгын чачып, жакшылык кылуу Манастын да рух сапаты. Колективисттик психология Манас бабабыздан бери карай келе жаткан кыргыздын жан дүйнө касиети. Колективдүүлүк, жамаатчылдык, орусча айтканда, собордуулук индивидуалисттик принципти карманган европа үчүн бүгүн кыйла эле чоочун болуп калган. Ал эми бул

касиет биздин стихиябыз жана "каныбызда" жашайт. Бүгүнкү дүйнөдө жоголуп бараткан мындай колективисттик улуу руханий касиетти сактап калуу жана өзүбүз менен кошо ала жүрүү кыргыз менталитетинин саламатчылыгын аныктаган көрсөткүчтөрдөн болмок. Дегеле, кыргыздын адеп-ахлактык көз карашы боюнча адамдын жашоосунун баа-баркы ишинин кандайдыр бир өзүнөн бийик турган ыйык нерсе, жогорку коомдук дөөлөт, милдет менен болгон тыгыз байланышында, бүтүндүн бөлүкчөсүмүн деп эсептеген акыл-эстүүлүгүндө жатат. Манас рухунда жогорку дөөлөт эмне? эмне ыйык? эмне улук? Биринчи иретте, Ата журт ыйык, анын боштондугу, көзкарандысыздыгы ыйык ("кызыктуу жерди алдырып, кыргыз улуу болгончо, кырылып жатып калалык, кайтарып жерди албасак, кан жөткүрүп калалы"-эр Манас). Ала-Тоонун бүтүндүгү, ак калпак журттун баш кошкондугу жана биримдиги улук ("кулалалы жыйып куш кылдым, курама жыйып журт кылдым"-Манас). Акыйкатка, актыкка, адилеттүүлүккө негизделген достук ыйык (Алманбет менен Манастын, Манас менен Көкчөнүн достугу). Ата журттун мүдөөлөрү, калайык-калктын жогорку кызыкчылыктары, Мекен алдындагы парз ыйык (Чубактын, Сыргактын мекенчилдиги). Ата конушка агынан жарылып ачылган адал эмгек-мээнет улук (Бөлөкбай устанын өлбөс эмгеги). "Манаста" эмне улук? Эл-журттун мүдөө-кызыкчылыктары менен жуурулушкан абийир, ар намыс улук (Кошой батырдын 80 жашында калк намысы деп Жолой менен күрөшкө түшүүсү). "Манаста" дагы эмне ыйык? Алмустактан бери келаткан ата-баба салты ыйык, наркы ыйык. Эне ыйык (Ажо Манастын энеси Чыйырдыны ак сарай салып берип, төбөсүнө көтөрүп багышы жана Алманбет менен достук антын бекемдеш үчүн апасы Чыйырдынын эмчек сүтүн эмиши).

"Манаста" жоопкерчилик моралдык категориясы, сөз менен иштин биримдиги-жогорку дөөлөт (Манас батырдын сөзүнө туруп, берген антын иш жүзүндө аткарышы. Каныкейдин Манастын уулу Семетей жөнүндөгү керээзин аткарып, баласын Букарда өстүрүп, ананТаласка алып келип, Айкөлдүн Ордосун калыбына келтириши). Манас менен Каныкейдин жүрүм-туруму сөз менен иштин биримдигинин символу катары бүгүнкү тукумдар үчүн өзүнчө бир адеп-ахлак идеалы.

Кыскасы, санай берсе, "Манастын" туу туткан ыйыктары арбын. Биздин атуулдук-жарандык жашообуздун идеалы

үлүлчөсүнөн кабыгынын ичине кирип кеткен өзүмчүл эмес, коомду ийни менен тиреп, жамаатка түркүк боло билген мекенчил, айкөл атуул. «Ата баласы болсоң болбо, эл баласы бол», «Жаман киши өз камы үчүн жүгүрөт, жакшы киши эл камы үчүн жүгүрөт», - дейт эл макалы.

Эпосто Манас батырдын энеси Чыйырды келини Каныйкей тарабынан “Айдыңы көлдөй дарыям, тоодой болгон төрөмдүн, өзүн тапкан олуям, көрүп койсом көөнүм ток, карап койсом кардым ток,” деп мүнөздөлөт. Чынында эле, Чыйырды айкөл энелердин бири. Анын эң өзөктүү касиетиринин бири-мээримдүүлүк. Чыйырдынын баласы Манаска төккөн мээрими ченемсиз. Чыйырды-кыргыз рухунун мээримдүүлүк касиетин көтөрүп жүргөн каарман. Жан дүйнөнүн жоомартыгы, мээримдүүлүк, гумандуулук сыяктуу дөөлөттөр таалим-тарбия механизимдери аркылуу муундан муунга өткөрүлүп келген. Манас урпагы Калыгул даанышмандын этикасы насыяттайт: «Орой айтсаң адамга жукпайт, орой сөздү киши укпайт, сылык-сыпаа сөз жетет, ал мээге эмес, жүлүнгө кетет». Элдик кеменгерлик боюнча ороойлукту назиктик, сылыктык, ачууну токтоолук, сабырдуулук, жек көрүүнү мээрим менен сүйүү жеңет.

«Куйругу жок, жалы жок, кулан байкуш кантти экен, же сойлоорго буту жок, жылан байкуш кантти экен» деген улуу Асан Кайгы кыргыздын экологиялык маданиятынын, экологиялык акылмандыгынын символу. Асан Кайгынын адеп-ахлагы табият менен жуурулушкан руханий аруулуктун өрнөгү. Кишинин жер менен киндиктеш экенин, жер менен коюн-колтук алышкан улуу биримдиктин зарылдыгын туюнтуп, ата-бабалар ким табиятка каршы барса, кийиктерди миң-сандап кырган Кожожашчасынан аскада калып, апаатка учурарын адамзат балдарына эскертип кеткен. Жаратылыш менен гармонияда жашоо – бул элибиздин илгертен келаткан экологиялык улуу осуяты. Бизде жерди **ЭНЕ** деп атаган улуу касиет бар. Жаратылышка болгон боорукер мамиле – инсандын гумандуулугунун, адеп-ыйманынын ченеми катары саналат. “Манаста” күлүктөр, тулпарлар батырдын жан досу катары эсептелип, кишидей эле урматталат.

Улуттук менталитетибизде меймандостук, кайрымдуулук, күйүмдүүлүк, башкаларга жардамдашкан боордоштук касиети, керегелеш, үзөңгүлөш, канатташ жашаган калктар менен достук

салты өнүккөн. **“Эр достугу – эгиз, эл достугу – деңиз”, “Эки эрдин достугу бир белден ашырат, эки элдин достугу миң белден ашырат”.** Кыргыз элинин салтындагы мындай достук этикасы – бүгүнкү улут аралык ынтымактын ачкычы.

Элдик этикада калыстык (Бакай), чынчылдык, адилеттүүлүк, акыйкатчылдык (Ысык-Көлдүн жети акеси), “таш менен урганды аш менен урган” айкөлдүк, топуктуулук, сабырдуулук, кечиримдүүлүк, ж.б. асыл сапаттар ар дайым даңазаланып, адамдык жүрүм-турумдун идеалы болуп келген.

“Зөөкүрдү чабар камчы бол, кургак жерге тамчы бол, дүлөйлөргө кулак бол, чөлдүү жерге булак бол, аргымак минген баатыр бол, алсыздарга жакын бол, жетимдерге көмөк бол, канкорлорго касап бол, калп айтканга мазак бол, урууларга айгак бол, ушакчыга сайгак бол, эрегиш чыкса элчи бол, эл-журтуңдун кенчи бол, кара өзгөй болбой калыс бол, кошоматтан алыс бол, жери жокко конуш бол, эти жокко союш бол” (Жеңижок). Улуу акын Жеңижоктун бул осуятында адамдык-атуулдук, патриоттук жүрүм-турумдун бүтүндөй бир кодекси, программасы берилген. Кыргыздын акылмандары менен чыныгы элдик уул-кыздары ушул кодекс менен жашагандыгы чындык.

Патриотизм – элдик моралдын бийик касиеттеринин бири (“калкым кыргыз сен үчүн, курман болуп кетейин” – Манас. “Денем афган жеринде калса калсын, жүрөгүмдү Алайга алып барып көмгүлө” – Курманжан датканын уулу Абдылдабектин керээзинен. “Элимди, жеримди кор кылбай, өмүр бою коргойм” – Эр Солтоной).

Кыскасы, тарыхтын узак жолун баскан элибиз өсүп жаткан муундарга адам болуунун жолун, шартын көрсөткөн моралдык-этикалык дөөлөттөрдүн бүтүндөй бир системасын иштеп чыккан. Мына, кыргыз элинин адеп-ыймандык улуу эрежелери. Өзүнүн жалпы адамзаттык мүнөзү менен айырмаланган бул эрежелер, керек болсо дүйнөлүк ыйык китептер «Куран» менен «Библиянын» негизинде жата турган асылнарктар го. Бул адеп-ахлак осуяттары кыргыз элинин улуу эл экенин айгинелейт. Кыргыз эли мына ушундай кайталангыс руханий, адеп-ыймандык маданиятын өзүнүн миңдеген жылдык узак тарыхында дүйнөнүн ой-чуңкурун көрүп,

Азиянын бороон-чапкындуу мейкиндеринде, жашоо үчүн каарман күрөштүн жолдорунда азап-тозокту, ысык-суукту, ачуу-таттууну баштан кечирген татаал жана эң бай өмүр тажрыйбасынан жууруп жараткан. Дагы айталы, ушул адеп-ахлак нарктары кечээки ата-бабаларыбыздын жүрүм-турумунун регулятору болуп келген жана тарыхтын «аяздуу бороон-чапкындарында» улутубузду аман-эсен сактаган башкы тиректерден болгон.

Кыскасын айтканда, биздин кыргыз элибизде дүнүйө-мүлктөн, материалдык байлыктан рухий байлык, ыймандык дөөлөт ар качан жогору коюлуп келген. Кыргыз насилинде биринчи орунда адамдык нарк, кишилик касиет, адамкерчилик турат. Ошон үчүн акын: «Карайлычы, кечөөкү өткөн бабама, жашай билген жетип өмүр баркына, атаң көрү, бу опосуз дүйнө деп, кызыкпаган акча менен алтынга, кызыккан ал адеп-ахлак наркына, бекем турган адамчылык шартына» деп туура ырдап мүнөздөп жатат.

Биз жана өйдө жакта дүйнөлүк даанышмандар бүгүн адамзат коомунун мындан аркы өнүгүшүнүн маңызы жана чен-өлчөмү ыйман-абийирдин, рухтун, жандилдин өркүндөшүндө, адамдын адамдык касиеттеринин гүлдөп өсүшүндө деген бүтүмгө токтоп турушкандыгы жөнүндө айттык. Андай болсо кыргыз акылмандыгы илгертен эле ушундай философиянын нугунда ойлонуп жана жашап келген дегибиз келет.

Кыргыз элинин руханий-ыймандык субстанциясы болуп эсептелген жогорудагы нарк-дөөлөттөр бүгүн таалим-тарбиянын мазмуну үчүн табылгыс көрөңгө, гүлазык, түгөнгүс ресурс. Эгер ушул асыл баалуулуктар: үй-бүлө, бала-бакчалар, мектептер, лицейлер, гимназиялар, колледждер, университеттер аркылуу кызыл сызык болуп алынып өтсө, ушул кенчтер ар бир жаш адамдын көөдөнүндө жүрөк болуп дүкүлдөп согуп турса, анда мунун өзү улутубуздун жана эгемендүү мамлекеттүүлүгүбүздүн сакталышынын жана түбөлүктүү келечегинин гарантиясы, ошондой эле, элибиздин дүйнөлүк көчкө өз жүзү, өз колорити менен кошулушунун кепилдиги болмок.

20-жылдардын башында “Манасты” жаздырып жатып Сагымбай Орозбаков Ыбырайым Абдрахмановго: “Азыркыбызга кейибейли, кийинки укум-тукумубуз үчүн кейийли. Жүр-нарыга салбай жакшылап айтып, жакшылап жазалы. Азыркылар билбесе, кийинки калыс өспүрүмдөр билер. Бизге рахмат айтышар” – деген оюн калтырган. Акылман, кеменгер манасчыбыз “Жүздөгөн

жылдар бою кыргыздар үчүн таалим алуучу роман-китептин, таасирдүү сахнанын жана экрандын, өткөндү эске салуучу тарых китебинин ролун аткарып келген" (Б.Юнусалиев) улуу "Манастын" мындан кийинки жаш муундардын, болочок тукумдардын акыл-эси, рухий таалим-тарбиясы үчүн зор мааниси бар экендигин ошондо эле көрөгөчтүк менен баамдаган. Элдик оозеки чыгармачылыктын чоң күйөрманы, чыгаан акыныбыз Алыкул Осмоновдун да улуу эпосубуздун педагогикалык, билим берүүчүлүк маанисин учурунда өзгөчө басым коюп белгилегендигин да эскерип айта өткүбүз келет: "Кыргыз жаштары "Манасты"окуу менен коркпостукту, келечекке жайдары кароону, жаңы доордун сонун иштерине акниет жана берилгендик менен кызмат кылуунун касиеттерине үйрөнүшөт", - деп жазган акын.

Сагынбай Орозбаков менен Алыкул Осмоновдун "Манас" эпосунун тарбиялык потенциалы жөнүндөгү көрөгөч ойлорунун чындыгын бүгүнкү жогорку окуу жайларындагы "Манастаануу" сабагынын практикасы да ырастап отурат. Студенттердин өздөрү "Манас сабагынан" кийин жазган дилбаяндарында төмөнкүчө агынан жарылып ачылышкан: **"Манас баатырдын антын карачы, эмне деген алтын саптар, эмне деген керемет сөздөр! Бул саптардын ар бири биз үчүн маанилүү, анткени ушул ар бир сөздүн артында көөнөргүс кенч, айтылып бүткүс эрдик, эл үчүн өзүнүн жанын аябай курмандыкка чалуу, мекенчилдик, сөзүнө болгон бекемдик, айткан сөзүн аткара билүүчүлүк сыяктуу "төрт тарабы төп келишкен" инсанга тиешелүү асыл сапаттар жатат. Анан кантип ушундай сапаттар жаш муундарды ойготпой койсун. Бул нерсе ар бир адамды патриоттуулукка, Ата мекендин коргоочусу болууга, берген убадасын аткарууга, элин, жерин көздүн карегиндей сактоого тарбиялайт"** (Орозбай кызы Акбермет). **"Манас сабагынын" мага калтырган таасири өтө чоң болду. Менин элиме болгон патриоттук сезимимди күчөтүп, ички дүйнөмө бүлүк салып, "ойлон кыргыз, ойгон кыргыз" дегендей, ичимдеги катылып жаткан энергияны ойготту, менин жашоого болгон көз карашым өзгөрдү. Көп нерсеге кызыгуу менен карап, бир гана күнүмдүк тиричилик жашоо менен алышпай, элим үчүн, жерим үчүн кызмат кылгым келет деген кыялдарым алоолонду"** (Имер кызы Айпери). **"Манас сабагынын" предмет катары расписаниеге коюлушуна мен ыраазымын"** (Үсөнова Уркуя). **"Манас**

**сабагын угуп отуруп, ошол каармандарга аралашып, кадимкидей көз алдыма элестетип, көзүмөн жаш тегеренген күндөр болду. Мен “Манастаануу” сабагын 1-курстан 5-курска чейин кирсе дейм”** (Жумакунова Асель).

Демек, бул дилбаяндар, эгерде тарбиячы-педагог “Манаста” айтылгандай “жүлүнгө жетээр кеп айткан, жүрөгүн өрттөп бек айткан” күчтүү, ийкемдүү, эффективдүү методиканы тапса, анда улуу эпопеянын жаштардын жан дүйнөсүнө, аң-сезимине таасир кылуу мүмкүнчүлүгү мол жана кең экендигин айгинелейт. Мынакей, жаштарды Манас руху менен сугарса болот экен.


Акырында, эгемендүү өлкөбүздүн тарбиячыларына кайрылып, айта турган сөзүбүз бар.

Эгерде биз капитализмдин, рынок коомунун жолуна түшкөн болсок, анда Ала-Тоодо адамдык, адептик-ыймандык жүзү бар (капитализм с человеческим лицом), гуманисттик, маданий наркы терең коомду курууга милдеттүүбүз. Рыноктун жапайы селине биз өзүбүздүн улуттук эркибизди каршы коюп, улуттук салт-наркыбызды сактап, коргоп, асырап багып, аны аң сезимдүү түрдө үгүттөп, жайылтууга тийишпис. Тарыхтын тажрыйбасы көрсөтүп турат. Улуттук көрөңгөдөн, кыртыштан, салттан ажыраганда маңкурт - кул, тамырсыз космополит келип чыгып жатат. Ырасында эле, чыгыш аклымандыгынын калкты салттуу дөөлөттөрүнөн ажыратуу ошол элди жоготуу менен барабар деген оюнда акыйкат бар. "Улутка тыш жактан бөтөн, жат идея, идеология таңууланса, анда ал жанагы бөлөк бирөөнүн жүрөгүндөй болуп калат. Кыргыз элинин өзүнүн философиясы, өзүнүн жүрөгү, көрөңгөсү бар. Ушунун баары - Манаста" деген сөздө чоң чындык жатат. Демек, эгемендүү өлкөбүздүн тарбиячысы, биринчи иретте, өзүнүн улуттук улуу мурастарынын этнопедагогикалык түптүү кенчтери менен куралданышы шарт. Эгер биздин атуулдарыбыз өзүнүн бир боор кыртышына тамырын терең житирип турган дарак сындуу тарбияланган болсо, кеңири жалпылап кыска айтканда, эгер улуттук маданияттын түркүгү жергебизде бекем орнотулган болсо, анда калкыбыз ар кандай чоочун маданий экспансиянын, сырткы терс таасирлердин бийлигине алдырбай, дүйнөлүк миграциянын жана интеграциянын ассимляциялап жиберүүчү өкүм күчүнө туруштук берип, улут катары өзүнүн тарыхый менталитетин сактап, жалпы адамзат көчүнө татыктуу кошула алмак. Өзүнүн өзөк тамырынан ажырап калган дарак жалбырагы эч убакта башкага

жалгашып көгөрүп, көктөй албайт. Дарактын түпкү тамырынан өмүр алып турган жалбырак гана тышкы дүйнөнүн насиптерин-абаны, күндү жана башка азык заттарын кабыл алып, кулпуруп өсүүгө жөндөмдүү келет. Адам баласы да ошондой. Өзүңдүн улуттук топурагыңда өнө билсең гана башка цивилизациялар менен болгон алака-катышың, жалпы адамзаттык баалуулуктарды өздөштүрүшүң жемиштүү болот.

Дагы бир жолу айталы, кыргыз рухунун, Манас рухунун адептик-ыймандык улуу дөөлөттөрүнүн жана асылнарктарынын нугунда кайра жаралуу-эл-журтубуздун келечегинин, мамлекетибиздин бекемдигинин фактору.

# ЭКИНЧИ БӨЛҮМ:
# “МАНАС” ЭПОСУНУН РУХИЙ, МОРАЛДЫК-ФИЛОСОФИЯЛЫК ЖАНА ПАТРИОТТУК НАРК-ДӨӨЛӨТТӨРҮ



# Айкөл Манастын руханий, адептик-ыймандык жана патриоттук улуу өрнөктөрү

## 1.Манас баатырдын сыйынган улуу идеясы

Мен дагы өзүнчө калкмын, өзүнчө журтмун деген ар бир элдин төбөдөгү чоң кудайдан кийин дагы башка, бир катар сыйынган ыйык «кудайлары» болот. Бул улуттун туу тутуп, төбөгө көтөргөн ыйык идеялары. Ошондой сыйынган идея-“кудайлары”, пир туткан рухий, адеп-ахлак абсолюттары болбогон эл эл болуп, өзүнчө бүтүн, жумуру журт болуп жашай алмак эмес. Андай идеясыз, философиясыз калк тигиштери сөгүлүп, дал-далынан кетип, айрылган кийим шекилдүү ичинен өзүнөн өзү ыдырап, бириндеп, чабылып-чачылып, азып-тозуп, акыры эл катары жок болуп кетиши тарыхта боло келген иш.

«Биз дагы эне тууган эр элек, эзелден берки эл элек», делет «Манаста». Дал ошондой жалпы журттун ыйык көрүп, туу туткан, улутту ичтен чыңап, чыйралтып турган өзөктүү, чороондуу идеялары бар болгону үчүн кыргыз эли эзелден бери карай эл болуп жашап келе жатат. Ошондой кыргыз элинин тээ байыртан бери карай көңүлүнүн түпкүрүндө, жүрөгүнүн толтосунда алдейлеп, туу тутуп келаткан, эч нерсе менен алмаштыргыс ыйык идеясы – бул ак калпак калктын азаттыгынын, эркиндигинин, көз каранды эместигинин идеясы, ата журттун бөштөндүгүнүн, анын кол тийгистигинин, бүтүндүгүнүн идеясы, кыргыз улутунун биримдигинин идеясы, бир боор эл-журт үчүн, Ала-Тоо мекен үчүн каруунү казык, башты токмок кылып кызмат кылуу идеясы, керек болсо кайран жанды курман чалуу идеясы. «Манас» эпосу мына ушундай бийик жана улуу мекенчил идеяларды те илгертен өзөгүндө сары майдай сактап, көк асабадай желбиретип көтөрүп, укумдан тукумга үгүттөп өткөзүп келе жатат. Биздин «Манасыбыз» ушунусу менен улуу, түбөлүк көөнөрбөс да, ар дайым актуалдуу.

Манастын Ата журттун алдында берген улуу анты бул:

«Алты сан аман турганда,
Ыйык кыргыз жеримди,
Душмандын буту баскыча,

Асыл кыргыз элимди,
Тебелетип бөтөнгө,
Кор кылып карап жаткыча,
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Аткарбасам антымды,
Төшү түктүү жер урсун!
Көкө Теңир өзү урсун!»

Мына ушинтип, ак калпак элдин көз карандысыздыгы, эркиндиги, эгемендүүлүгү, биримдиги,Манас атабыз үчүн ыйыктын ыйыгы. Кыргызда ушул ыйык баалуулук таалим-тарбия механизми аркылуу укумдан-тукумга өткөрүлүп турган.

Манас атанын ушул улуу идеясы менен кыргыздын патриот атуулдары аба менен дем алгандай дем алып, тарыхта жашап, күрөшүп келишкен. Ата журт менен камыр-жумур болуп жуурулушкан биримдиктен кыргыз атуулу өз өмүрүнүн маңызын көргөн. «Алатоомсуз, мен киммин? - Ата-энесиз жетиммин!» - деген кыргыз. Кечээ XIX кылымда Манас атанын баатырдык салтында тарбияланган Эшкожо уулу Балбай баатыр, Кулубек уста мыктылап жасап, тартуулаган айбалтаны таянып туруп: **"Эч кимге элимди кул кылбайм, жеримди тепсетпейм"**- деп, ант берген. Кийин ошол эле Балбай баласы Мойнокко: **«Элиң үчүн өрт аралап, ок кеч. Кандай да болбосун, жоо колунан сактап кал. Душман чегиңе тийбесин, элиң каран калбасын. Чынардай боюң өскүчө, чырактай отуң жансын. Коломтоңон от өчпөсүн да, казаныңдан аш кетпесин»** - деп, керээз-насаатын нускалаган.Кыскасы, Манастан мурасталып калган Ата журт эркиндиги идеясы кыргыз баласынын социалдык-маданий "генетикасында" жашайт. Азыр да элдик менталитеттин тереңинде «жүрөк кагып» турат.

## 2.Манастын патриот болуп жетилишинен кабар

Жаш Манас патриоттук идеяларга, ишенимдерге, мекенчил философияга кандай жол менен өсүп келген?Ушуга көңүл буруп өтөлү.

" Кой ордуна айдалып, колу артына байланып" Алтайга айдалып барган элдин басса-турса оозунан түшүрбөй айтканы -

кыргыздардын Алоокеден көргөн кордугу болгон. Алоокенин салган алааматы алтайлык кыргыздардын эсине өчпөс из калтырган. Бала Манас андагы Акбалта сыяктуу карыялардын оозунан:

Кечээ кызыкты калмак кылганда,
Кыргызды чаап алганда.
Биздин катын, кызды олжолоп,
Күл чыгарган күң кылды.
Ойноо бала уулумду,
Уй кайтарган кул кылды.
Кечээ кылчайганды кырганда,
Чамгарагын талкалап,
Кара калмак киргенде,
Каяшаяк бергенди,
Куйкасынан тилгенде.
Бардигер күчүн салганда,
Бүт баарыбыз кайгырдык,
Бир туугандан айрылдык – деген сыяктуу

каңырык түтөткөн трагедиялуу тарыхты далай уккан.

Айланасындагылардын:

Кара өзөн кайда, бел кайда?
Аталаш кыргыз эл кайда? —

деп сагынычтан арман кылып, сакалдарынан ылдый жаш куюлтушуп ыйлап турушкандыгын да өз көзү менен көрүп турат. Мына ушундайларды угуп көргөндө, бала Манастын жаш жүрөгү сыздап, ичи түтөп, катуу бушайман болбой койбогон. Чоң атасы Ороздунун эл журтунун капа болуп кайгыда калганына намыстанып, эрдин кесе тиштеп, муштумун түйүп, тишин кычыратып кара ниет душман калмак-кытайга кекенүүсү, кыжырдануусу башталган. Анын үстүнө ошол Алтайдагы жергиликтүү калмак-кытай калкынын балдары да кыргыздардын балдарын теңине албай чоңдугун салып:

«Тентип келген бурут,
Бул буруттун балдарын,
Чуркуратып курут!» - дешип тийишип,

кыжырды кайнатып, намыска тийип турушат. Жергиликтүүлөрдүн мындай кекирейген мамилеси намыскөй сергек баланын ызасын келтирип, арын ойготуп, ого бетер көзүн ачат. Акыры дос ким,

душман ким экенин тааныган жаш бала Манас калмактын каптап келген сексен баласына карата:

«Айдардуу кара калмагым,
Тим турган жанды тим койбой,
Күчөсөң түпкө жетейин,
Күчөгөн экен калмактар
Мен бир күрпүлдөшө кетейин» - деп, катуу жинденип, биринчи жолу жоо тараптын жосуну бузук тукумдарына аёосуз уруш ачат. Бул кармаш жаш Манастын кыргыз элинин боштондугу үчүн күрөшүнүн алгачкы башталышы болгон.

Алтайдагы кыргыздардын жетекчиси Акбалта «Манаста»:

«Билбегенди билгизген,
Билимдүү экен Акбалта.
Туйбаганды туйгузган,
Туйгун экен Акбалта», - деп мүнөздөлөт. Мына ушул Акбалта кордукта жүргөн эл-журттун колун чеччү шер келгенин көрөгөчтүк менен астыртан баамдап, бала Манасты өзү баш болуп, өзгөчө көзөмөлгө, камкордукка алган. Акбалта Жакыпка тууганчасынан моминтип жашыруун кеңешин айтып турат:

«Бир адамга туйгузбай,
Издегенге билгизбей,
Ок өтпөс тон кийгизип,
Ок жетпес ат мингизип,
Манасты жолго сактап багалы.
Билбегенди билгизип,
Минтип жоого салалы.
Туйбаганды туйгузуп,
Туура жолго салалы».

Демек, бала кезинен тартып Манастын руханий тарбиячысы айыл аксакалы акылман Акбалта болгон дешке толук негиз бар. Манас далай азап-тозокторду башынан кечирген, Алооке хандын алааматынын ичинен боздоп чыккан, турмуштук тажрыйбага карк, элдик потриот Акбалтанын билбегенди билгизген, туйбаганды туйгузган мектебинен өткөн десек жаңылбайбыз.

Манасты хан көтөрүшкөндө да, аны ак кийизге Акбалта өзү жетелеп келет. Хан көтөрүшкөн соң, «Алатоо жолун чалып кел, туугандан кабар алып кел» деп, Манасты Ат-Башыдагы эр Кошойго жөнөткөн да Акбалта. Манастын биринчи мугалими чындыгында эле Акбалта болгон. Кыскасы, жаш Манастын потриоттук аң сезиминин, жашоо философиясынын туура нукта ыкчам жетилишинин катализатору катары кызмат кылган факторлор аз болгон эмес.

Мына ошентип, күчтүү чет жоодон жеңилип, тымтыракайы чыгып, туш-тушка чилче тараган, ар кай жерде андаалап кор турмуш өткөрүп, эл катары жок болуп кетүү коркунучу алдында турган бир боор кыргыз калкынын кайгылуу тарыхынын мисалында, тентиген бурут атыгып, душмандын көзүн карап, кейип-кепчип күн көргөн алтайлык кыргыздардын күнкор тагдырынын мисалында, ошол Алтайдагы ак элечек байбичелердин, ак калпак карыялардын туулган жер деп буркурап ыйлаган муң-зарынын мисалында, өзүнүн алтайдагы балалык ачуу тажырыйбасынын мисалында Манас атабыз мына момундай жыйынтыкка келген: Ата конушуң, эли-журтуң жоонун, үстөмчүл кара күчтүн колунда болсо, булуттуу көктүн астындагы, муундуу чөптүн үстүндөгү өмүрүң кор, ичкениң ирим, жегениң желим. Этек-жеңиңди жайылтпай, канат-куйругуңду кыркып турушат. Дүмүрүң түбүнөн казылат, түркүгүң суурулат. Таманга басып жүн кылат, ачык күнүң түн кылат, койдой айдап кул кылат. Өз Ата журтуңда бутту кенен сунуп, атуул катары алчактап жашай албайсың. Эркин жериң болсо, эркин элиң болсо гана, өз тагдырыңа өзүң кожоюн болсоң гана сен Ата конушуңдун эркесисиң. Калкың бир атанын балдарындай биримдиктүү, ынтымактуу болсо, элиңдин ок өтпөгөн тону, ок жетпеген аты болсо, анда эч кандай душманга алдырбайсың.

Манас ата турмушту талдап келип, мына ушундай ынанымга, ишенимге бекиген. Анан мына ушундай ички терең ишенимден чыгып, ар жерде чачылып калган кыргыз калкынын башын кошуу, бириктирүү, душманга каршы аёосуз күрөш ачуу, Ата журтту боштондукка чыгаруу, элдин башын азат кылуу, кыргыз мамлекетин түзүү сыяктуу опол тоодой маселелерди, башкача айтканда, чачылганды жыйноону, үзүлгөндү улоону, жоголгон жокту табууну, «Кулаалы жыйып куш кылууну, куранды жыйнап журт кылууну» - кечиктирилгис практикалык милдет катары өз алдына айкүрүнөн

койгон. Бул милдеттер анын атуулдук, адамдык ар намысынын, абийиринин иши болуп калган.

## 3.Манастын шердиги

Тарыхчы Белек Солтоноев өзүнүн "Кызыл кыргыз тарыхы" деген китебинде: "Кыргыз кандайды баатыр деген? Кыргызда баатыр алты даражага айрылат"- деп жазат.Ошол алты даражага бөлүнгөн баатырдыктын биринчи жана экинчи даражасын Б.Солтоноев мындайча мүнөздөйт:

"**Биринчи**. Октон-чоктон кайтпастан, алды-арты, аз-көбүнө карабастан, жоо миң киши болсо да жалтанбастан тоодон кулаган таштай чимирилип жалгыз качырып, күндүз, мейли түн болсун, тоо, аң-кемерди көзгө илбестен жоого тийип, жоону кайта-кайта аралап салышып, быт-чытын чыгарып качырат. Же өзү талкаланат.Мындай баатырларды "Адам шери" деп атаган. Мындай баатырлар кыргызда боло келген, биринчи баатыр ушул.

**Экинчи.** Жоодо жаралуу болуп калса да, маселен, колу сынса мойнуна тагып асып коюп, буту сынса канжыгасына байлап коюп урушкан. Жарага өтө чыдамдуу болуп көтөргөн, башынан аккан кан көзүн көрсөтпөй каптаса, шыпырып коюп, согуша берген. Суусап кетсе атынын терин жалап жүргөн. Мындай баатырды "Кара көк жал" деген".(Белек Солтоноев. Кызыл кыргыз тарыхы,Бишкек,-1993,Учкун,182-бет.)

Манас биринчи баатырга жатат. Ал эч нерседен кайра тартпаган, өлөр-тирилерине карабай отко-сууга түшүүгө даяр көйкашка шер. Болгондо да шердин шери. Манас өзүнүн жалтанбас көйкашкалыгын бала күнүндө эле далилдеген.

Бала баатыр Манастын кабары Бээжиндеги Эсен ханга жетет. Калмактын Тагылык дегени: «баатырдын баарын сомдоду, балбандарың сойлоду, Манас бирин да тирүү койбоду», деп жамандап жеткирип барат. Ачуусу келип, жини кайнаган Эсен хан «айласын тапсаң жайлап кел, айлалуу болсоң Манасты, акыры тирүү байлап кел», деп Дөөдүр алпты, Кайчы кулак каман алпты, Жолой дөөнү баш кылып, Алтайга аскер жөнөтөт.

Төбө чачы сүксөйгөн, жеп ийчүдөй үксөйгөн, жан казандай башы бар, жаткан иттей кашы бар алп Жолой, дөө-шаалары менен

Алтайдагы кыргызга заматтын ортосунда каптаган селдей кирип келет. Ошондо коркконунан сакал, чачы бириндеп, тула-бою дирилдеп, Жакып чалМанаска: «айтканына көнөлү, Алтайдан күткөн сан кара, баарын тартуу кылып берели» – дейт. Ошондо Манас атасы Жакыпка мындай дейт:

Кокуй, ата, не дейсин,
Неге мынча маанай бас?
Жоого, намыс бергенче,
Ажалым жетсе өлөйүн,
Малым менен жанымды
Олжого кантип берейин!
Катүгүн, ата, не дейсин,
Айманбоз берчи минейин.
Капкайдан келген балбанды
Мен кайра Бак-Бурчун айдап кирейин!
Өлбөй тирүү жүргөндө
Не мураска жетейин.
Калкым кыргыз, сен үчүн
Курман болуп кетейин.
Зордукчу кара кытайга
Согушту минтип салайын.
Телпейген кара калмактан
Быйыл теңдигим тартып аламын!
Кокуй, ата, кейибе,
Найзалашып топ бузам,
Тагдыр жетсе окко учам!

Мына ошентип, жаш Манас жоо-жарагын шайланып, кырк жолдошу менен кытай, калмакка кыргыйдай тийип, кызыл-кыргын согушту баштайт. Бала Манастын кайратынан айбатынан жоонун үрөйү учуп, мандай-тескей келгенде туруштук бере алышпай, алптар менен дөөлөр ат үстүнөн камгактай учуп түшүшөт. Манас өзү келип катылган жоонун таш талканын чыгарат. Эсен хандын чоң Жолой баштап келген колунан ажырап, өзү Каңгайды көздөй карайлап качып, акыры калың токойго кирип кетип кутулат.

Мына ушинтип, жаш Манас Алтайдагы бир ууч кыргызды баштап, Каңгайдын калың колуна ылаачындайтийип, өзүнүн эч нерседен тайманбаган шер экенин ырастайт. Ал андан ары өмүр бою ушул шердигинен жазбайт.

Шер Манастын баатырдын уруштагы каар-айбатын, сүрүн дагы бир жолу байкап көрөлү. Айтылуу "Чоң Казатта" Манастын жоо менен беттешкен учуруна көз салыңыз.Манас учун ууга сугарган, бөрү тил мизин чыгарган, шамалга тийсе ырдаган, тийген жери ырбаган найзасын сундуруп, шиберге койсо өрт кеткен, шилтегени мүрт кеткен ач албарс кылычын кындан суурул, касиеттүү Аккелтесин «күр-р» эткизип атып, ач айкырыкты салып, каптап келген каңгайдын колун качырып кирди. Чабуулга кирген арстан Манастын көрүнүшүнөн, кереметтүү колдоочуларынын түрүнөн адамдын үрөйү учат:

Жеке, башы баатырдын
Жети миңколдой шаңы бар.
Ажыдаар, түрү дагы бар.
Ажалы жеткен турбаса,
Астына пенде тургусуз.
Ажыдаар жылааны
Артынан сойлоп калыптыр.
Көсөө куйрук көк бөрү
Көк жал ээрчип алыптыр.
Алп кара куш арбайтып,
Асмандан бутун салыптыр.
Кара чаар жолборсу
Жолду баштап калыптыр.
Айбаты башка көрүнүп,
Асманга тозоң бөлүнүп,
Айкырып баатыр киргенде
Калмактын чети сөгүлүп,
Аккула менен чуратып,
Астына каршы келгенде
Ак найза менен сулатып,
Алыскысын найзалап,
Жакынырраак келгенин
Ач албарс менен кайсалап...

Манастын айкырып салган алааматына чыдабай жоонун колу кайра артына жапырылат.Ажонун арстандыгына шыктанып, Манастын артынан «Манастап» ураан чакырып, жаачылары жаа чоюп, аламандап ат коюп, мылтыктын үнү тарсылдап, доолдун үнү

карсылдап, саадактын огу шаркылдап, кылычтын баары жаркылдап, асаба желек жалпылдап, кыргыздын колу жер солкулдаткан чуу менен согушка кирди. Колду баштап алышса, адамдын алы жетпеген, арстандын тиши өтпөгөн Чубак, Сыргак, Алмамбет, Бакай баатырлар, кызыл өрт болуп күйгөн кырк чоро чабуулга өтөт.

Манас өзүнүн ушундай шердиги жана көк жал чоролорунун эрдиги менен "Чоң Казатта" жеңишке ээ болгон.

## 4.Манастын мекенчилдиги же сөзү менен ишинин биримдиги

Анын акыл-эси ар дайым өз ата журтунун, элинин стратегиялык маселелери менен алек. Жогорку даражада өнүккөн патриоттук аң-сезими, намысы тынчтык бербей: «Атым өчүп калбайбы, атамдан калган Ала-Тоо, Алтайдан калбай албасам», - деп Манас дайыма толгонуп турат. Өз ата конушунун бирөөлөрдүн бийлиги алдында калганына катуу чычалап, арына келип, ичи өрттөнүп, санаа чегет: «Жердеп турат жеримди, ээлеп турат элимди, Текес менен Алооке, кетирип турат кебимди», - деп Манас баатыр дамамат түтөп турат. Ала-Тоонун, Анжиян менен Кашкардын душмандын таман алдында жатышын өзүнүн жеке инсандык ар намысынын тепселип жатышы катары туюнуп, эч бир жаны жай албайт. Анжиянда жаткан Алоокеден улам: «Атамдан калган жеримди, алдырып коюп Кытайга, аңкайып кантип турамын» - дейт Манас жер тепкилеп. Манас Ата конушту бирөөлөргө ээлетип, алдырып жиберүүнү өлүмгө тете иш катары санайт. «Кызыктуу жерди алдырып, кыргыз уулу болгончо, кырылып жатып калалык, кайтарып жерди албасак, кан жөткүрүп калалы» - дейт акылман шер. Баатырдын күнү-түнү санаа чегип, ойлогону күчтүү жоодон бүлүнүп, ар кайсы жерде чачылган кыргыз эли. «Андаалап кыргыз калыпсың, аттиң дүйнө не дейин», - деп Манас бармагын тиштеп, арман кылып турат. Ата журтту жоодон бошотуп, ошол андаалап калган алтымыш уруу ак калпак элдин башын кошуп бириктирүү, «Кулаалы жыйып куш кылуу, куранды жыйып журт кылуу» («Жыйнасам деген нээтим бар, кыргын, чапкын көп көрүп, кыйрынан азган элимди»)- Манас атанын көгөрө көксөгөн мүдөөсү, жүрөгүндө уялаган улуу идеясы

дагы айталы, - эркин, азат болгон Ата журт, көз карандысыз кыргыз эли, мекендин бүтүндүгү, ак калпак калктын биримдиги.

Эгерде Ата журттун азаттыгы, биримдиги, бүтүндүгү идеясы, маселен, түндүк болсо, ал түндүккө Манас жана анын чоролору уук сыяктуу сайылышкан. Ошон үчүн биздин"Ата журт – боз үйүбүз" каардуу бороондорго турuштук берип, жыгылбай, жоголбой сакталып калган экен. Биз кыргыздын бүгүнкү тукумдары да бүт жапа тырмак Ала-Тоонун эгемендүүлүгү, ак калпак кыргыздын биримдиги жөнүндөгү идея-түндүгүбүзгө Манас сыяктуу кырк уук болуп сайылышыбыз керек. Ошондо гана биздин кыргыз улутубуз жана Кыргызстан мекенибиз күч кубаттуу жана кебелбес, жеңилбес болмок.

Манас баатыр жогорудагы эл алдында берген антына акыр аягына чейин бекем туруп, мүдөөсүнө жеткен. Берген антына туруп, убадасын кыйшаюусуз түрдө аткарган. Манастын адеп-ахлагы - сөзү менен ишинин биримдиги менен улуу жана күчтүү.Бул жагынан Манас Ата биз үчүн моралдык идеал катары маяк болуп, маңдайыбызда жанып турат.

## 5.Манастын чакырыгы

Манас өзүнүн алдында күн тартибинде турган бийик патриоттук милдеттердин сересинен туруп, айланасына көз чаптырат, кыргыз журтунун ичиндеги камырабастыкты, алысты көрбөгөн кыска ойлуулукту, күнүмдүк менен чектелүүчүлүктү сынга алып, өз мекендештерин "арканды узун таштап", кенен ойлонууга, журт башына келчү коркунучтун алдында көздү чоң ачууга, сергек болууга, көр оокаттан бийик турууга, көрдүнүйө-мүлккө корстон болбоого, алдыда турган атуулдук чоң милдеттерди сезе билүүгө чакырат:

Коркстон болбо дүйнөгө,
Короодо жатат коюм деп,
Кор болбоймун оюм деп,
Комсоо кепти сүйлөбө.
Өрүштө жалкы малым деп,
Өзгөчө кыйын алым деп,
Өкүнүчтүү болор айткан кеп.

Жайытта жатыр уюм деп,
Сандыкта дүйнө-булум деп,
Санаага салсаң жаман кеп.
Жүк артсам арбын төөм деп,
Дөөрүгөнүң – жүдөө кеп.
Конокко сой бир койду,
Корооңо кой миң койду.
Бир карышкыр кириптир,
Миң койду кайдан тим койду.
Короонo канды толтурду.
Кырып баарын болтурду.
Аны кылды бөрүңүз,
Артын байкап көрүңүз.

Дүнүйө – мүлкүң түбөлүктүү түркүгүң эмес, деген Манас атанын бул акыл-насааты бүгүнкү кыргыз тукумдары үчүн да абадай керек. Бул терең маанини камтыган, жарандарды масштабдуу ойлонууга, көрөгөч болууга үндөгөн, сары алтындай уюган накыл кепти бүгүн да ар бирибиз жадыбалдай жаттап, көңүлүбүздүн түпкүрүндө сактоого милдеттүүбүз деп ойлойм. Кечээ эле биз Кыргызстандын жайыт толо ую бар, короо толо кою бар, өрүш толо жылкысы бар, кор болбойбуз деп компоё тартчу эмес белек. Бүгүн ошол короо толо коюң кайда, өрүш толгон жылкың кайда?

Бүгүн да дүнүйө жыйсам деп дүмүрөндөгөндөр, пулум болсо дүйнөм түгөл болор деп күнүмдүккө корстон болгондор, экономика болсо элим да бар, жерим да бар деп камырабай ой жүгүрткөндөр арбын. Туура, экономика зарыл. Бирок кыргызды түбөлүктүү кыла турган нерсе байлык эмес. Кыргызды уюткулуу, ордолуу дух сактайт, рух сактайт, алды-артын ойлонгон, жер тыңшаар Маамыттай жүз жылдык келечекти алдын-ала болжогон акылман акыл-эс, алысты көргөн айлакер саясат сактайт.Кыргыз элин 40 миң жылкылуу Жакыптын дүнүйөсү, Көкөтөй байдын сан жеткис малы, алтын-күмүшү сактаган эмес, ак калпак элди Манастын, Кошойдун, Бакайдын, Чубак, Сыргактын патриотизми, мекенчилдиги сактаган.

## 6.Калк кызыкчылыгын кайтарган Ажо

Айтылуу тарыхчы бабабыз Осмонаалы Сыдык уулу өзүнүн «Кыргыз Шабдан тарыхы» эмгегинде Кокон хандыгынын үстөмдүк доорун эскерип, минтип жазат: «Эми айтпай кетсек болбос. Сарт улуктарынын жамандыгына, зулумдугуна тундук. Кой деп малыбыздан зекет алар эле. «Адамга да зекет бар, сулуу кыз бересиңер» деген. Мал санаганда ат баккан адамдары чыгып санаар эле.Элүү кой санаса, бир чыны чай колунда турат эле.Көк шалыдан өтүгү бар такасы бийик, ошол өтүгү менен салынган көрпө, жаздыкты тепсеп булгаган». Биз ошол тепселген, булганган жаздыктарга символдук маани бергибиз келип турат. Албетте, ал жаздыктар айрым кишилердин жаздыктарыдыр. Бирок, Ата журттун да өзүнүн ыйык жалпы жаздыгы болот. Ал ыйык жаздыкты эч убакта чоочун буттар тепсөөгө тийиш эмес. Ата журттун ак жаздыгы кол тийгис. Аны улуттун алтын башы жазданып жатат. Айкөл Манастын баскынчы Алооке ханга арстандай күркүрөп айтып турган төмөнкү сөздөрү ар дайым кулагыбызда жаңырып турса дейбиз:

Кытайды Манас тим койду,
Кыргыздын жерин жердөөнү
Алооке сага ким койду?
Калмакты Манас тим койду
Атамдын жерин ээлөөнү
Ант ургур сага ким койду?
Көмкөрүп салам калааңды,
Көп чукуба жарамды,
Көчүп алып тез жогол,
Көргөзбөгүн караанды.

Улуттун алтын жаздыгын чоочун буттарга тепсетпөө ар бир атуулдун эң биринчи патриоттук милдети, атуулдук парзы. Ата Мекендин ак жаздыгын булганыч буттарга кордотпоо жагынан улуу Манас атабыздын өрнөгү бизге кашкайган үлгү.

Манас өз айланасына жолдошторду, чоролорду, журт башкарган улуктарды тегине, жерине, уруусуна, туугандыгына, жакындыгына карап топтобойт. Ал адамга, биринчи иретте, ишмердигине, баатырдыгына, чынчылдыгына, адамгерчилигине, атуулдук ар намысына, ата журтка ак кызматына жараша мамиле жасайт жана баалайт. Тегерегиндегилер да Манастын бул акыйкат,

айкөл эрежесине жогору баа беришип, сыйга сый, сыр аякка бал дегендей, көк жал баатырды ичтеринен терең кадырлашып: «Улуу Манас турганда, жалтансак кудай урбайбы, арстан Манас баатырдын, аркасынан жүрөлү, атышкан жоосун сүрөлү» дешип, өздөрүнүн жол башчыга өтө берилгендиктерин көрсөтүшөт. Манас баатырдын айкөлдүгүн, арстандыгын көрүп Акбалта карыя: «Кабылан Манас өзүңө, караан болуп турбасам, Акбалта атым өчпөйбү, башымдан сыймык кетпейби. Маңдайда баргек тынарым, балбылдап күйгөн чырагым» - деп агынан жарылып ачылса, Ат-Башыдагы Кошой абабыз «Алтайдан Манас табылды, абийирим минтип жабылды», - деп ыраазы болуп, санаасы тынгандай болот. Ал эми өз кезегинде Манас да Кошой карыянын акылмандыгына жана эл, жер үчүн башын сайган чендe жок баатырлыгына намыска туулган туйгундугуна кубанып: "өйдө турсам-өбөгүм, ылдый турсам жөлөгүм, астыга салсам – ак жолум, артымда жүрсө-сан колум», - деп төбөсүнө көтөрүп, кастарлайт.

«Манаста» журт башында турган көсөмдөрдүн, баатырлардын өз ара мамилелеринин тамыры «ак калпак калктын аёолуу кызыкчылыктары» деген жогорку чекиттен кездешип, ошол уюлдан жалгашып, өрүлүшүп, анан бери карай түшүп келет. Алардын өз ара бекем рухий ширелишкендигинин башаты ошоякта.

Эпосто Манастын образы аркылуу калк башчысы, мамлекет жетекчиси, ажо, кан жөнүндөгү элдин идеалы берилген. Манас-бул ажонун символу. Манас кандайдыр бир айла-амал менен, дос-тамырлардан турган колдоочу кожолордун жана сүрөөнчүлөрдүн жардамы менен, жулунуп мансапка умтулгандыгы аркасында бийликке келбейт. Манас бүткүл калк алдында өзүнүн эмгеги менен көрүнүп, баатырлыгын жана кеменгерлигин далилдеп, анан кандыкка көтөрүлөт. Манасты калк чуркурап өзү кан көтөрөт. Демек, улуу эпосубуз бизге башчынын, падышанын такка келиш жолу акыйкаттын, чындыктын жана мээнеттин жолу болуш керек деген идеяны айтып турат.

**“Балдар, башчысы болбой маарыбайт, Баш-аламан жарыбайт”**, - делет «Манаста». Калайык-калк качан маарыйт? Манастай башчысы болгондо марыйт. Эл баш-аламандыктан качан арылат? Манастай башчы болгондо гана эмес, ошол ажонун айланасында элдин, мекендин жогорку кызыкчылыктары үчүн жуурулуша баш кошкон, бири-бирине кылдай арамдыгы жок, ниети аппак, пейили булактай таза Бакай, Кошой, Ажыбай, Каныкей,

Алмамбет, Чубак, Сыргак сыяктуу жол көрсөтөөр чыгаандар жана кеменгерлер турганда гана журттун иши оңолуп, ташы өйдө кулайт деген өтө баалуу, терең маанилүү ой берилип жатат. Ырасында эле, Манас ажонун сиңирген эмгеги жана көрсөтүп турган таалими ушунда: ал өз тегерегине, азыркыча айтканда, жогоркудай күчтүү команданы топтой алгандыгы үчүн кыргыз калкы кырылып, жоюлуп кетүү коркунучунан аман калып, кайрадан эл болуп биригип, өз алдынча мамлекет болуп, эңсеген мүдөөсүнө жетет. Акылмандыгы жана арстандыгы аркасында ар кай жакка чачылып кеткен кыргыздарды баш коштуруп, бириктирип, Ала-Тоо конушту кайра алып, «кулаалы жыйып куш кылган, курама жыйып журт кылган» эмгеги, эрдиги үчүн биз Манас атага түбөлүк таазим кылып, ар дайым өрнөк кылып, аны менен сыймыктанып, төбөбүзгө туу кылып көтөрүүгө тийишпис. Тарыхтын бурганактуу буйткасында буюккан эгемендүү жаш жумуриятыбыз журт башында турган «Манастагыдай» күчтүү командадан тукулжурап кыйналып турган кезде, Манас ажонун азыркы тил менен айтканда, кадр тандоодогу көрсөтүп турган мындай өрнөгү кыргыз үчүн өтө керектүү сабак. Соңку тарыхыбызда да башкаруу чөйрөлөрүн уюктап алган "Абыке-Көбөштөр", ар кандай «көзкамандар» Ата Мекенибиздин казына – байлыгын аёосуз түрдө талап-тоношуп, өлкөбүздү очорултуп отургузганына күбө болдук. «Бийиң кылаң болсо, журтуң ылаң болот», «Бастырганды билбеген жолду бузат, башкарганды билбеген элди бузат» деген макалдардагы нусканы көңүлдүн борборунда тутуу оң. «Кара өзгөй болсо калкына, калктын жетпей баркына, акимдин жайы – кара жер» деген акылман Арстанбек. Журт башчыларынын, акимдердин арасында «Абыке-Көбөш алты арамдар», чолок акыл, кыска ойлуу мансапкорлор, өз көмөчүнө күл тарткан кара жемсөө атка минерлер, кой терисин жамынган карышкырлар, колдоонун күчү менен кожо болгондор көбөйгөндө, мамлекеттин дубалдары кулап, туусу жыгылганына тарых күбө өтүп келет. Бүгүн кыргыз мамлекетине кадр философиясы керек. Кризисте турган кыргыз коому өзүн локоматив сыяктуу сүйрөй турган күчтүү инсандарга – кадрларга кардар. Мерчемдүү кызматтарда, башкаруу рулдарында, «Манаста» жанагинтип айтылгандай, «үзүлгөндү улайлы, чачылганды жыйнайлы, жоголгон жокту табалы, журт айласын кылалы» деген патриоттук философияны тутунган, уюштургуч жөндөмү жогору, акылы алысты чапчыган, абийири таза күчтүү

лидерлер турганда гана жамаатыбыздын ташы өйдө куламак. Эгерде, жаман да болсо, өз короомдон кочкор салам деген принциптин негизинде коомун эмес, коктусун ойлогон, улутун эмес, уруусун ойлогон жамандар, Абыке-Көбөштөр жооптуу кызматтарга көтөрүлө берсе, анда бул элдин кайгысы жана шору болмок.

## 7.Манастын өзгөнү бооруна тартып, өз кыла билүү билгилиги

Манас баатырдын рух кенчтеринин бири - **өзгөнү бооруна тартып өз кылуу философиясы.** Манас дүйнөдөгү эң айкөл интернационалист каарман. Дегеле, «Манаста» адам тегине, улутуна, расасына карап эч качан бааланбайт. Манастын жандай көргөн кырк чоросунун ичинде ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү: казак да, кыпчак да, монгол да, калмак да, кытай да бар. Эл жазуучусу Кеңеш Жусупов: "Алтайлык калмак-маңгулдардын урушунда кыргыздар алсыздарга болушуп, аларды куткарып, олжо, мал бөлүп, үйсүздөргө үй берип, Манас баатыр жоокерлерин ыктыяр менен кошуунга кошуп алган" деп туура жазат. (Кеңеш Жусупов. Байыркынын издери, – Бишкек, 2001,156 -бет.). Эпостогу эр-азаматтардын достугу жана биримдиги биринчи иретте, чындык, калыстык, адилеттүүлүк, адамгерчилик, эл алдындагы ак кызмат, адал мээнет деген сыяктуу жалпы адамзаттык универсалдык улуу адеп-ахлак дөөлөттөрүнө негизденип турат. «Манастагы» Алманбет менен Манастын достугу жөнүндө да дал ушуну айтууга болот. Маселен, Алманбет баатыр Кытай мамлекетинин атуулу, ал чыгыштагы феодалдык деспотиянын шарттарында чындыкты, акыйкатты, адилеттүүлүктү издөөнүн ачуу драмасын жана трагедиясын баштан кечирген каарман. «Кайыңды көрсөм конормун, кайышпай кайың көтөрсө, как ошо жерде болормун» - дейт Алманбет. Чындык, адилеттүүлүк кай жерде болсо, ал ошол жерде.

Биринчи көргөн, өзү таанybаган кытайлык Алмамбетке Манас айланасындагылардын оозун ачырып, өзүнүн Аккуласын менен Аккелтесин, Аккүбө тонун жана Ачалбарс кылычын тартуулап, ченде жок жоомарттыгын көрсөтөт. "жоругун адам билбеген,

жоомарт эрдин бири ушул" деп Ажыбай чечен бекер айткан эмес экен. «Башымды жөлөр паана жок, баркымды билер даана жок» - деп арман кылган Алмамбет, акыры издеген идеалын Манастын айкөл дүйнөсүнөн табат. Өз кезегинде «издеп тапсам канаке, телегейи тегизди, өзүмө теңтуш эгизди», - деп ичинен тымызын Аккан досту көксөп жүргөн Манас, Алмамбеттен өзүнүн руханий эгизин көрүп, «алыскы ишти ойлогон, акылмандын бири экендигин» таанып, кучагын жайып кабыл алып, «кызыл найза желегим, кытайдан келген белегим» - деп аны менен ажырагыс дос болот.

Манас менен Алманбет көр тириликтин майда-баратынан, бытовизмден, этникалык, улуттук тосмолордон өйдө көтөрүлүп, акыл-ой маданиятынын өтө бийик чокуларына көкөлөп чыккан каармандар. Ошол рух чокусунан бири-бири менен жуурулушкан даанышман баатырлар. Манас менен Алманбеттин достугу-дүйнө элдеринин өз ара диалогу, чындыкка, акыйкатка, алысты ойлогон акылман калыстыкка негизделген эл аралык ынтымагы жана достугу, бirimдиги үчүн өзүнчө бир символ. Бир сөз менен айтканда, залкар «Манас» эпопеясынын дүйнөлүк мааниси, анын эч качан өлбөстүгү, улуулугу ООНдун Ассамблеясы белгилегендей, бириктирүүнүн, байланыштыруунун, достоштуруунун философиясын тереңден насыяттап тургандыгында. Ушуга удаа айта турган нерсе, Алмамбет Манастын айкөлдүгүнөн улам «Алатоо артык жер үчүн, ак калпак кыргыз эли үчүн, жанымды курман чалайын», - деп кыргыз элинин өз уулу жана баатыры болуп калганын дагы бир жолу эске түшүрөлү. Манастай айкөл боло билсек, жан дүйнө жагынан март боло билсек, өзгөлөр биздин кучагыбызга тартылат, мээримибизге жылынат. Кенендигибизге таазим этип, Алмамбетчесинен Алатообузга ак кызматын кылаар. Манас атабыздын өзгөлөрдү өз кыла билүү искусствосу бүгүнкү Кыргызстандын ички жана тышкы саясаты үчүн аба менен суудай зарыл нерсе.

## 8.Манастын айкөлдүгү

Манас түздүгү, актыгы, адал кызматы, эрдиги үчүн өзүнүн үзөнгүлөш, тагдырлаш досторуна ушунчалык берилген, аларды өз бир тууганынан да артык көрөт. Ошон үчүн Чоң Казатта туйгундарынан, кыраандарынан ажыраганда“Алмамбет, Чубак, Сыргагым, бардыгында өлбөдүм” деп өңгүрөп ыйлап, арман кылат. Ал досторунун, чоролорунун, сүйгөн жары Каныкейдин эл-журтка, мекенге карата жасаган эмгек-мээнеттерин, баатырлыктарын ар дайым калыстык менен баалай билип, аларга өзүнүн сый-урматын көрсөтүп турат. Маселен, алиги арам ойлуу чыккынчы Көзкамандардын уу берген өлүм торунан өзүн аман-эсен куткарып калган кырк чоронун жакшылыгына жана Каныкейдин эрдигине кубанып, Манас мына минтип аларга ыраазычылыгын билдирип турат:

Өчкөн бир отту тамыздың, Шуутум,
Өлгөн бир жанды тиргиздиң, Шуутум,
Ошо кайран жеңең Каныкей,
Сарып кылды малымды,
Алып калды арамга кеткен жанымды!
Өзүндөй эрлер, уялаш,
Пейили сүттөй берендер,
Менин белиме медер кылганым.
Туйгундар сенин үлүшүң,
Менин ташыганым, жыйганым –
Ак жолтой чоро кырк кыраан –
Абийирим менен ыйманым!

Достору, чоролору өзүнө абийир, ыйман менен кызмат кылгандыгы үчүн Манас ушинтип агынан жарылып, алкышын айтып, аларга агыл-төгүл мамиле жасайт. Мисалы, Бакайды «Караңгы түндө көз тапкан, капилеттен сөз тапкан олуям», Чубакты «Эгизим Чубак көсөлүм, эсимден кетпес эсерим», Сыргакты «Асылым менин Сыргагым, алышкан жоодо шумкарым» деп эркелетет. Манас Каныкейдин түн ичинде уйку албай, күндүзүндө тынч албай өзүнө жана кырк чоро үчүн керемет аскердик кийим-кече, курал-жабдыктарды жасаган узчулук мээнетин да жогору баалап, **“Жан курдашым Каныкей-согуп турган жүрөгүм!”** деп,

сүйгөн жарына мээримин төгөт. "Он эки кыздын кенжеси, кудайдын сүйгөн пендеси", деп Каныкейди көкөлөткөн да Манас.

Манастын кырк чорого кандайча аталык камкордук көргөндүгүн, кандайча жакшылык жасагандыгын кырктын башы Кыргыл чал мындайча моюнга алат:

- Атсыз келдик бир чоро;
Атсыз келген чорого
Аркар аяк, жез билек
Атты Манас мингизди.
Тонсуз келген чорого
Тон мыктысын кийгизди.
Катынсыз келген чорого
Оймок ооз, бото көз,
Кылактаган сулууну
Алып берди зор Манас.
Үйсүз келдик бир чоро;
Үйсүз келген чорого
Керегенин кашаты
Темир менен тээктүү,
Жабык башы саймалуу,
Алты эли кундуз жээктүү,
Боо-чуусунун баарысын
Чылк жибектен чалдырган,
Борумдап ордо салдырган
Ордо берди шер Манас.
Малсыз келдик бир чоро;
Малсыз келген чорого
Адырда жылкы ала баш,
Аргымык, буудан аралаш,
Бөлүп берди шер Манас.
Үзүлгөндү улады,
Чачылганды жыйнады.
Өчкөн отту тамызды,
Өлгөндөрдү тиргизди.
Берен Манас- көкжалдын
Этегин кармап эр болдук,
Эр уулу менен тең болдук .

Кыргыл чалдын бул чын жүрөктөн чыккан сөздөрүнөн Манастын чынында эле жолдоштору үчүн эч нерсе аябаган, чоролорум дегенде ичкен ашын жерге койгон, камкорчул, күйүмдүү, берешен экендиги айкындалып турат. Эпосто ал бекеринен "Телегейи тең эле, ичин карап отурса, жер жүзүнөн кең эле, сайып буруш эр эле, кеңдиги чалкар көл эле" деп мүнөздөлгөн эмес. Ушуга удаа мына мобуну да айта өтөлү

Айдоого тукум сээп жатканда Баба дыйкан бизде мындай дейт: «**Жылуу жерден конуш тап. Мунусу - жетим-жесирге, мунусу - алсыз карыпка, мунусу – курт-кумурскага, мунусу – сурамчы-тилемчиге, саламчыга, сизге, бизге, мага**». Мына, жалпынын кызыкчылыгын көздөгөн кыргыздын жоомарт, жамаатчыл, гуманисттик, адамгерчиликтүү улуу этикасы. Мындай бийик нарк Манас баатырдын рухунда да жашайт. "Манастагы" айтылуу Бос талаада аксакал дыйкан адам менен өнөктөшүп дыйканчылык кылып, кырманга кызылды үйгөн баатыр Манас мындай деп сүйлөп турат: "**Ушул тоодой буудайды, бакырменен мискинге, баарын төгүп беремин**!" Баба дыйкандай башкаларга жарыгын чачып, жакшылык кылуу салты Манаста да ушинтип уланып отурат. Коллективчил психология илгертен бери карай келе жаткан кыргыздын жан дүйнө касиети. Жамаатчылдык,жан дүйнөнүн марттыгы индивидуалисттик принципти карманган Европа үчүн бүгүн кыйла эле чоочун болуп калган. Ал эми бул касиет биздин стихиябыз жана "каныбызда" жашайт. Бүгүнкү дүйнөдө жоголуп бараткан Баба дыйкандын, Манас атабыздын мындай улуу руханий касиетин сактап калуу жана өзүбүз менен кошо ала жүрүү кыргыз менталитетинин саламатчылыгын аныктаган көрсөткүчтөрдөн болмок.

Кыскасын айтканда, эпосто сүрөттөлгөндөй, Манас "**көзү тоонун буткулдай, көрүнгөндү жуткудай, ажыдаар болсо туткудай, мурду тоонун сеңирдей, айбаты албарс темирдей**" балбан, баатыр, дөө-шаа гана эмес, ички жан дүйнөсү да аруу, сулуу, сергек, түшүнүк-көз караштары алысты чапчыган, океандай чалкыган ажайып инсан-каарман. Ошон үчүн ал эпосто: Алтын менен күмүштүн,

Ширөөсүнөн бүткөндөй.

Асман менен жериндин,

Тироосунон бүткөндөй.
Айың менен күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Ай алдында дайранын,
Толкунунан бүткөндөй.
Абадагы булуттун,
Салкынынан бүткөндөй.
Асмандагы ай күндүн,

Жаркынынан бүткөндөй- деп мүнөздөлүп жатат.Бул керемет классикалык саптарда Манас баатырдын ички руханий сулуулугу каймана түрдө келиштире сыпатталган. Ырасында эле, караңызчы, бул жерде айкөл Манастын рухий сын-сыпаты, мүнөзү, сапат-касиети кандай гана кылдат боёктор, кандай укмуштуу чебер сөз аспаптары жана ой гүлдөрү менен берилген.

### 9.Манастын ар-намыстуулугу

Эпостун сюжеттик окуяларына тигилип отурганда, ошол окуялардан Манастын бүт турушу менен ар намыстын, болгондо да өзүнүн жеке ар намысынын гана эмес, жалпы кыргыздын, улуттун ар намысынын адамы экени көрүнөт. Өзүнүн атуулдук ар намысы жана элдин ар намысы, мамлекеттин ар намысы - Манас үчүн ыйык. Маселен, “Көкөтөйдүн ашында” Нескара, Жолой, Коңурбай баш болгон калмак-кытайдын калдайлары Мааникер күлүгүнөрдү бергиле, болбосо чаап кетебиз деп кыргыздарды жөөлөп, коркутуп турганда, капыстан Таластан кырк чоросу менен күркүрөп ашка кирип келген шер Манас, эзелки жоонун эсирген үлкөндөрүнүн маңдайына ат ойнотуп тура калып, “оозунан түтүн буркурап, көзүнөн жалын шыркырап”, минтип турат:

Өрдөшкө жатар чагым жок,
Өлүмдөн аяр жаным жок,
Кайран жаным барында,
Кытайга тартар малым жок,
Мааникер берер чагым жок.
Ардактап ашка чакырдым,

Абийириң менен этиң же.
Алуучу калмак, сен эмес,
Алдырчу кыргыз, мен эмес,
Чабуучу кытай, сен эмес,
Чаптырчу кыргыз, мен эмес!

Манастын элинин, жеринин аброю, ар намысы үчүн баардыгына даяр экендигин, өлүмдөн кайра тартпай турган түрүн көргөндөн кийин калмак-кытайдын Нескарасы:

"Тоо жердеген бурутка
Тоодою Манас чеп экен,
Келберсиген эр экен,
Ушу турган бурутка
Бир жаралган шер экен".- деп ичинен күбүрөнүп ,кыргыз ажосунун артыкчылыгын моюнга алып, артка кетенчиктөөгө аргасыз болот.

Дагы бир мисал. Ошол эле "Көкөтөйдүн ашында" эр сайышка калмак-кытай тараптан Алгара тулпарын булкунтуп, Коңурбай чыкканда, ага каршы сайышка мен чыгайын деп, Алманбет Манастан суранат. Бала күндөн басташып жүргөн жоом эле, кезекти мага бер деп өтүнөт. Ошондо Манас Алмамбетке мындай дейт:

"Ай, Алаке, көкжалым,
Кара кытай, манжуу журт
Ушак кылып жебейби,
Соорондуктун жалгызын,
Качып барса бурутка,
Аябастан өлүмгө
Кармап берди дебейби?
Калмак шылдың кылбайбы?
Кыргызды кудай урбайбы.
Бул Алмамбет көкжалдын
Бактысы мындан сынбайбы!
Өсөк кылып жебейби,
Кантип жүргөн калмакты
Өлүмгө берди дебейби!
Колундагы сыр найза
Таяп калды дебейби,
Коңурбайдан Манасты

Жалпы журту чогулуп,
Аяп калды дебейби!

Бул жерде да, Манастын биринчи иретте, кыргыз журтунун, мамлекетинин ар намысын ойлогон чоң саясатчы экени ачыкка чыгып турат. Чынында эле,Кытайдан келген Алмамбетти кайра кытайлыктын өзүнө каршы сайышка чыгарса, аштагы бөтөн эл-журт эмне дейт эле? Кыргыздын өзүнүн найзакери жокпу деген сөздүн чыгаары анык.

Күңкордуктан кутулуп, өзүнүн эгемендүүлүгүнө ээ болгон кыргыз мамлекетинин күч-кубатын, каркырага жыйылган алыскы-жакынкы калктардын алдында даңаза кылуу, ак калпак журттун ар намысын сактоо мүдөөсүнөн чыгып, Манас Алмамбеттин өтүнүчүнө терс жооп берип, Коңурбайга каршы сайышка өзү чыгат.

Кыскасы, Манас баатырды улуттун ар намысынын символу десек эч жаңылбас элек. Бүгүнкү кризиске тушуккан эгемендүү Кыргызстандын биринчи жетекчисинен тартып, катардагы жарандарына чейин дал ушул Манас атадай калк камын ойлогон ар намысчыл боло билишсе, өлкөбүздүн "ташы өйдө карай кулап" турар эле.

## 10.Манастын боорукерлиги

Эгерде, Манас баатырдын адамдык касиеттери, сапаттары жагдайында кеп кура турган болсок, анда ал, биринчи иретте, боорукер, гуманист. Ал уруш учурунда ар дайым энкейген карыларга, эмгектеген балдарга, аялдарга, жетим-жесирлерге өзгөчө аяр мамиле жасайт. Урушка кирер алдында жоокерлерге: **"Жамандык кылба, жан кыйба, жесир калган баарысы, жетим уул, тул катынга, айтканым алсаң эсиңе, жетилсин сенин урматың**" - деп айтып, талоончулукка жана зордукчулукка жол бербөөнүнзарылдыгын эскертет. Манастын өз аскерлерине дагы айтып турган сөзү бул:

-Кылыч чаппай, ок атпай,
Кыйынсынып жаа тартпай,
Алдырып салган ким дейсиң.
Албаңар жырык ийнесин.
Не кыласың калмактын

Эзелден жыйган дүнүйөсүн.
Кош-кошко союш алыңар,
Короондо калды малыңар.
Байынан союш алсаң да
Жардысын коюп салыңар.
Кары, жашың, чалыңар,
Дүнүйөдөн куруп калгандай,
Кантесиңер баарыңар!

Дүнүйө мүлккө азгырылып, өз баркыңарды төмөн түшүрбөгүлө, өз короонордо аздыр-көптүр малыңар бар, ошого канымет кылгыла, жеңилген жоонун байынан союш алсаңар да, жардысын аягыла деп, Манас жоокерлерине акыл берип, катардагы күнөөсүз бечара пенделерге өзгөчө боор толгоосу бар экендигин туюндуруп отурат.

## 11.Баатырдын кемчилигин моюнга ала билгендиги жана сынчылдыгы

Кыргызда **"Жакшы жаңылса өзүнөн көрөт, жаман жаңылса өзгөдөн көрөт"** деген сөз бар. Манас өз кемчилигин сезип, аны моюнга ала билген ийкемдүүлүгү менен да айырмаланат. Ал Кошой карыянын: **"Манас, Манас дегенде, барбая калат экенсиң, чала үйлөгөн чаначтай, дардая калат экенсиң"**, - деп жосунсуз жоругу үчүн сын коюп, жемелеп айткан сөзүн туура көрүп, артка кетенчиктеп, үндөбөй муюп, ойлонуп калат.

Манас эч кимден жеңилбес, төгөрөгү төп баатырмын, деп төшүн кагып, эч убакта мактанбайт. Тескеринче, ал өзүнүн кээде бирөөлөрдөн жеңилген учурларын моюнга алып, ал жөнүндө аңгемелеп айтып бергенди өөн көрбөйт. Манастын Каныкейге айткан төмөнкү сөзүн угуп көрөлү:

“Оңбогон Сайкал оңобу
Кош колдоп сайды качырып.
Кыз Сайкалдын найзасы
Капшытыма тийгенде
Жер көрүнбөй тунарып,
Жерлер көчүп мунарык.
Кара жандан түңүлүп,
Өзүмө тийген найзадан,

Астымда буудан Аккула,
Тизелеп жерге бүгүлүп,
Эндирегем Сайкалдан,
Эсимди жыйып табалбай,
Кайрылып найза саялбай...”

Кайрылып найза сая албай, эси эки болгондугун айтып, Кыз Сайкалдын өзүнөн өктөм экендигин, күчтүү экендигин моюнга ала билгендиги- бул Манастын улуулугу.

Дагы бир мисал. “Көкөтөйдүн ашында” Калмактын Жолой балбанын беттеп, күрөшкө кыргыз тараптан бир да киши чыкпай койгондо, Кошой Манаска кайрылып, күрөшкө өзүң түшүп, намыска жарап бер дегенде, Манас Кошойго мындай деп жооп берет:

“Кол,бутун чалып жыгууга
Эзелден жөөгө жок элем.
Манас, Манас болгону,
Башыма дөөлөт конгону,
Алчайып атка мингени,
Ак олпок тонду кийгени,
Сан жыйынга чок элем,
Жөөгө топор жок элем”.

Манас бул жерде да чындыкты айтып, өзүнүн жөө күрөшкө жок кемчилигин ачык моюнга алып, Кошойдун сунушунан баш тартат.

Азуусун айга жанган ажо, арстандай күркүрөгөн шер болсо да, баары колуман келет деп көкүрөгүн койгулабай, өзүнө өзү сын көз менен карай билгендиги- бул Манастын артыкчылык сапаты.

Өз элин, өз журтун сүйүү, урматтоо жалаң эле анын жакшы жактарын көрүп, кемчиликтерине көз жумуу деген сөз эмес. “Эгер калк өсөм десе, ал өзүн өзү даана көрүп, өзүнүн кемчиликтеринен өзү уялып турушу керек" - деген акылгөй сөз бекеринен айтылбагандыр. "Элимди аябастан сындаганым - калкымды ошончулук сүйгөндүгүм" деп да, акын бекер ырдап жаткан жери жок. Эпостогу эң позитивдүү нерсе - бул Манастын образынын сынчыл духту алып жүргөндүгү. Бийик чокуга чыксаң, айланаң даана көрүнөт эмеспи. Манастын артыкчылыгы-ушундай, бүркүтчө обого калкып чыгып, ошол бийик акыл-эс кыл чокусунан өз элинин, Ата журтунун учу-кыйырына сын көз менен серп таштай билгендигинде, мекендештеринин кемчилигин көрүп, аны

тайманбай бетке айткандыгында. Жалпы калайык-калк, мыктылар, жакшылар кеңешке чогулган жерде Манас көпчүлүккө тике карап туруп:

-Ажал жетпей, күн бүтпөй,
Анча эмне жүдөдүң!
Жанына жандын бара албай,
Журтум, жалтак болгон экенсиң,
Жабууласа көп калмак,
Коркок болгон экенсиң.
Атамдан калган жер экен,
Намысты кыргыз санайбы.
Ынтызар болдум алууга
Ыспара менен Алайды.
Көрбөгөндү көрүпсүң
Көрүнөө көбүң өлүпсүң.
Алдырып коюп калмака,
Намысың жоктон жүрүпсүң-

деп, абдан катуу жана ачуу сын айтат. Манас ушундай бетке чабар сынчылдыгы менен көпчүлүктүн көзүн ачып, жарандардын намысына тийип, алардын патриоттук сезимин ойготуп, артынан ээрчитет. Манастынтриумфалдык жеңиштерге жетишин шарттаган булактардын бири - бул анын өзгө да, өңгөгө да, жеке өзүнө да сын көз менен кароого жөндөмдүүлүгү жана баатырдын өзүн өзү андап түшүнүүсү күчтүү өнүккөндүгү деп айтсак болот. Эгерде азыркы ак калпак кыргыздардын ар биринде Манас атаныкындай өзүн-өзү андап түшүнүүсү мыкты өнүккөн чынчыл жана сынчыл дух болсо, анда улутубуздун руханий саламатчылыгы бекем болоруна жана анын прогресстин, цивилизациянын жолуна төтө жол менен чыгарына ишенип койсо болот.

## 12.Манастын кеңешчилдиги

Манастын менталитетинин дагы биржагын белгилөө зарыл. Эл ичинде "Кенешип кескен бармак оорубайт", "Отуз өлчөп, бир кес", "Он жолу ченеп, бир жолу кес" деген акылман макалдар бар. Биздин кыргызда илгертен эле демократия деген нерсенин башат-жөрөлгөлөрү боло келген. Элибизде маанилүү маселелер дайыма

көпчүлүктүн элегине салынып чечилип келген. Мындай көрөңгө болбосо, азыркы демократия кыртышыбызда түйүлдүк алып, тамыр байлап, көгөрө баштабас эле. Манас ата да калкыбыздын ошондой демократиялык жөрөлгөсүн көкүрөгүндө көтөрүп жүргөн каарман. Калк тагдырына тиешелүү чордондуу маселелерди Манас ар дайым ортого коюп, эл менен кеңешип, акылдашып чечет. Калайык-калктын эрки, бүтүмү ал үчүн ыйык. Маселен, Анжиянды ээлеп жаткан Алооке кандын элчи аркылуу айттырган сунушун талкуулоо үчүн, Манас өзүнө кыргыз-казак урууларынын эл бийлеген жакшыларынын, баатырларынын, акылга дыйкан аксакалдарынын бардыгын кеңешке чакырат. Көпчүлүк чуркурап бир корутундуга келгенден кийин гана Манас Алоокеге каршы аттанып чыгат. Элдин ой-пикирин, Бакай, Акбалта, Кошой сыяктуу акылман карылардын акыл-кеңешин жата калып угуп, дайыма көпчүлүктүн пикири менен эсептешип турат. Манас атабыздын мындай этикасы бүгүн кандайча бизге үлгү эмес?

## 13.Манастын кенендиги

Манаска толугураак баа бериш үчүн дагы бир нерсеге токтоло өтөлү. Манас атабыздын жан дүйнөсүнүн кенендиги жөнүндө айтылып келди. Бирок шер Манастын өзүнүн элдешкис жоосуна да, душманына да кээде кенендик, айкөлдүк кыла билгендиги сүйлөнө элек. Ал эми душманга адилеттик кыла билүү, жоокер инсанда сейрек кездешчү сапат. Маселен, Алтайда жаткан кезде тентиген буруттарды жер менен жексен кылам деп жер жайнаган дөө-шаалар менен кытайдын колу каптап келет. Ошондо жекеме-жеке чыкканда, жаш Манас калмагым каалаганыңдай болсун деп, Жолой дөөгө кезекти биринчи берип:

Аябай найза сай Жолой,

Бардык күчүң сал Жолой – деп жоого төш тосуп, былк этпей туруп берет. Жаш Манастын кенендиги таңгалдырат.

«Көкөтөйдүн ашындагы» чоң сайышта да калмактын каны ал болсо, кыргыздын каны мен элем, өчөгүшкөн жоо болсо да, өз жеримде кезекти биринчи алганым болбос, жол берейин деп Коңурбайга кезекти биринчи берет. Баатырлар алтымыш найза сынганча аябай кармашып, акыры Коңурбай тоо кулаган эмедей,

Алгаранын үстүнөн күркүрөп учуп түшөт. Кыргызга түбү акыр заман сала турган Коңурбайды дагы да биротоло талкалай сайып, тындым кылып, Алгараны олжолоп кетиш керек эле. Манастап ураан чакырып, кудайлап турган эл да ушуну тилеп турган. Бирок алдында жүгүнүп турган кан Коңурбайга, буркурап ыйлап турган манжунун калкына Манас кенендик, акыйкаттык кылып, сайышкан жоосун тирүү калтырат:

"Баатыр эле Коңурбай,

Атын алып кетейин.

Атын тартып алганда,

Не муратка жетейин.

Андан көрө бу жерде,

Өзүнө берип кетейин» -

- деп, Манас баатыр колуна тийген Алгараны кайра жетелеп барып, чылбырын кан Коңурга ыргытып кетет. Арстан алганына эмес, чалганына кубанат деген ушул болсо керек. Арстан Манас элдин да, өзүнүн баатырдык ар намысын да ойлоп, кандык наркын сактап, аштын алкагынан чыгып, алыска көз жиберип, өз конушумда мейман-жоону кыйратып, илгери-кийин сөзгө калбайын, аман болсок согуш талаасынан кездешербиз, ошондо тагдырдын салганын көрөрбүз деп, өзүнүн Таластын Кең-Колундай кендигин көрсөтүп отурат.

## 14.Манастын кечиримдүүлүгү

Манас, чынында эле, тардыкка, тайкылыкка, майдалыкка барбаган кеменгер инсан. Ал адамдын нарк-насилиндеги эң башкы чоң касиетти, өзөгүндөгү үлкөн сапатты кароолго алып, ошону баалай билет да, ал эми анын майда барат, өйдө-төмөн чекиликтерине, келди-кетти кемчиликтерине кечирим менен карап, кенендик кылып коёт. Ошондуктан Манас чоролоруна, жолдошторуна адамга мамиле жасоодо кечиримдүүлүк, чыдамкайлуулук өнөрүн үйрөтүп, Алманбетке байланыштуу төмөнкүдөй деп кеңеш берип турат:

«Чогоолдук кылса кетирип,

Өжөрлүк кылса өткөрүп,

Кейишке салса кечирип,

Күтөрдүн камын кылыңар.

Бүлүндүрсө бүлк этпей,

Түтөөрдүн камын кылыңар».

"Манас баатыр кытай, калмактын ханы Орго менен катуу салгылашат.Кара ниет Орго айкай салат: "Кыргыз деген ким эле? Дүнүйөгө толсо да, кыйратайын тим эле". Бу майкандашууда миңдеген жоокер эки тараптан кырылат. Орго хан өлөт, колу качат. Кыргыздар жеңишке жетет.

Эртеси Орго хандын катыны Санамкүл эки баласын ээрчитип, тартуусу менен эр Манастын алдына келип, балдарынын жанын сурап алдына түшөт.

Айкөл Манас Санамкүлдүн эрдигине ыраазы боло, акылман сөзүн айтып, балдарынын күнөөсүн кечирип, баласын ордосуна аманат чоролукка энесинен сурап алат. Ал эми Орго хандын элин талоондон сактап, мунапыз берет".(Кеңеш Жусупов. Байыркынын издери,.-Бишкек ,1993, 150-бет.)

## 15.Манастын эл менен болгон биримдиги

Кыргызда «жалгыз аттын чаңы чыкпайт» деген кеп бар. Манас канчалык акылман, арстан болсо да жалгыз өзү көздөгөнүнө жете албайт эле. «Манастын Манас болмогу, экөөбүздөн болуучу» деп, Бакай Чубак баатырга туура айткандай, Манасты Манас кылып максатына жеткирүүдө кыргыз калкынын уул-кыздары – Бакай, Кошой, Чубак, Сыргак, Алманбет, Каныкей, Акбалта, Ажыбай, кырк чоро сыяктуу «ак болот мизин жалашкан, намысын бирге талашкан» көйгашка баатырлардын жана калайык калктын күчүнүн ролу зор.

Кармаганынан кан чыккан, тиктегенинен жан чыккан эр Кошой да өзүнүн бүтүн кыргызга башчы болууга акылуу экенине карабай, жалпы кызыкчылыкты көздөп, Манаска барбандап жол ачып, акылмандыгын

көрсөтүп: «Алтайдан Манас табылды, абийирим минтип жабылды» - деп агынан жарылып:

«Токсонго жашым барса да,
Түз кирип найза сунамын.
Түгөнүшөр жоо чыкса,
Туу түбүндө былк этпей,

О балам,
Тууңду кармап турармын» - деп, Манасты сүрөп, шыктандырып, ага ар дайым арка-бел болот.

Мына ушундай аскар тоодой аксанатай жөлөк-таяктары болгону үчүн Манас атабыздын ташы дайыма өйдө кулап турган да. Манастын жеңишин жоону бирге жоолашкан, доону бирге доолашкан элден, элдик баатырлардын эмгегинен, эрдигинен бөлүп кароого болбос. Элди Манас эл кылса, Манасты эр кылган эл.«Манаста» эңсегенге жеткирген – эр менен элдин биримдиги.

## 16.Манастын сабаттуулугу

Эпостогу айтылуу алты ханды эске түшүрөлү. Манаска оппозиция болгон ошол алты хандан элчилер келип, хандардын жазган катын Ажонун Ордосуна кийирип жатышат:

Капчыкка колун салышты,
Кандардын берген кагазын,
Калдайтып сууруп алышты.
Алаканга салышты,
Арыстандын астына,
Арызын тозуп калышты.

Манас хандардын катын элчилерден кабыл алып, өзүнө алып келүүнү Сыргак баатырга буюрат. Сыргак катты алып келип Манас ажонун алдына жаят:

Сыргак баатыр зымпыйып,
Ордуна туруп кымпыйып.
Басып келип калганы,
Баягы катты алганы,
Баатырынын астына,

Барып жазып салганы.
Ойроң болгон султаның,
**Окуп-окуп билди эми,**
Мыйыгынан күлдү эми.

Мына ушинтип, хандардын катын Манас өзү окуп чыгат. Демек, мунун өзү Манас баатырдын сабаттуу болгондугун айкын-ачык далили. Эпосто Манас гана эмес каныкей да кат-сабаттуу. Бул анын көз жашын төгүп Чоң Казаттан Таласка кайт деп Манаска кат жазганынан көрүнөт. Каныкей ар кимдин өзүнө белгилүү болсун деп, кырк чоронун аскердик кийимдеринин жакаларына алардын аттарын да жазып, кошо тигип коёт:

Жоболоңдуу кырк баатыр,
Тон талашар окус деп,
Кого болор кокус деп,
Жабыштырган каты бар.
Жакасынын ичинде,
Чоролордун аты бар,
Болжолунан билерсиң,
**Атыңды окуп кийээрсиң.**

Каныкей энебиздин **«атыңды окуп кийээрсиң»** дегенине караганда, Манастын кырк чоросунун да сабаттуу экендиги байкалып жатат. **«Келген катты зор Бакай, келиштирип окуган», «Билбегенди билгизген, билимдүү экен Акбалта»**деп айтылат «Манаста». Демек, Манас баатырдын акылчы-насаатчылары акылманБакай менен Акбалта да сабаттуу.

Эпостогу бул фактылар Манас доорунда кыргыз коомунда сабат ачуу жашагандыгы, демек, кандайдыр бир формада окутуу болгондугу астыртан ачыкка чыгып турат. Бир катар окумуштуулар (Н.Бернштам, М.Ауэзов) Манас баатырдын жашаган доорун байыркы кыргыз-түрк доору (V-IX кылымдар) менен байланыштырышат. Эгер ушул ырас болсо, анда Манас атабыз ошол замандарда колдонулган рун жазуусу аркылуу сабатын ачкан деп айтуу жөндүү болмок. Жакып хан баласын байыркы рун жазуусун үйрөткөн устатка окутууга берген өңдөнөт. Буга дүйнөдөн кайтыш болоор алдында Манастын **"Бууданды бирге токушкан, беш жылы бирге окушкан, Көкбөрүгө кабар бер"** деп Каныкейге айтканы күбө өтүп турат.

Айтылуу хан Көкөтөйдүн ашын берердин алдында «кабарды кандай кылабыз, калкты кандай жыябыз?» - деп кыргыздар өздөрүнчө кеңеш курушканда Байдын уулу Баймырза билерман:

**- Чакырып ашка калалык,**

**Чактап кабар салалык,**

**Бир чакырсак билимдүү,**

**Падышалык илимдүү,**

**Манасты гана алалык -**

деп, акыл салат. Бул жерде кең Таласта кыргызга ажо (падыша) болуп турган шер Манастын билимдүүлүгү, илимдүүлүгү атайы белгиленип отурат.

Демек, Манас өзүнүн булчуң күчү, ок өтпөгөн тону, ок жетпеген аты менен гана эмес, өзүнүн сабаты, билими менен да күчтүү болгон.Анан калса, өзүнүн гана сабатына, билимине эмес, ал башкалардын да өнөр- билимин жалпы иштин ийгилиги, өз мамлекетинин кызыкчылыгы үчүн акылмандык менен пайдалана билген. Баатыр өзгөлөрдүн күчүн өйдөтө өбөк, ылдыйда жөлөк кылган билгилиги менен кубаттуу болгон.

"Эр Манас Бегиш, Көйүш деген аярларды, Кара Төлөк төлгөчүнү, Агыдай далычыны күткөн. Кайсы бир эпос айтуучулар Манастын хан ордосунда 60 акылчысы болгонун эскерет. Алар эл ичиндеги ынтымак-ырысты кармап, душман, жоо менен мамилесин чечүү үчүн өлүмгө башын байлап, элчиликке барышкан. Бул акылмандар, чоролор Манастын үзүлгөнүн улаган, чачылганын жыйнаган, ийрисин түзөгөн, "сайып жүрүп бак кылган, салып жүрүп там кылган, аркадан жүрсө сан колдой, астында жүрсө ак жолтой" кеңешчи-насаатчылар эле".(Жусупов Кеңеш. Байыркынын издери,. -Бишкек, 2001,"Элита",155-бет).

## 17.Манастын пендечилиги

Кээде Манастын адамды мурутунан жылмайткан пендечилик жоруктары да бар. Мисалы, Чоң Казат учурунда кошуунунун астына кеткен Манас Маралдуу суунун боюнда Алмамбет, Чубак, Сыргактан кабар күтүп жалгыз жатып, көзү илинип, тарс уктап

кетет. Жоодон куугун жеген Чубак чапкылап жетип келгенде, Манас коңурук тартып катуу уктап жаткан болот. Чубак «калмакты кудай урду деп, катүгүн төрөм тургун деп», шашкалактап ары-бери жулкулдатса да, Манас ойгонбойт. Кулагына доолбас урса да сезбейт. Айласы түгөнгөн Чубак акыры, атчан качырып келип, найза менен сооруга бир сайып өткөндө, ошондо араң Манас ойгонун: «Эмнеболуп кетти» – деп эки жагын карайт. Манастын уйкусундай, «Манастын уйкусун салып» деген сөз ушундан калган.

## 18.Манастын ыймандуулугу

Манас баатырдын энеси Чыйырдыга, атасы Жакыпка карата адеп-ыйманы жогору. Айкөл баатырдын ата-энесине, айрыкча, Чыйырды апасына болгон урмат-сүйүүсүнүн өзүнчө психологиялык тамыры бар. Кеп мында. Албетте, баланы бешикке бөлөгөн жакшы, бирок аны биринчи иретте, мээримге бөлөө керек. Чындыгында, МЭЭРИМ – бул бала тарбиясынын пайдубалында жаткан улуу жаратуучу кудурет. МЭЭРИМ – кеңири айтканда, улуу педагогдор жазгандай, «тарбиянын башкы кыймылдаткыч күчү». Мээрим менен тарбиялоо – «Манас» эпосунун улуу гуманистик педагогикалык философиясы десек жаңылышпайбыз. Психологиялык изилдөөлөр кичинекейинен мээримге, ысык мамилеге бөлөнбөй калуу, кийин чоңойгондо ата-эне менен баланын ортосунда эмоционалдык байланыштардын дефицитине алып келерин, уул же кыз ата-энесин жакшы көрсө да, баары бир ичинен салкын тартып турарын ырастаган. «Манаста» Чыйырды эненин баласы Манаска карата мээриминин чеги жок («Эркелетип энеси, аркалап жүрдү атасы»). Он эки жашка чыгып калса да, апасы Манасты **«Боздон тоодак куткарбас, боз ала шумкар Манасым, калкайган тоого токтобос, кара ала барчын Манасым, сөзү таттуу балдайым, сөөлөтү сонун айдайым!»**деп, уулуна эбедени эзилип турат. Манасы тентек болсо да, эч убакта, эч жерде осол мамиле жасабайт. Уулу үчүн отко, сууга түшүүгө даяр. Бир жолу Чыйырды өспүрүм Манастын ыраакқы бөлөк-бөтөн чатактуу жерде, кыргызга ниети кара калмактардын арасында жалгыз калып калганын Жакыптан капысынан угуп, дүрбөлөңгө түшүп, жашын төгүп, чыңырып жиберет:

- Көз катканда көргөнүм,
Көлөкө жалгыз эрмегим.
Карасын көрбөй баламын,
Кангырап кайда барамын.
Как талаада калуучу,
Менин ушу беле талабым?!
Муну айтып Чыйырды,
Мунканып ыйлап чыңырды.

Чыңгыз Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романында Найман эне Акмая төөсүнө минип, жуан-жуандардын жерине уулу Жоломанды издеп жөнөгөн сыяктуу Чыйырды да көзүнүн жашын он талаа кылып, Камбар боздун үйрүнөн, Бозтайлак тулпарды кармап минип, **«жалгызым менин нетти деп, каралдым кайда кетти деп, өлдү бекен, тирүүбү, өзүм барып билейин, аман бекен жалгызым, аны барып көрөйүн, колунда болсо калмактын, анын кордугун көрбөй өлөйүн»**, - деп тоо-талааны кезип, Манасын издеп жөнөйт. Кыйын кырдаалдагы Чыйырды энenin мындай жүрүм-туруму анын өз чүрпөсүнө болгон энелик сүйүүсүнүн чексиз экендигин айгинелеп турат. Баласы Манассыз ал өзүнүн өмүрүн элестете албайт. Манастан айрылса, эне өлүүгө даяр.

Кыскасын айтканда, күн көктөн жадырап тийип, нурун төгүп, кыртыштагы чөптү өстүргөн сыяктуу бала Манас да Чыйырды энесинин агылып-төгүлгөн мээриминин астында эркин өсүп-чоңоёт. Ушул жерден кыстырып айтчу нерсе, психолог-педагогдор үй-бүлөдө ата-эненин мээримине бөлөнүп чоңойгон бала эч убакта ташбоор болбостугун жана ал чоңойгон кезде ата-энеси менен өзгөчө жакын, ысык мамиледе болорун, ата-энесине агынан жарылып ачылып турарын белгилешет. Мээрим мээримди жаратат. Буга ушул эле Чыйырды эне менен уулу Манастын ортосундагы жуурулушкан ысык мамилени мисал катары келтирүүгө болот. Жанагинтип, Чыйырды Бозтайлак тулпарды минип, көзүнүн жашын он талаа кылып, өзүн издеп келгенде Манас апасына өзгөчө бир ичинен дилдиреген аёо сезими менен үзүлүп түшүп сурайт:

- Энеке, сага не болду?
Элкин жолго түшүпсүз,
Ыйлагандай түрүң бар,
Эки көзүң шишипсиз.

Бозтайлак минип алыпсыз,
Болжолсуз келип калыпсыз.
Кандай келдиң өзүңүз,
Кайгыргандай сөзүңүз.
Жаш ордуна кан агып,
Ыйлаганга окшоп көзүңүз.

«Энеке, сага не болду?» деп чебеленгенинен эле Манас үчүн апасынын канчалык кымбат экендигин жана энем дегенде ичкен ашын жерге коёрун билсе болот.

А түгүл атагы таш жарган баатыр болуп, Таласта ажонун тагында отурган чагында да, Манас Чыйырды энесин айланчыктап турат. Маселен, ал жогоруда айтылгандай, бир ирет Алманбет менен келип, бир жагынан энесине эркелеп, экинчи жагынан достук үчүн ант кылып, Чыйырдынын эмчегин эмет. Муну көргөн атасы Жакыптын жылмайып күлүп турганы «Манаста» мындайча сүрөттөлөт:

**«Отуздагы баласы,**
**Зоңкоюп эмчек эмди!» - деп,**
**Эми Жакып чал күлүп турганы».**

Бир сөз менен айтканда, Манастын адам катары жаралышында энеси Чыйырдынын күндөй чачырап төгүлгөн мээриминин мааниси ченемсиз. Бала күнүнөн эне мээримине каныккан Манас тереңинде Чыйырдыга ыраазы. Ал апасынын эмгек-мээнетин жүрөгүнүн түпкүрүндө алдейлейт. Чыйырдыга Таласка атайылап Ак сарай салып бергенине караганда **(«Чыйырдынын Ак сарай, кеңдиги бар бир далай»)** Манастын апасын төбөсүнө көтөрүп багып жаткандыгы байкалат. Манастын апасына болгон ак мамилеси – бул энени урматтоонун жогорку өрнөгү. Эгерде көзү тирүү болгондо Манас балким, Чыйырды энесинин ысымын ташка чектирип жаздырып, эстелик тургузат беле. Бирок тилекке каршы, Манастын элим-жерим деп жүрүп, апасынан мурда көзү жумулуп кетти.

Айкөл баатыр атаны сыйлоо жагынан да үлгү. Тарыхтан Манас атасынын зарлап жүрүп, өзүн Теңирден тилеп алганын билет. Төрөлгөндө тебетейин көккө ыргытып, Ала-Тоодой эт кылып, Ала-Көлдөй чык кылып той бергени оюнда. Перзент кезинде аркасына көтөргөнүн(**«Эркелетип энеси, аркалап жүрдү атасы, аркалабай не кылсын, артында жалгыз ботосу»**), тестиер тартканда эмгекке

бышыктырганын, Алтайда баскынчы Жолой менен согушканда өзү менен кошо Жакыптын майданга киргенин («**Ойрон Манас уулу үчүн, кыргындашып турганы**»), уулунун уруштагы алгачкы жеңишинин урматына той берип, ат чаптырганын, кийин Ташкент, Самарканд, Букарды кыдырып, жер кезип жүрүп, Каныкейди таап, аялдыкка алып бергенин, кыскасы, атасынын аталык мээнетин Манас ичинен баалайт. Жакыптын жан дүйнөсү карама-каршылыктуу, мүнөзү татаал киши экенин билсе да, уулу аны ата катары урматтап, кемчиликтерине кечирим менен карайт.

Күндөрдүн биринде ойго келбеген жорук болот. Жакып чал пендечиликке жеңдирип, Алтайда жыйган оокат-дүйнөсүнүн, өрүш толгон малынын, оро толгон данынын уулу тарабынан эл тагдырына тиешелүү чоң жумуштарга марттык менен жумшалып, күнүмдүк зарыл муктаждыктарга кенен-чонон пайдаланылганына ичи күйүп, капыстан «чарт жарылып»:

Уулум, Манас, өлсөңчү!
Өрттөнгүр уулум өлдү деп,
Ушу жерге көмсөчү!
Балалуу болдум деп жүрсөм,
Куубаш болгон экемин.
Санаамдан кеткис чыр кылдың, Манас,
Сан карын миң кылдың, Манас.
Аты жокко ат берип,
Тону жокко тон берип,
Картайып калган кезимде
Мүшкүлдү мага сен кылдың, Манас.
Кетирдиң жаман алымды,
Алтайдан күткөн сан кара
Манас, сен талаага чачтың малымды,
Түгөттүң түптүз күлкүмдү,
Сарп кылып жоготтуң,
Сен, Манас, сан казына мүлкүмдү, - деп Манаска

буркан-шаркан түшүп, каргап-шилейт («Манас», 1-том – Фрунзе, 1958, 175-бет).

Манас атасы Жакыптан ушундай уулуу сөздөрдү угам деп эч күткөн эмес. Ала-Тоо мекен жерим деп, ак калпак кыргыз элим деп, каруусун казык, башын токмок кылган мээнетин баалабаган атасынын бул сөздөрүнө баатырдын эси оой түшөт. Азуусун айга

бүлөп, арстандай күркүрөп, тактыда отурган ажо Манас бийлигине, күчүнө салып, Жакыптын тизгинин катуу кагып, «кынына киргизип» коюшу мүмкүн эле. Бирок атага акаарат кылуу, тил тийгизүү, кордоо кыргыздын салтында жок. Манас Жакыпка ичинен таарынып, суу сепкендей болот да, бирок атасына «кың» деп каяша айтпай, тил кайрыбай, ажолугун таштап, эч бир жанга көрүнбөй, түнү менен Таластын Беш-Ташын ашып, Анжыян тарапка кирип кетет. Анжыянга келип, «куу дүйнө жыйып, мал күтүп, не муратка жетейин, андан көрө мен эми, аштыкчы болуп кетейин» деп, Манас Боз-Талаага байырлап, дыйканчылык кылганга өтөт.

Бул жерде биз атасына акаарат кылбаган, каяша айтып какпаган, Жакыпка өйдө карап үндөбөгөн арстан Манастын ыймандуулугун баса белгилемекчибиз. Айкөл Манастын бул адеби кечээкү ата-бабаларыбыздын АТАны улук көрүп, кадыр туткан руханий салтынын чындыгын ырастап турат. Бүгүнкү капиталисттик рынок мамилелердин кырдаалында өлкөбүз моралдык кризиске кабылып, уул-кыздардын ата-энеге болгон мамилесинде жан кейиткен терс көрүнүштөр кездешип жатса да, бирок түпкүлүгүндө элдик менталитетибизде Манас руху «жүрөк кагуусун» улантууда. Манас атабыздын ата-энени пир тутуп, урматтоо адеби, ыймандык салты бүгүнкү тукумдарда уланууда. Мисал иретинде Евразия жылдызы Гүлжигит Калык уулунун сөзүнө кулак түрөлү: «Албетте, ата-эненин эмгегин ар бир бала жогору баалаш керек. Алардын мыкты тарбиясынан улам келечектеги министр, банкир, ырчы дегендей адистер пайда болот. Мен дагы тапкан табылгам, жеткен ийгилигим баардыгы ата-энеме гана таандык деп эсептейм. «Евразия жылдызы» долбоорунан жеңген сыйлыгымды толугу менен ата-энемдин колуна тапшыргам. Себеби, бул алардын сыйлыгы. Мени ушул жарык дүйнөгө алып келгени, татыктуу тарбия бергени эле канча мээнет. Ушул сыйлык менен ата-энемдин милдетинен кутулдум деп айта албайм. Өмүр бою кызматымды кылып, ийгилигимди бөлүшсөм дагы энемдин ак сүтүн актай албайт чыгаармын» («Жаңы ордо» гезити, 2012-жыл, 18-май). Манастын урпагы деп дал ушул Гүлжигитти айтыш керек.

Эгерде азыркы XXI кылымдын жана мындан аркы келечектин адамы кандай болуш керек, алдыңкы адеп-ахлактуу инсандын моделин кандайча көз алдыга элестетсе болот деген собол коюлса,

биз ага мындайча жооп берер элек. XXI кылымдын жана болочоктун адамы **эне** менен **атаны** пир тутуп, терең урматтаган инсан болуш керек. Ушул адамдык улуу сапат жаңы адамдын негизги моралдык касиеттеринин бир болушу лаазым. Ал Манас атадай ата-энени сыйлаган киши болушу зарыл. Мындай адамдык асыл касиетсиз дегеле, адамды, ал канчалык билимдүү болсо да, адам болду деп айтышыбыз мүмкүн эмес.

Улуу акын Нурмолдо **«Асты бир киши жарыбайт, сыйынары болбосо»** дейт. Туура айтылган ой. Эгерде кишинин ыйык көрүп, сыйынган нерсеси болбосо, ал жер менен жер болуп, «боортоктоп сойлогон» макулукка айланары да чын. Мындай учурда карылар үйүнө өткөрүлгөн карыялардын кабырганы кайыштырган кайгы-муңу келип чыгат. Те байыркы Манас заманынан, Орхон-Энесай доорунан бери карай кыргыз элинин сыйынар нерсеси болуп келген. Кыргыз баласы эне-атаны ыйык көрүп, туу тутуп жашаган. Кыргыз ошол үчүн кыргыз да. Эне менен атаны урматтоосуз – кыргыз жок, керек болсо. Бул салт, бул сыйынар дөөлөт – кыргыздын руханий цивилизациясынын улуу көрсөткүчү, улутубуздун уңгулуу наркы. Биз, өсүп жаткан муундарыбызды ушул рух цивилизациябыздын салтында, айкөл Манас атабыздын эне менен атага сыйынган улуу адептик-ыймандык өрнөгүнүн духунда тарбиялоого тийишпис.

## 19.Жетектөөчү жогорку идеясыз адам жашай алабы же “Манастын” каармандарынын адеп-ахлагы эмне үчүн бекем?

Акылмандардын жогорку жетектөөчү идеясыз мамлекет да, жеке адам да жашай албайт деген сөзү чындык. «Манастагы» каармандардын ич жактан бекем, руханий жактан сулуу болгон себеби, алардын туруктуу тутунган, ишенген моралдык абсолюттары, айланып турган адеп-ахлак «ат мамысы», тегеренип турган уюлу, ыйык санаган «Каабасы», жетектөөчү жогорку идеалары бар. Ал ыйык абсолюттар, «Каабалар» **- Эне, Ата, Ата Журт, мекен эркиндиги, бир боор калктын кызыкчылыгы, ар намысы, атуулдук парз, абийир, адамгерчилик, ата-бабанын асылнарктары, жеке инсандык бийик ар намыс**. «Манастын» каармандары адам болуп жашоонун жолун дал ушундай

абсолюттар, «ат мамылар» менен өз өмүрүн, жүрүм-турумун тыгыз байланыштырып жашоодон көрүшөт. Бул чоң түшүнүктөрсүз өздөрүн элестете алышпайт, адаммын деп сезе алышпайт. Ушундай жогорку ориентирлерди жана чен-өлчөмдөдү жетекке алып жашап, нускалуу өмүр сүрүшкөндүктөрү үчүн алардын өрнөгү бүгүн биздин терең кызыгуубузду туудуруп жатат. Манас, Бакай, Кошой, Каныкей, Акбалта – булар жайынча гана адабий каармандар, образдар эмес, булар бизге таалим катары тартууланган мезгил карытпас, көөнөрбөс моралдык жандуу үлгүлөр, жалпы адамзаттык маанидеги элдин бийик адеп-ахлак нормаларынын символдору. Ушул жагынан алганда, «Манас» бизди бай, терең этикалык мазмуну, ыймандык максимализми менен суктантпай койбойт.

Биз суктана турган нерсе, эпостун каармандарындагы күжүлдөгөн багынбас, козголоңчул дух.Ороздунун он уулу ата-бабаларынын нарктары, баатырдык салттары менен мактанышат, ак калпак кыргыз болуп жаралып калганына ичтеринен сыймыктанышат. Кандай гана кыйын шартта калышпасын Ороздунун көк туусун жерге жыкпай, ар дайым оболотуп көтөрүп турушат.

Биздин элди сурасаң –
Баатырлар менен жүрөктөш,
Балбандар менен билектеш,
Эрендер менен маңдайлаш,
Чечендер менен таңдайлаш.
Бөрү жалдуу кабылан,
Бөтөнчө эл-журт олуя,
Беттеп адам барбаган.

Ар душман жеңип албаган – дешет «Манастын каармандары. Кокусунан кырсыкка кабылып, душман «таманга басып жүн кылып», «колу артына байланып, кой ордуна айдалып» айла түгөнгөн кезде да, алар ичтеринен эч качан жоого багынбайт. Кайра чыйралышып, бири-бирине кайрат айтып: «Тумшугубуз катпайлык, туюкта минтип жатпайлык. Минтин тирүү жүргөнчө, туулбай туна чөгөлү. Курган жан аман турганда, кордукка кантип көнөлү, койгулашып өлөлү» - дешип, дайыма козголоң чыгарышып, жоого каршылык көрсөтүүнү токтотушпайт. «Манастагы» багынбас, баатырдык дух, патриоттук ар намыстын духу кыргыз тукумдарында кечөөкү күнгө чейин эле күчтүү уланып келген. Буга маселен, Курманбек, Эр Табылды, Тайлакбаатырлардын,

Курманжан датканын, Алымбек уулу Абдылдабектин мисалдарын көрсөтө кетсек болот. 19-кылымдын экинчи жарымында Ала-Тоого илимий экспедицияга келген атактуу чыгыш таануучу В.В.Радлов кыргыздардын мындай өзгөчөлүгүн абдан туура байкаган: «…кара кыргыздар ушул убакка чейин аларга таандык болгон эр жүрөктүүлүк духун сактаган, алардын аң-сезими башка түндүк түрк урууларына караганда өтө өскөн, өткөн кылымдарда узакка созулган согуштар идеялык жагынан аларды бекем бир бирдиктүүлүккө бириктирген».

Кыскартып айтканда, «Манастагы» бабалардын адамдык чоң нарк-насили, ар намыстуу духу, алардын жогорудагыдай ичтеринен бек тутунган нравалык абсолюттарынан, идеалдарынан, ыйык көрүп сыйынган «Каабаларынан» азыктанып чыгат, ошол тирөөчтөрдөн күч-кубат алып, көгөрүп-көктөп турат. Биз бүгүн жанагыдай адеп-ахлак чен-өлчөмдөрү мокоп, улуттук идеалдардан ажырап, көп жагынан багытсыз калган жарандарыбыздын, жаштарыбыздын жан дүйнөсүнө ата-бабаларыбыздын өйдөгүдөй маанисин, мазмунун жоготпогон, түбү түптүү нравалык абсолюттарын, рух тууларын кайрадан орнотуубуз керек. Бир сөз менен айтканда, бүгүнкү коомубуздагы адеп-ахлак илдеттерин «Манас» менен, анын руху жана идеялары менен дарылоо зарыл. Кайра жаралуу деген нерсе, биздин оюбузча, турмуштун, тарыхтын элегинен өткөн улуттун илгерки көөнөрбөс асылнарктарын, бир сөз менен айтканда Манас рухун кайрадан жандандырып, актуалдаштырып алдыңкы планга алып чыгып, анын жардамы менен кыргыз инсанынын рухий-нравалык негиздерин чыңдоо, бекемдөө деген сөз.

## 20.Манастын улуу санаркоосу жана бүгүнкү биз

Манас ата алды жакты, келечекти ойлоп, санааркайт, эртеңки тагдыр жөнүндө толгонуп, убайым чегет:

Менин көзүм өткөндө
Кагылайын калайык
Эл эмине болот дейм?
Тукабадай кулпурган,

Жердеген пенде туйтунган
Жер эмине болот дейм?
Каз-өрдөгүн чуулаткан,
Көл эмине болот дейм?
Тагдырым жетип дүйнөдөн
Ажалым жетип окко учсам,
Кара жаак айбалта
Кайкалатпай ким аштайт,
Калып калса бул элди,
Капа кылбай ким баштайт?!
Долоно саптуу айбалта
Толгондурбай ким аштайт,
Тоорулуп кетсем дүйнөдөн
Аркамда калган бул элди
Тоздурбастан ким баштайт?!

Бул мекендин, эл-журттун кийинки тагдыры жөнүндөгү УЛУУ САНАА. Бул сөздөр Манастын улуу патриот экенин өзүнөн өзү даңазалап турат. Ата журт жөнүндөгү бул улуу санаа бүгүнкү эгемендүү Кыргызстандын ажолору үчүн улуу үлгү. Ажолор үчүн гана эмес, катардагы ар бир жаран үчүн өлбөс-өчпөс өрнөк-таалим. Президенттен тартып коомдун ар бир мүчөсүнө чейин өзүнүн Ата журту жөнүндө Манас атабыздай санааркап, тукабадай кулпурган жерим эмне болот, каз-өрдөгү чуулдаган көлүм эмне болот, мекенимдин келечеги кандай болот, мен жок болсом, калайык-калкымды капа кылбай ким баштайт, мамлекетимдин айбалтасын ким аштайт?- деп жарандык санаага батып, тогуз толгонуп, эл-жеринин урматына күжүрмөн аракет-мээнет менен жашай билсе, өлкөбүздүн пайдубалы канчалык бекем болор эле да, алдыга карай Ата конушубуз канчалык арыштап өсөр эле.

Манас атабыздын өйдөдөгү атуулдук өмүр өрнөгү биз үчүн туу тутуп, ыйык таберик катары кармана турган, Ала-Тоонун чокусунда ак жылдыздай балбылдап күйүп, урпактарга нур чачып турган жогорку моралдык маяк. Тээ илгертен бери карай ата-бабаларыбыздын мына ушундай эл-жерге чексиз берилген Манастын духундагы патриоттук руху кыргызды, Ала-Тоону жоготпой сактап келген.

Мекендеш, сенин даркан Манас бабанын жолун жолдоп, салтын улап, Атажуртуңду пир тутуп, анын алдындагы атуулдук

милдетинди, жоопкерчилигинди жакшы туюп, эл-жериң үчүн берилип, ак кызмат өтөөрүңө ишенебиз. Ала-Тоо мекенибиз өзүнүн ар-намыстуу уул-кыздары менен күчтүү болмок. Бир боор мекениңдин азаттыгы, эркиндиги, көз карандысыздыгы бардыгынан кымбат, бардыгынан жогору асылнарк. Манас атабыз дал ушул Атажурт эркиндиги үчүн кара башын сайып, өрт кечип, күрөшкө чыкканын жогоруда көрдүк. Журт эгемендүүлүгү жөнүндөгү улуу идеяны Манас ата сага мураска калтырган. Ошон үчүн Атажуртуңдун боштондугун, Ала-Тооңдун азаттыгын, элиңдин эркиндигин, республикаңдын эгемендүүлүгүн көздүн карегиндей сактоо сенин эң биринчи атуулдук милдетиң, азаматтык парзың.

Мобуну эске түйүп коёлу. «Жаман айтпай, жакшы жок» - дейт эмеспи кыргызда. Көрүп турабыз, Арстанбек айткандай, жер үстү чайпалып, замана устаранын мизинде оодаралып турат го. «Түндөр жаман кырсык салып кетпесин, токтой турчу жол карайын Атажурт» - деп бекеринен Алыкул тынчсызданган эместир. Оомалуу-төкмөлүү дүйнөдө кокус кандайдыр бир кара ниет каардуу кара күч жаңыдан ээ болгон эгемендүүлүгүбүзгө көз артып, ач тырмагын салса күнүбүз кандай болот? Кандайдыр капыстан буюктурган катуу бороон келип, кереге-уугубузду кыйратып кетпесине ким кепил боло алат, бу опурталдуу заманда. Ушундай сарсаналуу тынчы жок ойлордон улам, кайрадан жанагы улуу рух мурасыбыздагы акылман Кошойдун Манаска айтып турган төмөнкү кеңеши аргасыздан эске түшөт:

«Кенен ойло башынан,
Кебелбес болсун казынаң,
Калың бороон, катуу күн,
Кулунум, канчалык өтөр башыңан,
Кыр-кырда кыргыз элиңе,
Кызыккан жандар дагы бар.
Кылчайбай канды агызар,
Кызыталактын баары бар.
Элинди түгөл башкарып,
Өз алдыңча болгондо,
Сени таштап койбос жеп-жеке.
Суроодон угар дайныңды,
Күтүнбөстөн сен жатсаң


Бир күнү чабар айлынды.
Ошого моюн бербеске,
Ок өтпөгөн тон камда,
Ок жетпеген ат камда.

Кошойдун Манаска айткан бул кеңеши кудум бүгүн бизге карата айтылып жаткандай. Калк кызыкчылыгын кайтарган стратегиялык акылман акыл-эстен чыккан бул кеңештин мааниси эч качан эскирбейт дегибиз бар. Бүгүн да, эртең да кыргыз үчүн айрыкча актуалдуу мазмуну бар, терең ойлуу мекенчил насаат.

Ушул насааттын ыңгайынан Караганда да жаш мамлекетибиздин эгемендүүлүгүнүн боосунун бекем болушу үчүн эки эселеп, жүз эселеп камкордук көрүүнүн зарылдыгы бар. Ар кандай бороондорго туруштук берүү үчүн АТАЖУРТ - БОЗ ҮЙҮБҮЗДҮН ЖЕЛБООСУН илгерки Манас атабыз өңдөнүп, көшөрүп бекем кармоого тийишпиз. Эгер биз Мекенибизди Манас атабызча чындап сүйсөк, Мекенибиз деп Кошойчо, Манасча жалындап күйсөк, Ала-Тоонун азаттыгынан ажыраганча туулбай туна чөгөлү, тирүү жүрбөй өлөлү деп, башты канжыгага байлап койсок, илим-билимге канык жана күн-түн тынбаган өжөр, мээнеткеч боло билсек, анда Атажуртубуздун “ок өтпөгөн тону, ок жетпеген аты”, бузуп өтө алгыс чеби болгону ошол.

# ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ:

# МАНАС ЭПОСУНУН ПЕДАГОГИКАСЫ



## "Манас" эпосунун бала жөнүндөгү педагогикалык философиясы

"Манас" эпосунун баш жагында Алтайдагы сан жылкылуу бай Жакып моминтип арман кылып турат:

Жаш күнүмдөн мал жыйдым,
Бала менен ишим жок,
Жүргөнүм менин чала экен,
Дүнүйө ээси бала экен.
Артында бала жок болсо,
Дүнүйөсү курусун,
Бузулуп калган калаа экен.
Тутунарга туяк жок,
Тууганынан айрылган,
Журтта мендей чунак жок,
Карманарга туяк жок,
Канатынан айрылган,
Калкта мендей чунак жок.
Долоно саптуу айбалта,
Муну толгонтуп ийбей ким аштайт?
Бу тозуп жүргөн көп журтту,
Томсортпой муну ким баштайт?
Кара жаак айбалта,
Муну кайкалатпай ким аштайт?
Камоодо жүргөн калың журт,
Муну капа бир кылбай ким баштайт?

Жакшылап үңүлсөк, Жакып байдын арманын көркөм шөкөттөгөн бул эпикалык саптарда дегеле бала жөнүндөгү өзүнчө бир философия чөгүп жатат. Бул конкреттүү бир адамдын арманы болгону менен, ал арман аркылуу бүтүндөй бир доордун, жамааттын дүйнөгө көз карашы чагылдырылып отурат. Эгерде биз Жакыптын арманына жалпы эле түрк маданиятынын контекстинен карай турган болсок, анда анын маани-маңызы ого бетер дааналана түшмөк.

Бала көрбөй, перзенттен көзү катып, бу дүйнөдөн "туяксыз" өтүп бараткан атанын арман-күйүтү чыгыштын, анын ичинде түрк калктарынын фольклорунда арбын кездешет. Теңирден перзент тилеп көз жашын көлдөткөн, дубана болуп, жер-суу кыдырып зарланган аталардын образдары "Коркут ата", "Кобланды",

“Алпамыш”, “Мундук, Зарлык” сыяктуу дастандарда, поэмаларда, түрк элдеринин көптөгөн жомокторунда, уламыштарында, анын катарында кыргыздын далайлаган элдик чыгармаларында таасын жана таасирдүү сүрөттөлөт.

Маселен, “Мундук, Зарлыкта” туяксыз Жанчаркан “өзүмдөн перзент болбосо, кандык доорум курусун, тоого да бердиң баланы, ташка да бердиң баланы, эй, жараткан кудай ай, тындырбадың санааны”,— деп арман кылып, теңирге зарын айтат.

Түрк фольклорунда баласыз, “туяксыз” атанын айлана-тегерегиндегилер тарабынан кодуланып, өгөйлөнүп кордолгон, тебеленип-тепселген учурлары да аз эмес. Мисалы “Коркут-ата” эпосунда Байындар хан аттуу огуз уруусунун ханы ала-тоодой эт кылып, ала-көлдөй чык кылып, чоң той берет. Байындар тойго үч түрлүү өргөө тиктирип, уулдууну ак өргөөгө, уулу жок кыздууну кызыл өргөөгө, баласыз “куу баштарды” кара үйгө түшүргүлө — деп буйрук кылат. Байындар хан тойго келген Дерсе хан аттуу бекти жигиттери менен кара кийиз төшөлгөн, кара желек тагылган кара үйгө киргизип, кара койдун этин тарттырат. Мындай басынткан, кордогон мамилеге чыдабай, катуу ызаланып, кара үйдөн чыга качып, Дерсе хан ичи өрттөнүп, көзүнүн жашын он талаа кылып, үйүнө кайтып келет. Ал эми кыргыздын “Көчпөсбай” аттуу жомогунда чоң тойдо той ээлеринин “балалуууга казы менен карта тарт, баласызга какчеке тайдын башын тарт”—деп шылдыңдаганы перзентсиз Көчпөсбайга катуу тийип, ал ызасына чыдабай Тору айгырына мине салып, бийик дөбөгө чаап чыгып барып, кудайга үнү жетип бакырып ыйлайт. Көчпөсбайдын “Мурутун булкуп ыргытып, сакалын жулуп ыргытып” ыйлаган арман-күйүтүнүн күчү чыгармада өтө күчтүү көркөм сөз менен берилген:

Өйдө карап өкүрсө,  
Көк айрылып кеткендей.  
Ылдый карап өкүрсө,  
Жер айрылып кеткендей.

Айланасындагылардын кемсинтип, кыйшык көз менен караганын “Манастагы ” Жакып да сезип-туюп, ичинен түтөйт.

Ал: “Куубаш Жакып атандым.  
“Карыды Жакып куубаш” – деп,  
Калктын баары мени айтат,  
“Катыны жүрөт туубас” – деп.

Ботосу жоктон майышып,

Боздоп турдум кайышып" – деп жубайы Чыйырдыга бекеринен кайрылып турган жок.

Улуу табият-эне башкасын айтпаган күндө да, бу жарыкчылыкта киши пендесине биологиялык жактан өзүнө окшогон жанды өндүрүү, тукум улоо шыбагасын тартуулаган экен. Түрк калктарынын дүйнө кабылдоосунда табият-эне же улуу жараткан ыроологон мындай шыбагадан куру калган адам дүйнөдөгү эң бактысыз жан. Көктөгү Теңир өзү аркасын салып, табигый үлүшүнөн ажыратып, куу баш кылып койгон киши айланадагыларга барксыз, сүйкүмсүз. Ал жалбыраксыз, мөмөсүз куураган даракка тете. Экинчи жагынан абай салып карасаң, ар качан тынымсыз кагылыш-кармаштар, согуштар жүрүп турган жоокердик замандарда үй-бүлөдө эркек баланын төрөлүшү бул-зор кубаныч, чоң жакшылык. Ал үй-бүлөнүн тиреги жана ошондой эле, жамааттын коопсуздугунун сакчылыгында тура турган жоокер, арка-бел болчу эрен, журтту калкалоочулардын катарына келип кошулуучу чоро. Ал эми мындай коргоочуну, калкалоочуу чорону жаратып, жамаатка бербеген ургаачы менен эркек коомдо опосу жок, өмүрү кунарсыз, жашоосу жайдак, беделсиз бейтаалайлар катары санала келген. Жогорудагы мисалдардан көрүнүп тургандай, илгерки түрк адамы мындай тагдырды өзгөчө курч кабылдаган жана ушундай жазмышка кериптер болгону үчүн өксүк комплекси (комплекс неполноценности) менен катуу жабыркаган. Бекеринен кыргызда "Балалуунун багы бар, баласыздын жүрөгүндө муңу бар" деп айтылбайт. Туяксыз өтүү, илгерки ата-бабалардан бери карай уланып келаткан тукумдун үзүлүшү – бул түрк адамы үчүн чоң трагедия. Артында тукуму жок куу баш пендеге карата кыргыз элинде жана түрк калктарында, «Уулсуз ата-канаты кыркылган куш», «Уулу жоктун мууну жок», "Балалуу үй – гүлүстөн, баласыз үй – көрүстөн", "Баласы жоктун – ырысы жок", "Балалуу үй – базар, баласыз үй – мазар" деген макалдар жашап калган. "Эр Солтоной" эпосунда Солтоной баатыр эл-жеримди өмүр өткөнчө душмандан коргоймн деп ант берген соң, антымды бузсам "туулбай туна чөгөйүн, туяксыз болуп өтөйүн" деп сөзүн бүтүрөт. Демек, туягы жоктук- Эр Солтоной үчүн эң чоң жамандык, трагедия.

Мына ушундан улам "Манастагы" Жакыптын арман-кайгысынын эмнеден тамыр алып чыгып жатканын түшүнсөк болот.

Жакып өзү кырк миң жылкылуу бай. Бирок "Мүндүк, Зарлыктагы" Жанчаркан жанагинтип "өзүмдөн перзент болбосо, хандык доорум курусун" деп айткандай, Жакып да артында бала жок болсо "чайнаганым май болгону" курусун, ошол өрүш толгон малыма, короо толгон коюма ээ болуп калар ("Кунаным жүрөт кур болуп, кууп минер балам жок, оболоп учкан ак шумкар, таптап салаар кишим жок") туягым болбосо, мендей жашаганы чала, канатсыз чунак кайда бар деп кайгы жеп турат. Жакып үчүн мураска ээ болуп калар тукум жок болсо, адамдын өмүрү маңызсыз. Байлыгыңдын да, бийлигиң да мааниси жок ("Акыретке бет алсам, алтын, күмүш пул калат, айдаган малга ээ болуп, алтайдан келген кул калат"). Туяксыз куу баш өткөн пенденин өмүрүнүн акыры "бузулуп калган калаа". Жакыптын түшүнүгүндө жарык дүйнөнүн ээси, туткасы – бала.

Бирок да терең карай келсек, илгерки түрк адамынын көз карашында жарыкка туулган "туяктын" вазипасы атасы энчиге калтырган материалдык байлыкка мураскор болуу же болбосо атасынын биологиялык уландысы болуу деген менен гана чектелбейт. Улуу акын Жеңижок ырдагандай, уул жөн гана тукум улоочу же болбосо "аргымак минип дуулап, адырдан коён уулап" жүрүш үчүн эле туулбайт.

Түрк элдеринин түшүнүгүндө бала деген нерсе чоң моралдык-философиялык жана педагогикалык маселе. Маселен, VII–VIII кылымдарда жаралган "Коркут ата" китебинде мындай делет: «Ата баркын көтөрө албас барксыз уулдун ата белинен өнгөнүнөн өнбөгөнү жакшыдыр. Эне боюна бүткөнүнөн бүтпөгөнү жакшыдыр.»

Кыргыз ичинде да момундай макалдар, таасын айтылган накыл кеп, учкул сөздөр те байыртан бери карай жашап келет: "Уул жаманы – уйгак менен тең", "Кишиден кийин, иттен илгери", "Жаман уул жакшы атанын наамын булгайт", "Уулуң жаман болсо өмүрүң кыскарат", "Жаман уулдун барынан жогу", "Баланын жогу да балээ, бары да балээ" ж.б. Мындай макал-накылдардан улам кандай жыйынытыкка келүүгө болот?

Туура, ата бала тилейт, балага муктаж, балага зар. Бирок анын тилегени жогоруда айтылгандай жөнөкөй гана биологиялык жан эмес, жөн гана тукум улоочу эмес. Биринчи иретте, бала атанын

руханиятынын уландысы болушу керек. Перзент тилеген ата ошол тилегине перзенттин жаркын келечеги, анын болочокто ким болору, кандай жан болору жөнүндөгү үмүтүн, таттуу кыялын кошо чөгөрөт. “Туяктын” төрөлгөнү, албетте, кучак жеткис кубаныч. Бирок анын туулганынан да турары баарынан маанилүү.

Кыргыз, түрк адамы үчүн бала деген нерсе баарынан мурда, мындайча айтканда социалдык-нравалык категория. Мына ошондуктан жогорудагы бай Жакып өзүнүн муң-зарында жөн гана эненин этегинен түшчү “кызыл этти” эмес, келечектеги моралдык жанды, кунанын кууп минээр, кушун таптап салаар тукумду, долоно саптуу айбалтаны аштаар, тозгон журтту томсортпой баштаар уулду тилеп отурбайбы. Эгерде өйдөтөгү накылдарда айтылгандай, уул уйгак менен тең болсо, иттен илгери, кишиден кийин болсо, атанын наамын булгаса, “Ата баркын көтөрө албас барксыз” болсо, андай “туяктын” “эне боюна бүткөнүнөн бүтпөгөнү жакшы”. Демек, түрк калктарынын философиясында ушундай сакал-чачынды агарткан, өмүрүңдү кыскарткан жетесиз, “ашка жүк, башка жүк” уулдуу болгондон көрө “какбаш”, “куубаш” атанып, дүйнөдөн так өткөн артык. Тарых, турмуш миң бир ирет далилдеген: жаман уулдун айынан атанын көкөлөтүп көтөргөн туусу жыгылган, үй-бүлөнүн тирөөчү кулаган, а түгүл бүтүндөй мамлекет кыйраган. V-IX кылымдарга таандык Орхон-Энесай таш эстеликтериндеги жазууларга байкоо салып көрөлүчү. Орхондогу Күл – Тегиндин эстелигиндеги Чоң жазууда ушул жазууну ташка чектирип жаздырган Билге каган VI кылымдын орто ченинде биринчи Чыгыш Түрк каганатын курган өзүнүн хан ата-бабалары Бумын менен Истеминин эрдиктрине, акылмандыгына көкүрөгү толо сыймыктанат да, бирок ошол даңктуу чоң аталарынын жаман чыгып калган тукумдары жана анын кесепети тууралуу мындайча малымат калтырган: **«Андан кийин … уулдары да кан болгон эле. Андан кийин иниси агасындай болбоду, уулдары канындай (атасындай) болбоду. … Акылсыз каган отурган эле, буйругу да (насааты да) акылсыз жаман болгон эле. …Түрк калкынын элдүүлүгүнүн, мамлекетинин биримдиги учуп кетти, бузулуп калды»** (Күл- Тегиндин эстелегиндеги Чоң жазуудан). Бул жерде сөз биринчи Чыгыш Түрк каганатынын кулашы жөнүндө болуп жатат. Билге каган каганаттын бузулуп, кулашынын себебин биринчи иретте, акылсыз, жаман уулдардын аталарындай боло албагандыгынан, ата наркын, ата салтын жолдой

албагандыгынан, бабалардын калыс мыйзамдарын колдоно албагандыгынан көрөт. Мына ушинтип, «ата баркын көтөрө албас барксыз уулдун» бечелдиги, кесепети бир кезде атанын орноткон түркүгүн кулатып, түрк мамлекеттүүлүгүн, элдүүлүгүн, түрк биримдигин бүлүнтүптүр.

Ак таңдай акын Жеңижок бир ырында "уулуң жаман болгон соң, уулум бар деп санабай, жата бер жалгыз жайында" деп жыйынтык чыгарып турат. Бул жерде кызыгы, ушул бүтүмдү "О дүйнө көздөй жол тартсам, ордумду басар уулум жок" деп арман кылып ырдап, бу дүйнөдөн тукумсуз өтүп бараткан Жеңижоктун өзү айтып отурат. Жаман уулуң болгончо жалгыздыгың дурус, баланын жогу да балээ, жетесиз чыкса бары дагы балээ, – дейт Жеңижоктун логикасы. Демек, "Балам жок" деп зарланган армандуу Жеңижоктун балага карата чен-өлчөмү түпкүлүгүндө бөлөкчө. "Сөөлөтүндө шаңы жок, сөзүндө маани жок, кылганынын дайыны жок, же алып койгон зайбы жок", түтүн чыккан көрүнгөн үйдөн тамак аңдып, айылда дардайып басып жүргөн, бекерпоз, намыссыз жаман тукум ("Үй-бүлө" ыры), же болбосо, мылтыктын түздүгүн сынаш үчүн адамды атып ойногон Ташыкулдун баласындай канкор, жалгыз уйлуу кедейдин музоосун тартып алган Сулайманкулдун уулундай ташбоор, карабашыл адамды ат байгеге сайган Токтоматтын баласындай түркөй ("Бай балдары" ырынан), наадан макулуктар Жеңижок үчүн бала катары саналбайт. Акындын көз карашында уул деген **"каттаса атанын кан жолу, кармаса оң колу, сүйлөсө таңдайы, сүйүнсө маңдайы"**. Уул татыктуу болсо – ата өлбөйт. "Кымбат баалуу жакут таштай жакшы уул" ("Үй-бүлө" ырынан) – атанын өлбөстүгүнүн белгиси. "Өзүңдүн ордуң жоголбойт, өнүп-өссө балдарың" ("Терме" ырынан). Демек, Жеңижоктун оюу боюнча уулдун дүйнөгө келүү миссиясы жөнөкөй эмес, бийик, жогору. Ал дагы айталы, "дене бала" гана эмес, биринчи иретте, атанын асылнарктарын, салттарын татыктуу уланткан руханий бала болууга тийиш. "Туяктын" маңызы – рухта, адеп-ыйманда, маданиятта.

Баланын төрөлүү миссиясы жөнүндөгшү Жеңижоктун философиясы байыркы Орхон-Энесай жазууларынын адептик-патриоттук даанышмандыгы менен үндөшүп турат.

Ошол эле Билге каган Күл-Тегин эстелигиндеги жазуунун баш жагында, жанагинтип Бумын, Истеми бабаларынын баркы, наркы, даңкы менен сыймыктанса, андан соң экинчи чыгыш түрк

каганатын курган өз атасы Элтерис кагандын эрдиктерин мактаныч кылып даңазалайт. Анан атасынын өлгөндүгүн, ага арнап эстелик, балбал таштар тургузулгандыгын салтанаттап айтат да, мындан кийин «атан өлсө, тайлак бар, комун жерге таштабайт» дегендей, атасынын тагына өзү отургандыгын аңгемелейт. **«Атам дүйнөдөн өткөндөн кийин мен кандыкка олтурдум»** (Билге каган эстелиги). Ал атасы Элтеристин жарык дүйнөгө келгендеги жана кан болгондогу миссиясын мындайча түшүнөт: **«Түрк элдин аты, даңкы жок болбосун (өчпөсүн) деп, каган атамды теңири көтөрдү».** Элтерис түрк элинин атын, даңкын өчүрбөй, өз миссиясын сыймык менен өтөдү. Ошон үчүн ысымы түбөлүк өчпөсүн деп, ага эстелик тургузулду. Эми уулу Билге каган болсо, өзүнүн милдетин атасы аркалаган ошол эле миссияны улантуудан көрөт. **«Түрк элдин аты, даңкы жок болбосун деп, өзүмдү теңири кандыкка отургузган эле. Иним Күл-Тегин менен сүйлөштүк, ата-бабабыз курган (түзгөн) элдин аты, даңкы жок болбосун».**

Билге каган өзүнүн уулдук милдетин ар намыс менен аткаргандыгын мындайча ташка чектирген: **«...Түрк эли үчүн түн уктабадым, күндүз отурбадым. Жылаңач (кийимсиз) элди тондуу (кийимдүү) кылдым, жарды элди бай кылдым. Аз элди көп кылдым. Мен мынча тырышкандык менен курганды башатабасам, түрк эли өлөт эле, жок болот эле. Түрк бектери жана эл муну ойлогула!»** (Билге каган эстелигинен).

Дегеле, Түрк маданиятында Ата деген түшүнүктүн статусу өтө жогору. Уул үчүн Ата – тутуна турган тутка, ээрчий турган үлгү, кармана турган туу. Ата – жарыкка туулган туяктын өмүр-жашоосун, жүрүм-турумун, ишмердигин ченеп турган жогорку нравалык чен-өлчөм. Билге каган да өзүнүн Бумын, Истеми, Элтерис аталарынын образдарын дал ушундай нукта өрнөк катары кабыл алып, өзүнүн уулдук вазипасын атанын руханий-патриоттук жолун улантуудан көрүп, бул милдетин ар намыстуулук менен аткарып, "Туяк" деген ардактуу атка татыктуулугун далилдеп өткөн экен.

Билге каган өзүнүн уулдук милдетин атага кызмат кылуу озуйпасы менен гана чектебей, өз күч-кубатын бүтүндөй түрк элине арнап өмүр сүрүп, "туяктын" парзына кеңири масштабда караптыр. Уулдук милдетти мындай кеңири түшүнүү кыргыз калкынын "ата баласы болбосоң болбо, эл баласы бол" деген акылман макалы

менен үндөшүп турат. Дал ушундай философиялык акыл-туюм Манас баатырга да мүнөздүү. Балтыр эти толуп, "канаты" жетилген чакта жаш баатыр Манас Алтайга сүрүлүп барган кыргыздардын арасында туруп мындай дейт: "Атым өчүп калбайбы, атамдан калган жеримди, Алтайдан калбай албасам, асыл кыргыз элимди, тебелетип бөтөнгө, кор кылып карап жатканча, туулбай туна чөгөйүн, тирүү жүрбө й өлөйүн, энеден неге туулдум,, эрлердин жолун кууймун." Манас энеден туулууну атанын конушуна ээ болуу, эл-жерим деп эрлердин жолун куу деп туюнат. Эгер мындай болбосо, бу жарыкка туулган туяктын атынын өчкөнү ошол, уулдун туулбай туна чөккөнү ошол, деп түшүнөт. Ушуга удаа VIII кылымда Энесай аймагындагы Алтын-Көл деген жерге кыргыз каганы Барсбекке тургузулган таш эстеликтеги жазууга да көңүл буруу артыкбаш болбос. Барсбектин эстелигиндеги жазуу мындай саптар менен башталат. Окуйлу:

**«Он ай боюна көтөргөн эле мени энем! Элиме мени тууп берген эле энем»** (Орхон Енисей тексттери, 171-бет). Айтмакчы, Алтын-Көлдөгү эзелки кыргыз элчиси Эрен Улугка арналган таш эстеликтеги жазуу да ушундай маанидеги сөздөр менен ачылат: **«Он ай көтөрдү энем. Уул туулдум»** (ошондо, 172-бет). Барсбектин эстелигиндеги жогорку эки сап сүйлөмдүн экинчи бөлүгүнө назар салалы: **«Элиме мени тууп берген эле энем»**. Жакшылап тигилсек, бул жерде бөтөнчө бир маани жатат. Баса, ошол эле Эрен Улугдун бейитиндеги ташта **«уул туулдум»** деп эркек болуп төрөлүү фактысына атайы басым коюлуп, сыймыктануу менен жазылып отурат. Демек, бул жерде, жакшылап байкасак, эне, уул баланы жөн эле «ыңаалатып», жарык дүйнөгө төрөп коюш үчүн он ай көтөрүп, омурткасы сыздабайт, эркек баланы эне бир үй-бүлөгө гана эмес, жамы тууган элине, калайык-журтуна төрөп берет, уул элдин перзенти, жамааттын табылгасы, ал омурткасы сыздап, он ай көтөргөң энесинин акысына, ак сүтүнө, атасынын багып-тиккен мээнетине элдин уулу болуп, калайык-калкынын керегине жараган атуулдук-азаматтык кызматы аркылуу гана татыктуу боло алат деген идея чөгүп жатат. Мындан улам **«элиме мени тууп берген эле энем», «уул туулдум»** деген сөздөр бекеринен ташка чегилип жазылбагандыгын туюнсак болот. Уул туулуу, демек, эл үчүн туулуу, элге кызмат кылуу, элге кызмат кылуу-энеге, атага кызмат кылуу дегендикке жатат. Ушул духта Жусуп Баласагындын "Куттуу билиминде" да мындай накыл

бар: **“Эл ичинде бир макал бардыгы ырас, уулуна-ата абийири, ысмы мурас”**. Демек, кыргыз-түрк жамаатында уул туулунун өзү эне-атанын бийик иштерге болгон наказы катары түшүнүлгөн. Журттун кызыкчылыгына багыттанган жамаатчыл ойлом кыргыз баласынын кан-жанына ушунчалык сиңген, атүгүл бешик терметип жаткан эне дагы перзентке моминтип ырдап турат:

Алдей-алдей ак бөпөм,
Ата-салтын уланткын,
Ардактап элиң кубанткын,
Баатыр болгун , эр болгун,
Кабылан болгун, шер болгун.

Дал ушундай «туякка» кеңири караган элдик философия Жакыптын да аң сезимине, кан-жанына астыртан сиңген. Ошондуктан баланын кайгысы жөнүндө ойлонуп жатып, ал аны менен кошо элдин көйгөйү тууралуу да тогус толгонуп турат. «Туяк» жөнүндө башына ой келсе, тууган эл жөнүндө ой да кошо келет. Жакыптын ички арман-зарынын тереңинде, эгер теңир боору ооруп, жакшылыгын берип, перзенттүү болсом, ал туяк-тукумум конушума гана кожоюн болбой, айбалтаны аштоочу, калың журтту баштоочу, мекенинен ажыраган шордуу элиме арка-бел болуучу эрен болсо атаганат, мен үчүн да, эл үчүн да төрөлсө гана деген тымызын тилек бугуп жатат. Атанын мына ушундай жалгыз Жакыпка гана эмес, жалпы жамаатка тирек болор туяк тууралуу тымызын тилеги, илгери үмүтү анын уктап жатып көргөн түшүнөн да туюлуп турат. Куубаш ата түшүндө «куйрук-башы жаркылдаган, куштан башка үнү бар, куудан аппак жүнү бар, чырымтал жүнү чылк алтын, тумушугу болот тунжурдай, текөөрү болот темирдей, тырмагы болот канжардай, асмандагы канаттуулар айбатынан учалбаган, жердеги аяктуулар жылып чыгып кача албаган» керемет бир кушту кармап алып, жибектен боо тагып, багып алат.

Бул түштөн перзенттен көзү каткан Жакыптын психологиясы айкын көрүнүп турат. Анын бала жөнүндөгү ички кусасы, болгондо да татыктуу тукум тууралуу эңсөөсү ушунчалык деңиз, ал кусалык, жалындаган үмүт-тилек түшүндө кубулуп, таңыркаткан каймана образга айланып, шумдуктуу куш түрүндө көрүнүп отурат. Бул фантастикалык куш – Жакыптын атанын да, журттун да кулуну, эпосто айтылгандай «ажыдаардай айбаттуу, арстандай кайраттуу» туяк жөнүндөгү эңсөө-тилегинин түштө «материализацияланышы».

Акыркы Жакыптын түшү чын чыгат. Алиги кереметүү куш бала Манастын каймана түрүндөгү прообразы болуп чыгат. Дүйнөгө Манас төрөлөт. «Уулуң жакшы болсо – өмүрүң узарат», «Жакшы бала – атанын сыймыгы», «Жакшы кыз – жакадагы кундуз, жакшы уул – көктөгү жылдыз» дегендей, бала Манас акылдуу чыгат. Ал жогордагы Билге каган сыяктуу эле атанын туягы катары өзүнүн парзын, жана айтылгандай, баатыр ата-бабаларынын патриоттук ишин улантуудан, чачылганды жыйноодон, үзүлгөндү улоодон, жоголгон жокту табуудан көрөт. Манас: «Атым өчүп калбайбы, атамдан калган жеримди, Алтайдан калбай албасам» – дейт. Ал жөн эле тирүү жан болуп, ичип-жеп, уктап-туруп мал багар бала болуп жашаганды каалабайт. Манас өзүнүн ата баласы катары жашоосунун маңызын өмүрүн улуу иштерге арноодон көрөт. Акыры Манас эр жетип, айбалтаны аштап, азган элди баштап, «Кулалы жыйып куш кылып, курама жыйып журт кылып», кыргыз мамлекеттүүлүгүн түзүп, атадан калган туяктын миссиясын өлбөс-өчпөс атак-даңк менен аткарат.

Жыйынтыктап айтканда, демек, биздин түрк элдерибиздин маданиятында, анын ичинде улуу «Манас» эпосунда тукум, бала, «туяк» жөнүндө өзүнчө бир педагогикалык концепция берилген. Бай Жакып айткандай, «дүйнөнүн ээси – бала». Бала – жашоодогу уламалуулуктун, өмүр кербенинин символу. Адамзат көчүнүн кыймылынын, диалектикасынын символу. Бардыгы балага келип такалат. Бала жок болсо жашоо соолуйт, коомдун көчү токтойт. Ал эми үй бүлөдө «туяк» туулбаса жеке бир атанын тукуму үзүлөт, муундар учугу уланбай өксүйт. Бул – айтып бүткүс трагедия. Ошон үчүн тирүүлүктүн, жашоонун, өмүрдүн куну, куту – балада деп саналып отурат. Ал эми мындай куттан, кундан ажыроо коркунучу, алдыда турган бул өңдүү традегияны сезүү, туюнуу жамаатта Жакыптын арманындай арманга алып келиши мыйзамченемдүү нерсе. Жакыптын арманы философиялык арман. Бүтүндөй бир концепцияны туйгузган арман. «Манаста» жарыкка төрөлгөн баланын, туяктын мааниси, дегеле коомдо адамдын өмүр-жашоосунун маңызы эмнеде деген социалдык – философиялык, моралдык суроо – маселе менен тыгыз байланышкан. Жакыптын арманы жана «Манастын» өзү жашоонун маңызы – адамдын өзүнөн жогору турган бир бийик элдик, гуманисттик мүдөө-идеяларга кызмат кылып күн көргөндүгүндө тургандыгын каңкуулап турат. «Манаста» баланын башынан кечире турган өмүр жашоосу дал

ушул философиянын турнабайы аркылуу каралып, бийик адеп-ахлак таразасы менен өлчөнөт. Туулган «туяк» жер үстүндө кош аяктуу макулук, кыбыраган көрпенде болуп эмес, айланасына жакшылыктын жарыгын чачкан нурпенде болуп жашоого тийиш. Өз көмөчүнө күл тартып, кара башынын кызыкчылыгынан башканы билбеген Абыке, Көбөштөй, Көзкамандай пенде болуп жашоонун жамаат үчүн маңызы, куну жана куту жок. Көзкамандай, Көбөштөй «туяктын» «эне боюна бүткөнүнөн бүтпөгөнү» артык дейт, «Манастын» логикасы.

Мына ушинтип, «Манаста» перзент аттуу «биологиялык жан» эл-жер, мекен, салт, мамлекет, рух деген чоң түшүнүктөр менен журулуштурулуп каралат. "Перзент энеден туулат, эл үчүн белин буунат". Эпостун "туяк", "бала" жөнүндөгү философиясы ушул элдик акылмандыктын нугунда турат.

Бүгүнкү жеке менчик институтуна сыйынган рынок заманында, турмушка коммерциялык-бухгалтериялык, пайдакечтик-эсепчил жана муздак технократиялык мамиле баш көтөрүп, **эл, мекен, журт кызыкчылыгы** деген чоң түшүнүктөр урматталбай, чындык, акыйкат, ыйман аттуу ыйык нерселер тебеленип, роботчо ойлонгон маңкурттар арбып, үлүлчөсүнөн "кабыгынын" ичине кирип кеткен өзүмчүл, индивидуалист жандар көбөйүп, материалдык байлыктын культу өсүп, ун тапкан, пул тапкан балдар ардакталып, криминал "авторитеттер" барк күтүп, адеп-ахлак кризисинин арааны жүрүп турат. Эгерде ушундай бийик патриоттук мүдөөлөрдөн жана моралдык идеялдардан ажыраган, күнүмдүктү гана ойлогон, улуттук стратегиялык багыты жок, жеке кызыкчылыктарды туу кылган тукум-туяктардын өзүмчүл ойлому жана жүрүм-туруму мындан ары карай чек билбей өсө бере турган болсо, кыргыз мамлекетинин руханий пайдубалы бара-бара урап түшүшү мүмкүн. Мына ушундай опурталдуу кыйын шарттарда улуу "Манасыбыздын" улут жашоосу үчүн фундаменталдык мүнөзгө ээ мекенчил, жамаатчыл, ыймандуу бала, тукум-туяк туурасындагы философиясын биз кайрадан кабыл алып, Манас атасындай "эл үчүн белин буунган" мекенчил патриотту калыптандыруу мүдөөсүн үй-бүлөдөн тарта коомдук мекемеге чейин бекем тутунуп, таалим-тарбия ишин системалуу жүргүзүүнү колго алуу биз үчүн бүгүн аба менен суудай зарыл.

Ошол ата баласы гана эмес, эл баласы боло турган баланы жамаатчыл, элчил, мекенчил кылып кандай усул-амалдар менен тарбиялоо, калыптандыруу керек? Мындай педагогикалык мүдөөгө кандай жолдор менен жетишүүгө болот? “Манастан” буга айкын-ачык жооп табылабы? Эмесе, кийинки главалар ушул педагогикалык маселе жөнүндө болмокчу.

# “МАНАС” ЭПОСУ: ТАРЫХЫЙ ЭСТУТУМГА, АНТИМАҢКУРТТУК РУХКА ЖАНА МЕКЕНЧИЛДИККЕ ТАРБИЯЛОО

## I

“Манастын” педагогикасы жөнүндөгү сөзгө кирип жатып, төмөнкү эки нерсеге көңүл бурууну ылайык көрөбүз.

**Биринчиси.** Манас жарык дүйнөгө төрөлөт. Анын төрөлгөндөгү сырткы көрүнүшү, кебете-кепшири, тулку-турпаты мындайча сыпатталат:

Жаагы жазы, ээги узун,
Эрди калың, көзү үңкүр,
Эр мүнөзү көрүнөт,
Алакан жазык, кол ачык,
Аттанып чыкса жол ачык,
Алп мүнөзү көрүнөт,
Кең көкүрөк, жайык төш,
Аркасы кең, бели түз,
Айбаты катуу,заары күч,
Пил мүчөсү көрүнөт,
Жолборс моюн, жоон билек,
Бөрү кулак, жолборс төш
Бөлөкчө түрү бар экен.

Тышкы көрүнүшүнөн “Айбаты катуу, заары күч”, пил мүчөлүү, жолборс төш баатырдын кыяпаты байкалып турса да, Манас азырынча баары бир кызыл эт бала, ымыркай, биологиялык дене гана. Анын алп мүчөсү, кең көкүрөк, жайык төшү баланын келечекте айкөл Манас болуп өсүп чыгышына гарантия эмес. Эгер анын алп денесин, көкүрөк-көөдөнүн улуу рух уялабаса бала келечекте “жан казандай башы бар, жаткан иттей кашы бар” алиги акылы тайкы алп Жолойлордун бири болуп калышы мүмкүн. “Кызыл эт” алп дене адамга айланышы керек.

**Экинчиси**. Ымыркай Манастын жерден боорун көтөрүп чоңоюп, эр жетип адам болгондогу, адам болгондо да, айкөл баатыр - инсан болгондогу кези төмөнкүчө мүнөздөлөт:

Алтын менен күмүштүн,
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Асман менен жериндин,

Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Ай алдында дайранын,
Толкунунан бүткөндөй.
Ободогу булуттун,
Салкынынан бүткөндөй.
Асмандагы ай, күндүн,
Жаркынынан бүткөндөй!

Көрүнүп тургандай, бул жерде өйдөкүдөй Манастын сырткы түр-түрпөтүнө эмес, анын руханий ички сулуулугуна жана улуулугуна басым коюлуп жатат. Бул поэтикалык бийик саптарда шөкөттөлгөндөй, Манастын дал ушундай асыл, ажайып улуу сапаттарга эгедер болуп, жалпы кыргыз эли сыймыктанган айкөл инсанга айлангандыгы эпостогу айныгыс чындык.

Демек, мына ушинтип, биз Манастын өмүрүнүн эки учуруна көңүл токтоттук. Эми ушул жерден орчундуу бир педагогикалык маселеге келип такалабыз. Жанагындай адегендеги "жолборс моюн, жоон билек" бөлөкчө түрү бар перзент Манас кандайча жол менен "алтын менен күмүштүн, ширөөсүнөн бүткөндөй" эр азаматка өсүп чыкты? Кандай тарбиянын жардамы менен? Бектур Исаков жазгандай, "Пенде Манас кантип айкөл Манаска айланды?" Мындай рухий бийиктикке Манасты кандай тарбия айла-амалдары жөлөп-таяп чыгарды? Ымыркайдан баатырды даярдап өстүрүп чыгаруу процесси кандайча жүргөн?

Биз "Манастан" ушул педагогикалык суроолорго жооп табууга тийишпис. Изилдообуздун максаты, маани-маңызы мына ушунда турат.

Бүгүн "Манас" жөнүндө жазгандардын арасында, айрыкча кайып илими дегенди жактагандардын ичинде Манас баатырдын руханий болумушун, ыйман-адебин асманга таандык кылып, мистикалаштырып түшүндүргөндөр аз эмес. Мисалы, А.Кубанычбеков аттуу инсан "Манастын айкөлдүгү, адеп-ахлагы өзү менен кошо тубаса жаралган. Манасты кыргызга теңирим берген. Ал кыргызга пайгамбар катары көктөн түшкөн. Анын бийик асыл сапаттары теңирден, асмандан. Ал өзүнүн жараткан колдогон хан жана баатыр ата-бабаларынын этикасын канында алып жүрөт",- деп жазат ("Адабий Алатоо" газетасы, 18-май, 2009-жыл). Бул өңдүү көз караштты кабыл алуу кыйын. Манасты түгөлү менен мистикалаштырган мындай көз карашка каршы турган альтернативалуу аргументтер зарыл.

"Манас" эпосун изилдеген улуу окумуштуулардын ой-пикирлерине кайрылууга туура келет. 1885-жылы Санк-Петербургда басылган "Түндүк түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрү" деген эмгегине жазган "Кириш сөзүндө" атактуу манастаануучу Василий Радлов эр Манастын образына салыштырма планда талдоо жүргүзүп, дастандын образдары жомокко, фантастикага, мифологияга караганда реалдуу турмушка жакын экендигин баса белгилеп, "Манасты" элдин бүткүл оюн, умтулуштарын, рухун чагылтып көрсөткөн эң зор классика катары мүнөздөгөн. Ал эми окумуштуу-тарыхчы А.Н.Бернштам "Эпикалык Манас 820-847-жылдарды камтыган кыргыз урууларынын көз карандысыздыгы үчүн күрөшүн баяндаган кайталангыс тарыхый повесть болуп эсептелет", - деп өзүнүн концепциясын жазып отурат (А.Н.Бернштам, "Кыргыз мамлекетинин өз эркиндиги үчүн күрөшү". Китепте: Кыргыздар, 2-том, Бишкек, 1991, 219-б.). "Манас" эпосунда кыргыз тарыхынын конкреттүү окуялары чагылдырылган деп тартынбай айтууга болот. Реалисттик маанидеги окуялар менен эпизоддорго жыштыгы, бардык пенделерге тиешелүү артыкчылык кемчилиги менен каармандардын тирүү адамдардай элес калтырышы кыргыз эпосторунун өзгөчөлүгү" (С.М.Абрамзон, "Кыргыздардын этногенетикалык тарыхый-маданий байланышы". Китепте: Кыргыздар, 2-том, Бишкек, 1991, 311-б.). Атактуу, абройлуу окумуштуулардын бул пикирлери менен эсептешүү керек. Манас баатырды мистикалык, мифологиялык каарман катары кароодон алыс болушубуз лаазым. Манастын инсан катары калыптанышынын себептерин асмандан эмес, жерден издешибиз зарыл деп ойлойбуз. Жогорудагы илимпоздордун концепциялары "Манастын" педагогикасын изилдөөгө бизге методологиялык ачкыч катары багыт берип, Манас баатырдын адеп-ахлагынын жаралыш маселесине мифологиялык эмес, тарыхый мамиле кылуунун керекчилигин каңкуулап турат.

Баса, айтмакчы, жогорудагы А.Кубанычбековдун чечмелөөсү бир жагынан караганда, таалим-тарбия илими жаатында те илгертен бери келе жаткан момундай бир көз караш менен да үндөшүп тургандыгын белгилей өтөлү. Бул көз караш боюнча инсандын моралдык касиеттери түбү келип ага тукум куучуулук механизмдери аркылуу берилет. Өнүгүүнүн жүрүшүндө баланын жаратылыш берген тубаса касиеттери улам акырындап жүрүп

ачылып отурат. Баланын ким болору энесинин карынында жатканда эле программаланып калган болот. Социалдык чөйрө ошол генетикалык программанын жүзөгө ашышына сыртынан шылтоо гана болуп берет. Чөйрө, тарбия дегенибиз жаңы нерсени жаратпайт.

Адамдын инсандык өнүгүшүн жалаң биологиялык факторго багынычтуу кылып койгон мындай концепция менен, албетте, макул болуу кыйын. Ырас, адамдын кээ бир касиеттери анын генотибине, нерв системасынын тубаса өзгөчөлүгүнө түздөн-түз багынычтуу (мисалы, темпераменти, шык-жөндөмү). Бирок адамдын адам катары калыптанышында социалдык чөйрөнүн, таалим-тарбиянын чечүүчү жана жаратмандык ролун танып таштоо бир жактуулук жана аша чапкандык. Кандайдыр бир идея, дүйнөгө болгон көз караш, инсандык ишеним, моралдык позиция адам баласына ген аркылуу берилиши мүмкүн эмес. Бекеринен кыргыздын макалы "Уулду төрөйт, уятын кошо төрөбөйт, кызды төрөйт, кыялын кошо төрөбөйт" деп сүйлөп турган жок. Манастын туулушу жана өсүшү жөнүндө сөз кылып жатып, атактуу эл мугалими Бектур Исаков минтип жазат: "Анткени ар кандай кара күчү мол алп эл мүдөөсүн шыр мойнуна көтөрүп, аракетке өтөрү күмөн. Бардык эле пенде сыяктуу ал эл жүгүн көтөрүшү же көтөрбөшү мүмкүн. Эл мүдөөсүн көздөө балага курсакта жатканда эле берилет деп эсептөө—аша чапкандык. Экинчиден, баатыр болчу адамга эл багуу, Ата Мекенди коргоо мүдөөсү ал төрөлгөндөн кийин, аны курчаган чөйрөдөгү адамдардын таасири, аракети менен берилет. Демек, ал жаралгандан жармашкан тубаса касиет эмес, адамдардын максаттуу, аракеттеринин натыйжасында пайда болот" (Б.Исаков, "Айкөл Манастын калыптанышы", 2009ж.). Өз практикасында баланын калыптаныш маселеси менен өмүр бою алпурушуп келаткан эл мугалиминин бул оюу педагогикадагы өйдөкүдөй "биологиялаштыруучулук" көз карашка жана ошондой эле Манастын образын жанагыдай мистикалаштырып түшүндүрүүгө каршы. Бектур Исаков элдик педагогиканын нугунда ойлонуп отурат.

Кыргыздын элдик кеменгерлиги те байыртан бери карай адамдын адам болуп калыптанышында таалим-тарбиянын ролуна өзгөчө маани берип, өзүнүн педагогикалык ой уютмаларын төмөнкүдөй макал-ылакаптарга кыт куйгандай кылып чөгөрүп койгон: **"Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат", "Аганы**

**көрүп ини өсөт, эжени көрүп, сиңди өсөт", "Баланы жамандан адаштыр, жакшыга жанаштыр", "Жаман атты жакшы бакса, тулпар болот, жаман кушту жакшы бакса, шумкар болот", "Адам болуу аста-аста", "Адам адамды тарбиялайт", "Айылчынын баласы "опаа" деп ыйлайт, уйкучунун баласы "жатаа" деп ыйлайт"** ж.б. Кыргыздын улуу акындарынын таалим-тарбиянын ролуна карата көз караштары да ушул элдик даанышмандыктын нугун улантат. **"Бала деген ушундай, колуңдагы кушуңдай, таптаганга жараша, түшүм берет кызылдай"** (Нурмолдо), **"Теске салып оңдосо, ийри жыгач түз болот"** (Калыгул), **"Мектепке кармап бербесе, илим-билим үйрөтүп, шалтаңды минтип жеңбесе, оңго келер жөнү жок"** (Тоголок Молдо). Кыргыздардын мындай педагогикалык идеялары дүйнөлүк философтордун көз караштары менен, тагыраак айтканда байыркы Демокриттин: "Хорошими людьми становятся больше от упражнения, чем от природы", англис философу Джон Локктун "Бала дүйнөгө аппак тактадай болуп төрөлөт, тарбиячы ал актай тактага каалаганын жазса болот. Эгер бала тубаса майып болбосо, андан тарбиячы каалагандай адамды тарбиялап чыгара алат", "Тарбиянын колунан бардыгы келет" (К.Гельвеций) деген ойлору менен үн алышып турат. Тарбияны күчтүү курал катары санагандардын жана анын күчүнө ишенгендердин бири "Манаста" Алтайдагы кыргыздардын баатыры жана руханий лидери Акбалта аксакал болуп эсептелет. Ошондуктан ал бала Манас тууралуу Жакыпка кайрылып: "Билбегенин билгизип, минтип жолго салалы, түйбаганын түйгузуп, туура жолго салалы"-деп акыл салып отурат. Акбалта адаттан тыш түрүнөн улам Манастын соо бала эмес экендигин туюп, анын "байланып жаткан бактынын багын ача турган, кордукта жүргөн элдин колун чече турган уул, белге таңуу кыла турган шер болорун" боолголойт. Бирок бул акылман аксакал бала Манастын ошондой баатыр болушу үчүн алдыда тарбиянын татаал мээнет-түйшүгү, адам болуунун азаптуу кыйын-кезең жолу жаткандыгын терең түшүнөт. "Баланы тарбиялоо- ташты кемиргенге тете" (эл макалы) экени анын көөнүндө турган нерсе. Ошондуктан Акбалта, "билбегенди билгизип, түйбаганды түйгузуп, ок өтпөс тон кийгизип, ок жетпес ат мингизип, Манасты жоого сактап багалы" деп эң оболуу жарыкка жаңы келген "Бала барчынды" таптоо жөнүндө ойлонуп, толгонуп отурат. Мына ошентип, терең ойлонсок, адам коомунда кишинин киши катары

"каймактап", калыптанышында, инсан – личность катары түзүлүшүндө таалим-тарбиянын, чөйрөнүн ролу абдан чоң. Адам жамаатында анын мааниси эч убакта пастабайт жана тескерисинче, улам жогорулай берет. Демек, тарыхый-социологиялык, тарыхый-маданий мамиленин негизинде "Манас" баатырдын инсан катары калыптанышынын турмуштук факторлорун, педагогикалык шарттарын эпостун өзүнүн фактыларына таянып ачып чыгуу алдыда турган актуалдык милдет.

## II

Эстутум, тагыраак айтканда, тарыхый эстутум дегеле жарык дүйнөдө адамды айбандан айырмалап турган, адамдын адам экенин таанытып турган эн тамга. Эстутумсуз - адам жок, адамдын коому да жок. Адам өзү социалдык тарыхтын туундусу. Тарых менен тагдырлаш, ата-бабалары менен киндиги туташ экендигин киши эстутум аркылуу тааныйт. Эстутум аркылуу тарыхтын кербен көчүнүн жолунда, муундар аралык өтмө-катыштыктын тутумунда өзүнүн ордун, ким экендигин, милдети кайсы экендигин аңдап билет, бүгүнкүсүнө жана келечегине баам салат. Эстутум даанасын айтканда, адам баласынын жашоосунун формасы жана өзүн-өзү сактоосунун органы. Эстутум коомдогу уламалуулуктун (преемственность) ар дайым тынымсыз иштеген жана күн-түн чыңалууда турган механизми. Манас доорундагы кыргыз социуму тарыхый эстутумдун ушундай түрдөгү улуу маңызын көкүрөк-көөдөнү менен туйбай, даанышман акылы менен андабай койбогон. Көчмөндөр цивилизациясында кишинин эстутуму анын адам жана атуул экендигинин критерийи катары каралган. Кишинин жети атасын билгендиги анын жамааттын мүчөсү болууга татыктуулугунун көрсөткүчү болгон. Ал эми жети атасын билбеген пенде кыргызда "Түбүн тааныбаган түпсүз кул" аталып, башы кара, буту айры макулук катары саналган, шылдыңдоонун жана келекелөөнүн объектисине айланган.

Өтүмүш тарых кийинки замандардагыдай летопистерде, китептерде сакталбагандыктан, кыргыз көчмөн коомунда тукумдардын тарыхый акыл-эсин оозеки сөз менен түптөө озуйпасынын өтө актуалдашып, алдыңкы планга чыгып келишин шарттаган. Мындай жагдайдын өзү тарбия иши жаатында чүрпөгө,

"туякка" биринчи иретте, урук-тукумун, тегин таанытуу, тарыхты, өтүмүштү таалимдөө усулунун активдүү аракетте турушуна алып келген. Мына ошондуктан "Манас" дастанында да бала Манастын социалдашуу процессинде тарыхты таанытуу усулунун биринчилерден болуп кызматка чегилишин мыйзамченемдүү нерсе катары кабылдайбыз. Байкасак, "Жети ата" деген түшүнүк кыргыз баласынын канына сиңип, анын рухий көнүмүшүнө айланып калган. Маселен, Орозду уулу Бай көптөгөн жылдардан кийин Алтайга келип, иниси Жакыпты таанибай "Ким болот сенин атың?" деп сураганда Жакып "бейтааныш адамга" өзүнүн ысымын атоодон мурда, дароо ата-жотосун айтууга өтүп кетет: "Эми Жакып кеп айтат, менин жайым ушул деп айтат, түпкү атабыз Төбөй дейт, берки атабыз Көгөй дейт, Көгөйдөн болгон Ногой дейт, өз атабыз Ороз дейт". Дал ушул сөөккө сиңген рухий көнүмүш тарбия ишине келгенде да табигый түрдө чапчаң кыймылга келип отурат.

Бай Жакып зарлап жүрүп тапкан чүрпөсү Манасты мандайына отургузуп алып, моминтип саймедиреп турат: **"Чоң атаң аты Ногой деп, каратып турду Кашкарды, Кара-Шаарга жеткенче, хан атаң Ногой башкарды, балам, бабаң Ногой тушунда, согушкандар сойлогон, лоп жакасын жердеген, ойротко намыс бербеген".** Сагымбай Орозбаковдун вариантындагы Жакыптын бул аңгемеси Ашым Жакыпбековдун "Теңири Манас" романында мындайча тереңдетилип берилет: **"Оо, балам, Тенириң-Көк, тегиң-Кыргыз, жолдошуң-Күн, тирегиң-Кара-Жер, өмүрүң-Суу, демиң-От, жандоочуң-Көкжал бөрү, колдоочуң-Кыдыр!...-деп эргиген Жакып, илгертен берки ата-бабасы эсине түшүп, узун сабак, улуу сөзгө кирди. Ушу Манаска чейин кыргыздан отуз эки ата өтүп, Улуу Тоого киндиктеш өсүп, Ай Талаанын эрке кулуну болуп куюндап жашап, эзелтен ээлеген жери Күн жүрүш тарабы Эренге жетип, Түн жүрүш тарабы Энесай бойлоп, Миңсуу аралап, Күн батышы Орол тоону кыркалап, Күн чыгышы Тебиттен Манжууга чектешип, ушул орто кыргыз Тегинен бери карай Ата конуш, Ата Мекен болуп, Жетеден Жотого мурас өтүп, кең аймак бирде уч-кыйыры узарып-кеңейип, бирде шириге каткан баштай болуп куурулуп, душманга басылып, анда Ажолор Мекен жерин талашып, басып келген кас менен алпурушуп, Бабалар айыгышып күрөшүп, Аталар кан төгүшүп кармашып, Балага мурас калган Ата Мекен ушул сэкенин**

**айтып отурду Жакып Манаска...Түпкү атасы Каракан, Каракандан Огузкан, Огузкандан Аланча кан, Аланчадан Байгур менен Уйгур, Байгурдан Бабыр, Бабырдан Түбөй, Түбөйдөн Көгөй, Көгөйдөн Ногой, Ногойдон Орозду чоң атасы, Орозду чоң атасынан Жакып өз атасы, Жакып атасынан Манас өзү туулуп турганын айтып отурду Жакып Манаска... Ушу саналган аталарынын бардыгы эл намысын коргоп, Жер намысын көздөп, бирде эл-жерин каска чаптырып, бирде арааны келип, намысы колго тийип, кас душмандын Ордосунун төбөсүндө Көк асабасын сайып, эшик алдындагы мамысына аргымагын байлап келген. Кечээ Орозду баатырдан он бала жаш калып, кезинде келин болуп жүгүнүп турчу кытай, калмак, манжуулар Ала-Тоону чаап, Таластагы Ордонун түркүгүн кулатып, туусун жыгып, жоого каршы чыгар чамасы жок он баланы он тарапка бөлүп айдап салганын, мына ошондо Жакып кырк үйлүү кыргыз менен ушул Алтайга сүрүлүп келгенин айтып олтурду".**

Жакып баланын адам болушу түбүн таанудан башталат деген терең ишенимде. Ошондуктан Жакыптын бул сөзү чүрпөсүн алаксытуу үчүн айтылган жан гана жайынча кооз кеп эмес, Манастын кишилик келечегин түптөө үчүн чын дилден күйүп-бышып сүйлөгөн атанын тарбия камкордугу. Азыркы тил менен айтканда, тарыхый эстутумду каймактатуу Жакып ата үчүн бала тарбиясынын биринчи алиппеси. Бала Манас ушинтип адегенде Жакып атасынын "оозеки мектебинен" окуп, анын жети ата жөнүндөгү "алиппеси" менен таанышат.

Жакып атасынын ушундай кулагына кумдай куюлган сөздөрү, бирде сыймыктуу, бирде арман көйгөйлүү аңгеме-дүкөнү аркылуу бала Манастын өз элинин, өз ата-бабаларынын тарых-таржымалына карата улам көзү ачыла берет. Өзүнүн түбү кайдан экендигин, кимдин тукуму экендигин аңдайт. Ата-тегине улам кызыгуусу артып, Жакып атасынан "Сенин түбүң кимден болчу, түрмөгүң айтып койчу, тегиң кимден болчу, терип айтып койчу" деп кайталап сурайт. "Ай, атаке, деп айтат, абалыңды кол салып, сизди келип камалап, урган калмак турбайбы"-деп уккандарынан улам кулунчак Манас дос ким, душман ким экенин тааный баштайт. Улуттук сезими "бүчүр жарат". Тарыхый эстутуму тамыр байлайт. Демек, адамдык, атуулдук көрөңгөсү түптөлө баштайт. Өспүрүм баланын оозунан чыккан эмелеки сөздөр, койгон

суроосу, атасынын айткан тарых сабактарын анын жөн гана пассивдүү кабылдап отурбагандыгын, тескерисинче, ынтаалуу, активдүү кабылдагандыгын, жаш Манастын баш мээси, акылы кыймылдап, ичинде ойлонуу, толгонуу түйшүгү жүрүп, тарбиялануучуда субъективдүүлүктүн өсүш алып жаткандыгын астыртан күбөлөп берет.

Өткөн тарыхка адам күзгү сыяктуу каранат. Тарых-күзгүдөн ал далайлаган адамдык тагдырларды көрөт, аларга салыштырып, киши өзүн өзү тааныйт деген сөз бар. Манастын чоң атасы Орозду кезегинде ак калпак Кыргыз журтуна башчы болгон, өз элин "канаттууга кактырбай, тумшуктуугa чокутпай, туяктууга тептирбей" жоодон коргогон эр жүрөк баатыр болгон. Орозду эпосто мындайча мүнөздөлөт:

"Ага бет алган душман сойлогон,
Кылымга кеткен атагы.
Кытайдын чегин четтеген,
Кызыгышкан душманды
Кыйратып баатыр өрттөгөн.
Ороздун көзү барында
Ала-Тоону жайлаткан,
Эшигинин алдында
Жүздөн тулпар байлаткан.
Бет алыша келгенде,
Душмандын шорун кайнаткан.
Ороздунун барында,
Басташкан жоодон качпаган,
Ушу кыргыз эл-журтту
Ата болуп сактаган".

Жети атасы жөнүндөгү санжыргалуу кеп-сөздү төгүп жатып, Алтайдагы бай Жакып кечээ эле калкына калка болуп, кыргыздын таянган тоосу болуп, журтуна ата болгон өз атасы Орозду тууралуу кулуну Манаска нечендеген даңаза сөздөрдү, кызык аңгемелерди күн-түндөп чубуртуп айтпай койбогон. Ушул жерден улуу сынчы В.Г.Белинскийдин "Улуу адамдын өмүр-тагдыры өзүнчө эле бир ажайып көрүнүш, аны көргөнүндө, үйрөнүп-билгенинде жан дүйнөңө канат бүтүп, кандайдыр бир бийик иштерге шыктанасың" деген сөзү эске түшөт. Ушуга удаа улаштырып айта турган нерсе, чоң атасы Орозду жөнүндөгү атасы Жакыптын аңгемелери, эл ичиндеги даңаза сөздөр бала Манастын жан дүйнөсүнө

сыймыктануу сезимин жаратпай койгон эмес. Акылдуу бала чоң атасынын даңкына татыктуу уул болуу тууралуу ичинен кыялданбай койбогон. Бекеринен он эки жашар Манас илгерки Ажо, Хан, Бек болгон бабаларына, Орозду чоң атасына кыялында окшошкусу келип: **“Төрөм деп айт мени”, “Баатыр деп айткын мени”** деп, жанындагы балдарга тамашалап кайрылбаса керек. Бир сөз менен айтканда азуусун айга булөгөн даңктуу баатыр чоң атасы Оroздунун өрнөгү небересине дем-шык берип, ар намысын ичтен козгоп ойготуп, анын маңдайында маяк болуп күйгөн.

Манастын таалим-тарбиясында жана аны уюштурууда Акбалта зор роль ойнойт. Акбалта деген ким? Акбалтанын башчы, жетекчи, хан деген расмий статусу жок. Бирок, азыркы тил менен айтканда, ал Алтайдагы кыргыздардын формалдуу эмес лидери. Алтайдагы кыргыздар Акбалтанын айланасына баш кошкон. “Колу артына байланып, кой ордуна айдалып” Алтайга келип, ач-жылаңач, карып болуп, не кыларын билбей, айласы куруп турган элге кайрылып, Акбалта:”Медер кылып жүрүүчү, белгилүү кыргыз а да жок, керүүгө тиккен багың жок, керсейип жүрөр чагың жок, талаага тиккен багың жок, дардайып жатар чагың жок, эмгек кыл балдар, эмгек кыл, алтындын кенин казалы, кетмендеп жерди оёлу, жан аябай турушуп, аябай жанды багалы, кар жер менен урушуп”- деп жалындуу чакырык таштап, арып-азган боордошторунун аман калышын дыйканчылыкка өтүүдөн көрүп, көпчүлүктү артынан ээрчитип, аларды өлбөй тирүү калуу өздөрүнүн колунда экендигине ишендирип, “кара жер менен урушууну” – дыйканчылык ишин чечкиндүү түрдө уюштурат. Мына ошентип, Акбалта өзүнүн акылмандыгы жана көсөм уюштуруучулук, лидерлик сапаты менен кыргыздардын түн уйкусун, күн тынымын билбей, өмүр же өлүм деп “төбөсү менен жер казган” өжөр эмгек мээнеттин натыйжасында экономикалык жактан бутуна турушуна жана айлана-тегеректи курчап турган чоочун калктардын арасында жоголуп кетпей өзүнчө этнос катары сакталып калышына зор салым кошуп, чоң атак-аброй күткөн инсан. Ошон үчүн ал эпосто “Абакең Балта ак жолтой, сүйлөгөнү – жарыя, Калың кыргыз ичинде, кадыры бийик карыя” деп мүнөздөлгөн. (Акбалтанын көсөмдүгү, уюштуруучулук өрнөгү, Алтайдагы кыргыздардын кризистен кантип чыкканы бүгүнкү эгемендүү кыргыздардын жетекчилерине жана жакырчылыктан жабыркаган элибизге

орчундуу сабак. Өрнөктү башка жактардан эмес, өз коломтоңдон издегениң эп).

Алтайда мурда Акбалтаны кыйнаган нерсе материалдык көйгөй болсо, азыр ал жанындагы кыргыздардын тагдырын гана эмес, жалпы эле туш-тушка таруудай чачылган Ала-Тоолук ак калпак элдин кайрадан ата-мекенин табар күнү, кайрадан жыйналып биригер кези, кулчулуктан кутулар учуру жөнүндө көзүнөн жаш кылгыратып кыялданат, толгонот, ою оңго, санаасы санга бөлүнүп, күйүт чегет. Ошондуктан ал Чыйырды алп бала төрөгөндө өзүнүн кыраакы, сынаакы көзү жана көрөгөч туюму менен перзенттин "мал багар уул эмес, эл багар уул" болоорун, алды жакта жалпы журтка бир жакшылык келерин сезип, "арстан тууган шер келди, кабылан султан эр келди, киндик кесип, кир жууган, жерди табат экенбиз, паана берип жараткан, элди табат экенбиз" деп, терисине батпай барбаландап кубанып отурат. Акбалта жалпы улуттук масштабда ойлонгон патриот-лидер, саясатчы, Алтайдагы кыргыздардын идеологу.

Тарбия, эгер анын максаты так жана айкын аныкталса гана туура багыт менен жүрө алат. Ал эми ошол максат коомдун социалдык зарыл муктаждыгынан чыгып коюлса, анда ал кандайдыр бир абстракция эмес, турмуштук реалдуу негизи бар стратегия катары иштөөгө жөндөмдүү болот. Акбалта жогоруда көрүнгөндөй, чачылган кыргыз калкынын өзүнүн бир тууган ата конушун, элин табуу, кайрадан баш кошуу, күнкорлуктан азат болуу сыяктуу турмуштук, социалдык-саясий муктаждыгын өтө курч сезип турат. Ал Манасты тарбиялоонун максатын кыргыз элинин дал ушул муктаждыгынан чыгып аныктайт. Акбалтанын башкы максаты-Манасты чачылганды жыйнаар, үзүлгөндү улаар, жоголгон жокту табаар, эли-жеринин боштондугу үчүн жанын кыюуга даяр турган мекенчил-патриот, жалындаган азамат-атуул кылып өстүрүү. Ошон үчүн жогорто "ок өтпөс тон кийгизип, ок жетпес ат мингизип, Манасты жоого сактап багалы" деп жатпайбы. Мындай тарбия мүдөөсү жана милдети чындыгында ошол туштагы кор болгон кыргыз журтунун оор социалдык абалынан туулган социалдык заказ эле. Мына ушундай таалим-тарбия, стратегиясынан чыгып, Акбалта Манастын тарбиясын эне-атасы менен кошо активдүү түрдө колго алып, бул иште Жакыпка бирден бир кеңешчи болуп, биринчи кезекте элдин баатырдык жана трагедиялуу тарыхынын мисалдарында баланын патриоттук

аңсезимин ойготууга, алдыда турган жалпы улуттук милдетти акырындап туюнтууга, анын мекенчил философиясын түптөөгө күч үрөйт.

«Туйбаганды туйгузуп, туура жолго салалы» деп адегенде эле баланын тарбиясына кам урган Акбалта көкүрөгүн өрттөп, көкөйүнөн чыкпаган кечээки Алоокенин кандуу чапкынын Манаска кантип кан-какшап айтпай коё алат. Бул тарыхты балага айтканда, анын сакалы ылдый жаш куюлуп турганын көз алдыңа элестете бер. Акбалта «Манаста» «жазы жаак, жалпак тил, жаңылбаган чоң чечен» деп мүнөздөлөт. Демек, ал ар кандай тарыхты кызыл тилин сайратып, көркүнө чыгарып, жугумдуу кылып айта билген. Акбалта өзүнүн ташка тамга баскандай сүйлөгөн чечендиги менен кытайлардын Ала-Тоого кантип карантүн салганын, каардуу жоого каршы өзү баш болгон кыргыздардын акыркы күчүн жыйнап, кантип көтөрүлгөндүгүн, адилетсиз душмандын кыргызды кантип канга боёгондугун, олжолоп беш көкүлдүү кыз алганын, тамдын баарын кулатканын, талдын баарын сулатканын, кайгы-касиреттин күчүнөн карагай ыйлап, тал ыйлаганын, каргылданып чал ыйлаганын, калайык-журттун баары ыйлаганын, жайнап жаткан кыргыздын жаккан отун өчүргөнүн, жалпы баарын көчүргөнүн жаш Манастын алдына жайып таштаган. Ушунун баарын бизге патриот Акбалтанын образынын подтексти айтып турат.

Педагогикалык психологиянын билермандары адамдын эмоционалдык сферасына таасир кылбай туруп, кандайдыр бир нравалык сапатты тарбиялоо мүмкүн эмес дешет. «Эмоциясыз адамдын чындыкты издөөсү эч качан болгон эмес жана болбойт дагы» деген белгилүү философиялык афоризмди эске түшүрөлү. Мына ушул айтылгандардын чындыгын бизге илгерки «Манас» эпосу да ырастап берет. Не дегенде момундай эмоцияга кырк, чын жүрөктөн агылып-төгүлүп таасын айтылган аңгеме-тарых жаш Манастын жан дүйнөсүнө өзгөчө таасирин тийгизбей койбогон. Кыргыз элинин, анын ичинде өз ата-энесинин башына түшкөн жан чыдагыс трагедия жөнүндөгү тарыхты укканда Манастын жаш жүрөгү мыкчылып, каны дүргүп, карегинен жаш кылгырып, катуу толкундабай койгон эмес. Мына ушундай күчтүү эмоциялык абалдан улам Манастын акылы козголуп: «Эмне үчүн?» «Кайсы жазыгы үчүн?» – деген сыяктуу суроолорду алдына коюп, чындыкты издей баштаган. Ошол элдин кайгы- касиретине ичи

ачышкандыктан улам ал бала да болсо намыс-арына келип, акыры Акбалтанын «эркиндик», «боштондук» жөнүндөгү идеяларынын маани-жайын эртелеп баамдоого, баскынчы жоонун кыргызга кылган кылгылыгына этикалык баа берүүгө чейин өсүп келген. Ал калмак-кытайды **«зордукчу»** деп аныктайт. Он эки жашар Манастын **«Телпейген кара калмактан, теңдигим тартып аламын»** деп кесене сүйлөгөн оюу жөн гана улуулардан үйрөнүп алган ураан эмес, элдин трагедиясын жүрөк-жүлүнү менен туюп, ичтен күйгөндүктөн туулган нерсе. Ал эми жүрөк сезимдин, эмоциянын күчү менен бекемделген ынанымдын түптүү болору жана нравалык жүрүм-турумдун түздөн-түз түрткүсүнө айланары белгилүү эмеспи.

Мына ошентип, калайык-журттун баштан кечирген мүшкүлдүү тарыхы жөнүндөгү Акбалта чечендин «Жүлүнгө жетер кеп айткан, жүрөгүн өрттөп бек айткан» аңгемелери Манастын алдыда башталa турган Ата Мекен үчүн күрөшүнүн мотивациясын алдын ала даярдайт. Айтмакчы, тарбия деген көп факторлуу экендигин эстен чыгарбайлы. Жаш Манастын күрөшчүл жүрүм-турумунун ички мотивациясынын түптөлүшүнө атасы Жакыптын «Балам, чачылган сенин тууганың, менин чамам кетип турганым, эл журтумдун жогунан, дүнүйө мага болду тар» – деп, басса-турса санааркап кейип турганы, энеси Чыйырдынын калмак-кытайдын кыргыздын башына салган алааматы тууралуу:

Кыздарын тартып алгандай,
Кыргызыңа кас болгон.
Айрыкча сени туулат деп
Кылбаганы аз болгон.
Түлкүдөй жортуп жүгүргөн,
Тирүүлөй катын сойдурган.
Как жарышып киндиктен,
Карындан бала суурушкан.
Кара жерди кызартып,
Кан менен чопо жуурулткан.
Кыргызды чилдей таратып,
Бүт чыгышка кондурган.
Айдап эчен эренди
Ар кайсы жакка кул кылган - деп, бир айтып бир койбой, эки айтып эки койбой, отурса-турса баласына жомоктоп күйүп-

бышканы, ошондой эле, Алтайдагы коңшулаш, короолош жашаган калмак-манжуу журттарынын кыргыздарды теңсинбеген, кулсунткан, басынткан, душмандык мамилелери, калмак балдардын «Тентип келген бурут, бул буруттун балдарын чуркуратып курут» деп кодулап кордогондору да түрткү болгондугун айта өтөлү.

Жакыптын уулу жаш баатыр болуп, «ак калпакты кийип, алчайып атка минип» чоң атасы Ороздунун көк туусун көкөлөтүп көтөргөндө да, Акбалта даанышман «бала каздай баркылдап, ак сакалы жаркылдап, абалкыдан кеп баштап, акырын сүйлөп бек таштап», тарых сабактарын таалимдөөсүн уланта берет. Бул жолу ал Манаска калктын кайгы-муңун эмес, каарман духун жомоктоп айтып, кыргыз үчүн кан-жанын берген чыгаан эрлерди даңазалап, жаш баатырдын аң сезимине жана жан дүйнөсүнө бекем рухий-патриоттук таяныч табуунун камында болот. Ушул жерден бир ойду кыстарып айтып өтүүгө туура келет. Биздин оюубузча тарыхты окуп-үйрөнүүдө ар кандай фактылардын, цифралардын тизмегин, окуялардын хронологиясын жаттоого караганда, ошол тарыхый окуялардын чордонунда туруп, башкы ролдорду ойногон үлкөн инсандардын өмүр-тагдырына, жан дүйнөсүнө сүңгүп кирүү тарыхтын мазмунун түшүнүүдө көбүрөөк пайдалуу болор эле. Анткени тарыхый мезгилдин тенденцияларын, алга карай умтулган пафосун, духун, психологиясын, элдин эркиндик, жакшылык, келечек үчүн болгон күрөшүнүн маңызын тарых «сахнасынын» дал ошондой борбордук каармандары өздөрүндө көтөрүп алып жүрүшөт. Тарых инсандар аркылуу бизге чыныгы жүзүн ачып берет. Ошон үчүн «тарыхты терең үйрөнүп билүү үчүн Адам – эң сонун объект. Акылгөйлүк менен айтылган, жазылган биография – бул өзүнчө эле бир окуу китеби. Ал «окуу китебинен» биз эмнеден этият болуу керек экендигин жана кыйын-кезең кырдаалдарда кандай кадамдарды жасап, кандай мораль менен жашоо туура болорлугун аңдап түшүнөбүз. Тарых өзүнүн тарбиялык кызматын дал ушул жерден эң жакшы өтөй алат» - деп, окумуштуу А.В. Гулыга абдан туура жазат. Бул кыстырма сөз Акбалта насыятчынын өтүмүш-тарыхты таалимдөөдө кеп объектисин тандай билген көсөмдүгүн байкоодон улам чыгып отурат.

Акбалта тарбиячы кыргыз эли үчүн каруусун казык, башын токмок кылып кызмат өтөгөн мурунку – кийинки көк жал

баатырлар жөнүндө Манаска, образдуу айтканда, бир нече оозеки «окуу китебин» тартуу кылат. Гулыга жазгандай, акылгөйлүк менен айтылган Кошой баатыр тууралуу оозеки «окуу китепти» өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болор эле. «Кара тилин кайраган кара жаак» аталган Акбалта Кошойдун тагдыр-таржымалы, өмүр өрнөгү жөнүндөгү санжыра-санатын Манастын кулагына кумдай куюп келип, сонунда сөзүн мындайча тыянактайт:

Катагандын кан Кошой
Белгилүү болгон эр ошол,
Белге тануу шер ошол.
Кененче керчөө тон кийген,
Кер кабылан ат минген,
Азар түмөн кол чыкса,
Айгай салып бир тийген,
Байланып калган базардын
Багын ачкан эр Кошой,
Туруп калган Турпандын
Тушун ачкан эр Кошой.
Чокморунан чок чыккан,
Чок жарылып от чыккан,
Кармаганда кан чыккан,
Тиктегенде жан чыккан
Тоодой болгон күрсү алган,
Тоону Кошой бир салган.
Тоону Кошой бир салса,
Тоону кылган таш-талкан,
Абаң Кошой эр ошол,
Арбагы бийик жан ошол.
Жети өзөндөй кайран жер
Эби менен жер кылып,
Азган-тозгон кыргызды
Эптеп жүрүп эл кылып,
Теликуш таптап куш кылып,
Тентиген жыйнап журт кылып,
Коргонду таштан салды, дейт,
Азган-тозгон кыргызга
Абам Кошой карыя
Башчы болуп калды, дейт.
Алагар көзү чолпондой,

Ай кулагы калкандай,
Бендеден артык шер ошол.
Балам, Манас, угуп ал,
Акбалта айткан кеп ошол.

Алоокенин кызыл кыргынында кызыл өрт болуп күйүп, жоо менен кашык каны калганча салгылашып, жетимиш жеринен жараланса да, урушун улантып, кийин кыргын басылганда да баскынчыларга өжөрлөнө моюн толгоп, өз жеринде кала берген, калып гана жөн болбой, Ат-Башыгы коргон салып, бирин – серин кыргызды жыйнап, аларга арка-тирек болуп, кытай-калмак бийлиги менен айтышса айтыша, салышса салыша кетип, кыргыз элинин бар экенин билгизип, Ала-Тоону жетимсиретпей, калкынын көрөңгөсүн сактап жашап турган Кошойдун каарман жүрүм-туруму адамды айран калтырбай койбойт. Эмне деген патриотизм, эмне деген мекенчилдик! Өзүнүн өмүрү менен өзөктөш, тагдыры менен тамырлаш ушундай көкжал патриоттору бар болгону үчүн кыргыз эли «бороон-чапкында» өлбөй –житпей, жоюлуп-жоголбой тирүү сакталып калган тура. «Эрди эл таптайт, элди эр сактайт» деген макал – бул улуу чындык.

Анан калса, мобу алдыга тартылып өткөн Кошой жөнүндөгү эпикалык саптардын адабий жагына да назар бура өтөлүчү. Бул эмне деген укмуш сүрөт. Караңыздарчы, Кошой кандай гана образдуу сөз боектору, кооз метафоралар жана фразеологизмдер, эпитеттер жана көркөм салыштыруулар менен шөкөттөлгөн. Ташка тамга баскандай, кыска жана нуска курулган биртике эле ыр саптарына элдик инсандын бүтүндөй бир бейнеси, баатырдык баяны сыйдырылган. Үңүлүп тиктесек, саптардын арасынан жана подтекстинен эмне деген дүйнө, не деген келбет, не деген кулк-мүнөз, не деген күч-кубат, не деген сүр жана каарман рух көөлгүп жатат. Муну миниатюрадагы роман десек да болор эле. Мындай классикалык көркөм портрет дүйнөлүк адабиятта сейрек кездешчү көрүнүш десек болот.

Албетте, Акбалта турмушта бул бейнени кеңейтип, Манаска деталдаштырып, мисалдаштырып, кең-кесири далилдеп, узун-сабак тарых кылып, күн-түндөп айтпай койбогон. Акбалтанын бал тилге салып, чын пейли менен төгүлүп, бирде Кошойго сыймыктанып, бирде ага суктанып айткан тарыхы Манас үчүн чынында эле өзүнчө бир ачылыш болуп, кайталангыс бир «окуу

китебинин» ролун ойноп, анын акыл-эсине жана жан дүйнөсүнө терең из калтыргандыгы байкалат. Муну эмне менен далилдөөгө болот? Муну кыйыр жол менен ырастап берсек болот. Маселен, Алтайдан Ала-Тоого биринчи жолу келген жаш Манас менен Ат-Башыдагы Кошой дөөнүн алгач ирет жүздөшкөн учуруна байкоо салып көрөлү. Буга чейин көзү көрө элек адамдын алдында ийилип, бүгүлүп көрбөгөн жаш баатыр Манас Кошойго бет келгенде үзөңгүнү теппей атынан ыргып түшүп, эки колун бооруна алып басып келип, ат үстүндөгү аксакалды кучактап, жетине албай моминтип барбаландап турат: **«Абам Кошой карыям, айла тапкыч олуям, өйдө турсам өбөгүм, ылдый тартсам жөлөгүм, астыга салсам ак жолум, аркамда жүрсө сан колум»**. Бул эң кымбат, эң асыл сөздөр Акбалтанын Кошой тууралсындагы жанагы аңгемелери учурунда Манастын жан дүйнөсүн сыйкырлап, арбап алгандыгын, Кошойдун элеси анын жүрөгүнүн түпкүрүнөн орун алгандыгын, Кошойдун өрнөгүнөн улам Манастын өз ичинен нечен ойлонуп, нечен толгонгондугун, Кошойго ичинен ыйыгындай ишенип калгандыгын, Алтайда жүргөндө эле бул улуу инсан жаш баатырдын пир туткан идеалына айлангандыгын өзүнөн өзү көрсөтүп турбайбы. Кошойдун баатырдык тарыхы аркылуу Манас кыргыз элинин душманга багынбас, кулчулук менен келише албас өжөр, каарман рухун тааныган.

Кыскасы, жыйынтыктап айтканда, Жакып менен Акбалтанын атайын тарбия мүдөөсү менен жети атаны жеткизе айтып, тарыхты таасын таржымалдап сүйлөп, калкына калка болгон улуу эрендер тууралуу саймедиреп таалим бергени Манастын патриоттук нукта социалдашуусунда жана атуулдук – граждандык аң сезиминин калыптанышында зор роль ойногон. Баатыр ата-бабаларынын жана кыргыздын эл-жерди коргогон көк жал эрлеринин өрнөктөрү жан дүйнөсүнө терең из калтыргандыгы Манастын чын жүрөгүнөн айткан төмөнкү сөздөрүнөн көрүнөт:

Каптаган жоого алдырбас,
Баатырын көрдүм кыргыздын.
Ашуудан бутун тайдырбас,
Акылын көрдүм кыргыздын.
Бороондуу күндө буюкпас,
Дөөлөрүн көрдүм кыргыздын.

Аз болсо, көптөй көрүнгөн,
Өнөрүн көрдүм кыргыздын.

Манастын ата-бабалардын салтындагы аскердик, согуштук өнөрдү үйрөнүп, өздөштүрүшүндө да Акбалтанын ролу зор болгонун айталы. Ырас, эпосто Акбалтанын Манасты уруш өнөрүнө көнүктүргөнү жөнүндө көрүнөө турган фактыларды табуу кыйын. Бирок дастандын эпикалык саптарынын ары жагында катылып жаткан подтекстке шыкаалап карап, айрым окуяларга талдоо салып, көмүскөгө жашынган логиканы ээрчип ой чуркатсак, биз издеген нерсенин башы айкындалып, ачыкка чыга келет. Акбалтанын жогорудагы "ок өтпөс тон кийгизип, ок жетпес ат мингизип, Манасты жоого сактап багалы" деген сөзүн кайрадан эске түшүрүп көрөлүчү. Кытай-калмакка окшогон күчтүү жоо менен "азуулашууга" даярдоодо Манаска аскердик-согуштук өнөрдүн сырларын үйрөтпөй коюу мүмкүнбү? Бул жерде "ок өтпөс тон кийгизип, ок жетпес ат мингизип" деген сөздөрдү буквалдуу түшүнбөө керек. Каймана айтылган бул фразеологизмде Манасты аскердик искусствого көнүктүрүү, машыктыруу идеясы бугуп жатат. Ал кандай искусство? Кыргыздардын өзүнүн аскердик өнөрү бар беле деген суроо туулбай койбойт. Мындай суроого "Манастагы" төмөндөгү фактыны негиз кылып, ой жүгүртүү аркылуу жооп табууга болор эле. Бектур Исаков "Көкөтөйдүн ашындагы" бир сейрек кездешкен кызыктуу жана таңгаларлык окуя тууралуу минтип чечмелеп жазат: **"Көкөтөйдүн ашындагы элге жоокер оюну тартууланат. Манас доолду карс урганда, чоролор эки жак болуп бөлүнөт. Кайра доол дүп эткенде, мылтык атылып, чоролор аттан кулайт. Кайра дагы доол урулар менен, жерде сулап жаткан чоролор "тирилип", үзөңгүгө бут салбай, көз ирмемде атка ыргып минишет. Дагы доол! Кыргыл тебетейин көккө ыргытат. Бакай атканда, ылдыйлап келаткан тебетей кайра көккө көтөрүлөт. Улам ылдыйлаганда, чоролордун бири атып, ошентип, эт бышымча тебетей түшпөйт. Дагы доол урулганда, чоролор 21ден төрт топко бөлүнөт. Улам доолдун кагылышы менен бир топ найза менен сайып түшүрүлсө, экинчи топ көзгө илешпеген тездик менен чоролорду кайра атына мингизип өтүшөт. Дагы доол кагылып, эки тарап бетме-бет алеңгир жаа менен атышат, ошондо чоролордун башындагы туулганын чачыктарын гана жебелер**

**кыркып түшөт. Мына, чеберчилик деп, көзгө атар мерген деп ушуну айт! Чачыктын боосу кылдай ичке, ошону үзө атыш, болгондо да бири эмес, барынын тең ушундай өнөр бийиктигине көтөрүлүшү жаа атып машыгуунун канчалык сапаттуу болгонунан кабар берип турат. Анан дагы доол кагылат. Чоролордун арасында кылычташуу, айбалта чабышуу. Бирок чапчаңдык менен кыймылдаган чоролор денесине кылыч да, найза да, айбалта да тийгизишпейт. Мына ушундай жоокер оюнун өткөрүү Көкөтөйдүн ашына "кыргызды тыптыйпыл чаап алам" деп, адегенде казандагы этти талап жештен баштаган душманды сестентет"** (Б.Исаков. Манас таалими. Бишкек, 2008, 40-бет.) Мындан улам эмнени айтууга болот? Көкөтөйдүн ашында бул адамдын оозун ачырган аскердик өнөрдү демонстрациялап көрсөтүүнүн башында Манас баатыр өзү турат. Доолду дүңгүрөтө кагып, белги берип, көрсөтүүнү жөнгө салып турган өзү. Демек, бул өнөрлөрдү чоролорго үйрөтүү ишинин башында да Манас өзү турган деп айтууга негиз бар. Өзү да мындай согуштук өнөрлөргө: жаа атууга, кылыч чабууга, найза саюуга жана башка аскердик ыкма-амалдарга машыктырылгандыгы терең баам салган кишиге байкалып турат. Эгерде бул өңдүү жоокердин искусствого үйрөтүлбөгөн болсо, анда жаш баатыр Манас Алтайда калмак-кытайдын түркүн баскынчылык согуштарда "алчы-таасын жеп" такшалган Кочку, Жолой, Нескара сыяктуу шаалары жана алардын машыккан жоокерлерин жеңе албас эле. Жолой, Кочку сыяктуу күчтүү, балбан баатырлар менен Алтайда беттешкен учурда жаш Манас аларга жебедей атылып барып, "андай-мындай дегиче, ачып көздү жумгуча" найза сайып, өзүнүн сайышка ашкере ыкчылдыгын көрсөтөт. Каман алп деген калмактын баатыры менен беттешкенде анын төбөсүндөгү чачын көз ирмемде уучтай салып, Айманбоздун үзөнгүсүнүн боолугуна үч ирет орой чалууга үлгүрүп, атка сүйрөтүп кетет. Манас жамбы атканга дагы жаш кезинен машыкканы байкалат. "Көкөтөйдүн ашында" ат үстүндө чаап баратып, ак келтеси менен жамбыны үзө атып, жамбы жерге түшкөнчө кыргыйча аны илип кетет. Анын Алтайдагы бала чоролору дагы найзага ыкчыл.

Жогорудагыдай аскердик-жоокердик өнөрлөргө Алтайда Манасты жана анын "бала чоролорун" үйрөтүүнү, машыктырууну уюштуруу ишинин башында "Манасты жоого сактап багалы" деп

баланын тарбиясы үчүн күйүп-бышкан Акбалта турган десек жаңылышпас элек. Мындай аскердик өнөрлөрдү кытай баскынчыларына каршы Ала-Тоодо элдик көтөрүлүштү жетектеген мурдагы жоокер Акбалта билбеген деп айтышка негиз жок. Чындыгында, акылман баатыр Акбалта Алтайда бала Манастын бардык жагынан мугалими болгон.

Акбалтанын, Жакыптын Манасты тарбиялоо методикасынан улам, дагы бир ирет жаакты таянып ойлонобуз. Мына моминтип "Манастан" биз тарбиячынын, насаатчынын чүрпөгө эң оболу жети атасын үйрөнтүүнү, өз элинин өтүмүшүн билгизүүнү биринчи даражадагы милдет деп түшүнгөндүгүн көрүп отурабыз. "Жети атаны"- башкача айтканда, тарыхты таанытуу педагогикасы кыргыз коомунда илгертен калыпка түшкөн өзүнчө бир бекем салт, өзүнчө бир система болгон. "Жети ата" - бул тамыр. Өсүмдүктү карасак, ал тамырсыз болбойт. Тамыры болгон үчүн ал гүлдөп өсөт. Тамырынан ажыраса өсүмдүк купкуу сөңгөккө айланат, бир заматта соолуп , куурап жок болот. Адамдын да тамыры болот. Анын тамыры - "жети ата". Бала ошол жети ата тамырды таануу аркылуу адам болот. "Жети ата" деген бул жалпыланган кеңири мааниге ээ. "Жети ата"- бул ата-бабалардын, калайык-калктын тарыхы, тили, салты, дили, дини, маданияты. Жети ата философиясын ушундай кеңири түшүнгөндүгүнөн улам Акбалта акылман элдик арсеналдагы аскердик өнөрдү жаш Манаска үйрөтүп отурат. Жаш Манас ордо оюнун да жакшы ойноого машыккан.

Жети ата тарыхый эс тутумунан ажыраган туяк, тукум тамырынан айрылган өсүмдүк сыяктуу "куурап", маңкуртка айланат. Байыркы Орхон-Энесай таш эстеликтериндеги Гүл-Тегинге арналган чоң жазууда мындай бир окуя сүрөттөлгөн. Бир кезде түрктөрдүн мамлекети кыйрап, эли-журту, кытайлардын ээлигине өтүп, кыздары күң, уулдары кул болуп, түрктүн мыйзамдары унутулуп, балдарынын аты кытайлашып, "иниси агасын билбес, баласы атасын билбес" ахыбалга жеткен экен. Мына ушул маңкурттук абалды түрктүн мыктылары учурунда түрк улутунун өлүмү катары баалаптыр. "Түрк эли өзүбүздү өзүбүз мындан көрө өлтүрөлү, уруксуз бололу" (Гүл-Тегин эстелиги: Чоң жазуу). Ушундан улам муну айтабыз. Демек, муундардын, тукум-туяктардын жети атасын билбеген, тарыхын таанылбаган макулук

катары өсүп, өмүр улашы - бул улуттун тамырынын соолушунун, анын тирүү туруп жок болушунун башталышы.

Баскынчы жоолор, ар кандай үстөмчүл империялар кыргын салбай туруп эле, кандайдыр бир калктын өз алдынчалыгын жоюп, улут катары жок кылууну, ассимиляциялап өзүнө сиңирип, алууна максат кылса, анда алар биринчи иретте, ошол элдин муундарынын, жарандарынын "жети ата" тамырын кыркууну, "иниси агасын билбес, баласы атасын билбес" кылып, тарыхый эстутумун талкалоону көздөп, тымызын иш жүргүзүшкөн. Кээде биздин чыгышта адамды тарыхый эстутумдан ажыратуу төбө чачты тик тургузган мыкаачы жолдор менен ишке ашырылган. "Манаста" калмак-кытай өкүлүнүн "Башына шири кийгизип, Эсенканга баралы" деген сөзү бар. **Шири**-бул кишини эстутумдан ажыратуучу ыкма-курал. Илгери айдар көкүл Жуңжандардын согушта туткунга түшкөн жаш жигиттерди ширинин жардамы менен кандайча "Тамырынан" ажыраткандыгы жөнүндө Чыңгыз Айтматовдун жазганын эске түшүрөлү: **"Оболу жуңжандар туткундун чачын бир жолу оң, анан тескери кырып жалтыратат. Ал ортого нары жакта касапчы жуңжандар бир чоң төөнү союп жаткан болот. Оболу төөнүн терисин— калың, оор келген моюн терисин сыйрып ала коюп, аны устаралап кырып ийип, анан кеп кылып туткундун жалаң башына кийгизет, азыркы суучулдар кийчү кеп такыядай болуп калат. Шири ысык күнгө кургаган сайын кысып, туткундун үнү кудайга жетип, көзү чанагынан чыгып, тартпаган азапты тартат да, анан өткөн өмүрүн, ата-тегин такыр эстей алгыс маңкурт кул болуп кала берет. Маңкурт деген эс-акылдан ажыраган бир сөлөкөт: өзү ким, эл-жери кайда, ысымы ким, ата-энеси ким, кайда, качан чоңойгон,—эч нерсе эсинде калбайт, эч нерсени билбейт, кыскасы, өзүн адам элем деп эсептебей калат. Маңкурт итке окшоп ээсин гана ээрчип калат, ээсин гана тааныйт"** ("Кылым карытар бир күн" романы).

Адамды физикалык-биологиялык жактан кыйноо аркылуу гана эмес, ал таянып турган тарыхый-этникалык фундаментти, улуттук кыртышты жок кылуу, талкалоо аркылуу да маңкуртка айландырышкан. Байыркы бир заманда кара калмак деген жоо кыргызды чаап, эмгектеп жүргөн, жаңы баскан эркек балдарды олжолоп туткунга алат да, өз жерине алып барып, жүз бөбөктү социалдык мамилелерден жана байланыштардан оолактатып, эч

кимге көрсөтпөй, обочодо көмүскө багып, жалаң согуштук өнөргө таптап машыктырат. Кыргыздын жүз кулунчагы өздөрүнүн кыргыз экенин билбей, ата-тегинен эл-жеринен, эне тилинен, таптакыр кабарсыз, согушкандан башканы билбеген жоокер-башкесерлер болуп тарбияланышат. Калмактын төрөсү маңкуртка, айландырылган, уруш өнөрүнө үйрөтүлгөн ошол жүз кыргыз жигитти бир жылы кыргыз элине каршы согушка салып, ак калпак калкты өз тукумдарынын колдору менен кыргынга учуратат. Бул шумдуктуу окуя Үмөт молдонун "Жүз жигит" аттуу комуз-күүсүндө кайгылуу баян болуп чертилип калган.

Өз ата-тегин таанытбаган "Жүз жигитке", өз энесине каршы жаа аткан алиги маңкурт Жоломанга (Ч.Айтматов) жанагы, Гүл-Тегиндин эстелигиндеги кытай империясына кул болгон түрк элинин тагдырына байланышкан өтүмүш тарых XX кылымда кандайдыр бир даражада, өзүнчө бир өзгөчөлүү вариацияда социалисттик "кызыл" кыргыздардын турмушунда кайталангандыгын эске түшүрүүгө туура келет. 1867-жылы атактуу Герцендин ачууланып мындайча жазганы бар: «**өзүбүздүн көйнөгүбүздөн жана сакалыбыздан тартып, баарынан ажырагандыгыбызды көрүп отурабыз. Бизди өзүбүздүн энебизди жек көрүүгө жана ата конушубуздун коломтосун шылдыңдап күлүүгө үйрөтүштү. Бизге чоочун тараптардын бөтөн салттарын тануулашты**». Герцендин бул сөздөрү түздөн-түз кыргыздарга айтылгандай дегибиз келет. «Эски дүйнөнү кыйратабыз!», - деген большевиктик, нигилисттик ураанга жамынган тоталитардык система бизди да өткөн тарыхыбызга түркөй сабатсыздардын жана ташбоор эзүүчүлөрдүн кайгы-муңга толгон караңгы тарыхы катары кароого, улуттук салттарыбызды чириген феодализмдин «калдыгы» катары түшүнүүгө багыттап, элибиздин эркиндиги үчүн күрөшкөн улуттук баатырларыбыз, уулдарыбыз "феодал", "пантюркист" деп аныкталып, өз тилин, маданиятын сүйгөндөр "улутчул" аталып, IX кылымда кыргыздар өзүнүн империясын түзгөн деген тарыхый маалымат саясий жаңылыштык катары бааланып, өз өлкөсүндө туруп, өз эне тилин, өз тегин билбеген өйдөкү жүз жигитке окшогон тукумдар көбөйүп, "Ата", "Апа" деген эзелки төл сөздөрүбүз "Папа", "Мама" менен алмашып, өз бешигин балталап бүлүндүргөн, өз «Бугу энесине» каршы ок аткан Орозкулдар ("Ак кеме" фильми), Жоломандар (Ч.Айтматов) арбып, улутубуздун тарыхый эстутуму талкаланып

отурганы чындык болучу. Кыргыз эли "Совет эли" деген тарыхый "жаңы" жалпылыкка сиңип кетүүгө тийиш болгон. Албетте, советтик түзүлүш түпкүлүгүндө жакшылыкты көздөгөн. Бирок тоталитардык системанын тутумунда түзүлгөн шарт-жагдай, "пролеткульт" идеологиясы объективдүү түрдө ушуга алып келген. Түзүлгөн мындай абалды белгилүү саясатчы Дастан Сарыгулов да төмөндөгүчө күйүп-бышып жазып отурат: "Кыргыз билимсиз, маданиятсыз, сабатсыз, жапайы, ынтымагы жок, араң эле XVI кылымда калыптана башталган эл. "Улуу агасынын" аракети менен капитализм доорунан аттап, социализм дооруна өтүп алды- деген мааниде 70 жыл жүргүзүлгөн саясат үч-төрт муун кыргыз элинин аң сезимин ээлеп, жүлүнүнө, канына чейин сиңип, улуттук эстутумун кыйратып, рухий бүтүндүгүн жок кылды, элдүүлүгүнөн кол үзгөн чекке жеткизип, тегин, тарыхын билбеген, эне тилин, салтын, наркын, дөөлөтүн, улуу мурасын сыйлабай, унуткан, Мекен тагдырына, улут келечегине кайдыгер караган маңкурттардын көбөйүшүнө алып келди."(Д.Сарыгулов. Кыргыздын байыркы тарыхы. Китепте: Элдик жыйын, 1-улуттук кеңеш. Бишкек, 2008, 4б.)

Буларды биз эмне үчүн эскердик. Муну "Шири" идеологиясынын адамдын "жети атасы", элдин тарыхый түп тамыры үчүн, демек, кишинин инсан катары, улуттун улут катары өмүр-жашоосу үчүн, алардын маданий-тарыхый "генефонду" үчүн өтө коркунучтуулугун, түбүнөн кемирип-кесип, кыркып-кыйып таштоочу антигуманисттик күчүн жетигирээк туюнуу ниетинде эстеп отурабыз. Тери шири бар экен, анан социалдык, же болбосо идеологиялык шири бар экен. Адамды алкакка камап, анын ой жүгүртүүсүнүн үстүнөн полициялык көзөмөл орноткон акимчил-буйрукчул түзүлүштүн жарандардын башына кийгизген "идеологиялык ширисинен" улам кэчээ улутубуз өзүнүн этникалык кыртышынан ажыроо коркунучуна, коммунисттик-космополиттик жалпылыкка акырындап сиңип, жок болуу опурталдуулугуна дуушар болгон.

"Социалдык ширige", андан туулган маңкуртчулук илдетине "Манас" эпопеясы да өзүнүн бүткүл турушу, духу менен каршы. "Манаста" каардуу жана амалкөй Алооке хан тоолуктарды таруудай чачып, бирин эренге, бирин тереңге, бирин Алтайга, бирин Каңгайга тентиткенде ак калпак кыргыздын ар кайсы чоочун калайык-журттарга жана кыжылдаган калмак-кытайга сиңип, эл

катары жок болушун көздөгөн. Кыйла жылдар өткөндө кай бир аймактарда өйдөкү Гүл-Тегиндин эстелигинде маалымдалгандай түрктөрдүн башына түшкөн маңкурттук тагдыр, алатоолуктардын да башына келип, кээ бир кыргыз топтору калмакташып, кытайлашып Алоокенин мүдөөсү ишке аша баштаган. Бул көрүнүш "Манаста" Акбалтанын жаш Манаска айткан төмөнкү сөздөрү менен баян этилет: **"Бай Жакып менен ага-ини, балдары Үсөн бар эле, айдап кетип Үсөндү, кара калмак алды эле, Үсөн атын жойду дейт, Көзкаман атка конду дейт, калмакча атын койду дейт, кыргыздын атын жойду дейт, тууганды туура унутуп, баарысы калмак болду дейт"**.

Мына ушинтип, Үсөн баштаган кыргыздар калмак-манжуу массасына ассимиляцияланып, психологиясы такыр өзгөрүп, бала-бакырасынын ысымдары Чаңдаяк, Чагалдай, Дөрбөлдөй делип калмакча коюлуп, дини будда болуп, ырым-жырымы калмакча жасалып, "Какандап" ураан чакырып калышат. "Манаста" кыргыз элине карата чыккынчылык ушул "туугандардын" ичинен чыгат. Кытайдын императору Эсенкан амалданып барып, Манасты уу берип өлтүрүп, Бээжинге башын кесип алып келе турган адамды дал ушул Каңгайда кыргыз атын өчүргөн, жети атасын унуткан пенделердин ичинен тандайт. "Журтуна бузук беш айбанды" баштаган Көзкаман кулчулуктан жаңы эле кутулган бүткүл кыргыз эли медер тутуп турган Манаска кол салат. Манаска уу берет. Демек, бул анын өз бир тууган элинин өлгөндө-талганда жетип турган эң ыйыгы-эркиндигине кол салганы, өз элине уу бергени эле. Көзкаман жанагы "жүз жигит" сыяктуу өз бир боор калкына, туулган тууруна каршы барып отурат. "Маңкурт итке окшоп ээсин гана ээрчип калат, ээсин гана тааныйт" (Чыңгыз Айтматов). Калмакташкан кыргыз Көзкаман да жанынын тереңинде Эсенканды гана ээрчийт, Эсенканды гана тааныйт.

Көзкаман - бул "тамырсыз" адамдын символу. Башына "социалдык шири" кийген кулдун символу. Маңкурт—душмандын колундагы куурчак жана өзүнүн "учкан уясына" каршы пайдаланыла турган курал. Көзкаман бизге көрсөтүп турган "Манастын" ачуу сабагы жана кара түстөгү белгиси. Көзкаман—"тамырсыз" адамдын жамаат үчүн, улут үчүн социалдык жактан өтө коркунучтуулугу жөнүндөгү "Манастын" эскертүүсү. Дастанда Көзкамандын жана анын куралчан табунун кырк чоро тарабынан талкаланып жок кылынышы— бул Манас рухунун маңкуртчулукту

жамандык катары тангандыгынын жана кабыл албагандыгынын символу. "Улуу "Манас" ыйык китебибиз бүгүнкү тукумдарды маңкуртчулуктан сак болууга астыртан үндөп, балага кенедейинен мекенчилдиктин рухун сиңирүүнүн зарылдыгын каңкуулап турат.

Бүгүнкү эгемендүүлүктүн заманында да өткөн тоталитардык доордо башына "идеологиялык шири" кийип калган кыргызстандык массалык адам өзүнүн "уясынан" өзүнө окшош "балапандарды" учуруп чыгарууда. Бекеринен төмөнкү сыяктуу акындык саптар газета-журналдарга жарыяланып жаткан жок: **""Мальборо"экен калпагыңдын урааны, кытай тамга— көйнөгүңдүн далысы! Көөдөнүңдө христиандар символу, ары жок, эй, кайда кыргыз намысы!".** 90-жылдарда Бишкектеги "Россия" кинотеатрында Христиан динине өткөн кыргыз жаштарынын өздөрүнүн чогулушунда "Манас" эпосун өрттөшкөндүгүн эске түшүрөлү. Бул фактынын өзү "жүз жигиттин", Көзкамандардын азыркы эркин Кыргызстанда жашоосун активдүү улантып жаткандыгынын күбөсү. Эгер тарыхтагы "жүз жигит" жана Көзкаман бөтөн жактарда, кыргыздын душмандарынын территориясында өз топурагынан ажыратылып маңкуртташтырылса, XXI кылымдын "жүз жигити", Дастан Сарыгулов өйдөтө жазгандай "тегин, тарыхын, эне тилин, салтын, наркын, дөөлөтүн, улуу мурасын билбеген, унуткан, мекен тагдырына, улут келечегине кайдыгер" жаш көзкамандар эркинмин, өзүмө өзүм кожоюнмун деген бүгүнкү кыргыздардын өздөрүнүн үйүнөн чыгууда, же болбосо өздөрүнүн көз алдында, өздөрүнүн катышуусу менен, демек, кыргыздын өзүнүн колу менен жаратылып жатат. Суроо туулат. Деги бул кайсы логикага сыят. Кыргыз өз туягына өзү "шири" кийгизип отурат. Мобу мисалга да көңүл буралы. Маселен, 2006-жылы апрель айындагы кыргыз телеберүүсүнөн тартууланган бир көрсөтүүдө 5-6 кыргыз улутундагы өспүрүмгө "эгер кайра төрөлүп калсаң, ким болор элең?" деген суроо берилгендиги, берилген ушул суроолорго окуучулардын биринин артынан бири **француз болгум келет, орус болууну каалайм, немис болгум келет, англичан болгум келет** деп жооп беришкендиги коомчулуктун көз алдында турат. Бул балдар бир гана кыргыз болууну каалабайт. Мынакей, эгемендүүлүктүн шартындагы "жүз жигиттин" башталышы көз көрүнөө. Бир сөз менен айтканда, ушул кыргыз болууну каалабаган кичинекей "жүз жигит" ушул бойдон чоңоюп, миң жигитке, он

миңге, жүз миңге, миллионго өсүп чыкса (өсүп чыгышына бизди тегеректеп турган геосаясий күчтөр, массалык маданият, ар кандай диний миссионерлер, глобалдаштыруу саясаты катуу кызыктар экендигин эске алалы), анда бул кыргыз улутунун өз эрки менен, өз колу менен өзүн өзү жок кылуусу (самоубийство) болмок.

Т.Сыдыкбековдун " Көк асаба" тарыхый романында эзелки кыргыздардын салтында жаш баланы туулган жердин топурагы менен таткантуу, жалатуу, ал топурактан тумар жасап, мойнуна тагуу ырасмысы болгондугу жазылат. Мындай ырасмынын ушу бүгүнкү күнгө чейин элибиздин ичинде сакталып, колдонулуп келгендигин Бектур Исаковдун фактылар аркылуу далилдеп жазганы бар. Бул ырасмынын сыры жана өзгөчөлүгү анын педагогикалык терең маңызында жатат. Кыргыздар мына ушинтип, адам баласынын башаты, башталышы туулган жерде экендигин балага туйгузууну, билгизүүнү анын кенедей кезинен баштаган. Дагы бир жолу айталы, кичинекей кулунчакка, "туякка", тукумга биринчи иретте, башатты, тамырды таанытуу, эстутумду түптөө кыргыздардын таалим-тарбия системасында өзүнчө бир айныгыс мыйзам катары жашаган. Бекеринен "Манаста" **"айтып берчи кулунум, ата-бабаң айлыңды, ары түбү дайныңды"** деп айтылбайт. Кыргыздардын педагогикалык философиясында бала өз бир боор эл-жеринин кыртышынан тамырлап, чынар дарак сыяктуу бүчүрлөп өсүп чыгууга тийиш, башкача айтканда, өз улутунун топурагынан "программаланып" чыгышы керек. Ошондо гана ал өз элинин адамы, азаматы боло алат. Манастын тарбиячысы Акбалта да дал ушундай ишенимде жашаган даанышман. Акбалта карыя да айрыкча, **"ата-баба, айылын, ары түбү дайынын"** тааныбаган түпсүз жетесиздикке, жанагыдай азыркыча айтканда, маңкуртчулукка каршы иммунитет күчтүү өнүккөн. Бекеринен Акбалта атасы койгон кыргызча атын жоюп, калмак болуп, Көзкаман атка конуп, түбүн унуткан Үсөн жөнүндө жаш Манаска күйүп-бышып аңгеме куруп отурган жок. Акбалта, жана да Жакып, Чыйырды бала Манаска антиманкуртчулуктун духунда тарбия беришкен. Алар Манастын жанынын өз элинин жаны менен, руху өз калкынын руху менен, эстутуму өз журтунун тарыхы менен жуурулушу үчүн, ой-тилеги мекенинен ажырап, кор болгон кыргыз элинин үмүтү, мүдөө-максаттары менен бир болушу үчүн тикелеринен тик турушту. Мына ушундай таалим-тарбиянын натыйжасында Манас бекем тарыхый эстутумга ээ болду. Анын аң-

сезимине жана жан дүйнөсүнө байыркы түпкү атасы Каракандан тарта, андан берки доорлордогу, замандардагы, кечөөкү күндөрдөгү кыргыз элинин кайгы-кубанычтары, трагедиялары менен жеңиштери, салт-санаасы менен жоокердик баатырдык тарыхы, калк чыгаандарынын эрдиктери, ата-бабалардын ар-намысы, патриоттук нарк-дөөлөттөрү мөөр болуп басылып калды. Жаш Манас мына ошондой элдик тарбиянын аркасында өзүнүн ушул жарык дүйнөдө тили чыгып, адам болуп, өсүп-өнүп жашап жаткандыгы үчүн бир боор эл-жерине, ата-бабаларына милдеттүү экендигин, өз элинин тарыхы менен киндиги туташ экендигин, мындан ары карай ушул ак калпак кыргыздын татыктуу уландысы болуп жашоого тийиш экендигин андап туюнду. Мына ушундан улам Манас Алтайда акыры келип:

“Калкым кыргыз, сен үчүн,
Курман болуп кетейин.
Найзалашып топ бузам,
Тагдыр жетсе окко учам.
Арбагы бийик Ала-Тоо,
Барбай кантип коеюн.
Атамдан калган жеримди,
Албай кантип коеюн.
Ак асаба кызыл туу,
Аягын жерге сайбасам,
Асабасын жыйбасам,
Атым өчүп калбайбы,
Атамдан калган Ала-Тоо,
Алтайдан калбай албасам.
Алты сан аман турганда,
Ыйык кыргыз жеримди,
Душмандын буту баскыча,
Асыл кыргыз элимди,
Тебелетип бөтөнгө,
Кор кылып карап жаткыча,
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн.” – деген бүтүмгө келип отурат.

Акырында айтарыбыз, демек, элибиздин өткөн тарыхын ыр менен чагылдырган улуу эпосубузда бала Манастын мекенчилдиктин, патриотизмдин нугунда социалдашуусу кандайдыр бир мистикалык күчтүн жардамы менен ишке ашкан

нерсе эмес, тескерисинче, баатырдын атуул катары калыптанышы өз мезгилинин шартына, муктаждыгына ылайык социалдык-тарыхый жана педагогикалык жактан шартталган кубулуш, башкача айтканда, атайын максатка багытталган таалим-тарбиянын натыйжасы болуп чыкты. Өз элинин тарыхынын мисалында тарыхый эстутумга тарбияланган Манас өзүн башкаларга: **"Биздин элди сурасаң, баатырлар менен жүрөктөш, балбандар менен билектеш, эрендер менен маңдайлаш, чечендер менен таңдайлаш, бөрү жалдуу кабылан, бөтөнчө эл-журт олуя, беттеп адам барбаган"**, - деп сыймыктануу менен тааныштырат. Ушуга удаа жогорудагы кыргыз болгум келбейт, англичанин, немис, орус болгум келет деген бүгүнкү кыргыз жеткинчектеринин сөзүн эстейличи. Бул балдар кыргыз элинин эркиндиги, бактысы үчүн кылымдар бою күрөшүп келген Манас баштаган баатыр ата-бабаларынын, маселен, Бакайдын, Кошойдун, Чубактын, Сыргактын, Барсбектин, Жаңыл Мырзанын, Кубат бийдин, Жайыл баатырдын, Тайлак баатырдын, Курманжан датканын, Алымбек датканын, Абдыкерим Сыдыковдун, Жусуп Абдрахмановдун, көкүрөгүн дзотко тоскон Чолпонбай баатырдын, Исхак Раззаковдун жана башка Ата журтубуздун сандаган чыгаан уул-кыздарынын атуулдук-патриоттук каармандыгын билбесе, өз калкынын тарыхына чоочун болсо, ага кан-жаны, жан дүйнөсү жуурулушпаса, албетте, чет элдик модалардын кулу болот. Мындай маңкурт жаштарда өз эл-журтунун тарыхы менен сыймыктануу сезими болбойт. Алар өйдөтөгү Көзкаман сыяктуу чоочун өрнөктөргө сыйынган, камгак сыяктуу тоголонгон макулуктардын кейпин кийет.

"Манастын" педагогикасы – бул балада тарыхый эстутумду тарбиялоо аркылуу улутту сактоонун педагогикасы. Саны аз калктарды ассимиляциялап жутуп коюуга жөндөмдүү бүгүнкү глобалдашуунун агрессивдүү чабуулдарынын шарттарында "Манастын" бул улуу педагогикалык сабагын, же башкача айтканда, бабалардын бала тарбиялоо даанышмандыгын эске бекем түйүү жана пайдалануу жаш муундарыбызда улуттук иденттүүлүктү, этномаданий компетенттүүлүктү калыптандыруу үчүн аба менен суудай зарыл нерсе.